# Балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо боюнча ата-энелер жана педагогдор үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр

2020



# Балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо боюнча ата-энелер жана педагогдор үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр

2020-жыл

# Ыраазычылык билдирүү

Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр Эл аралык электрбайланыш уюму (ЭЭУ) жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) тармагында иштеген жана балдарды коргоо (онлайн чөйрөдө) проблемалары менен алектенген алдыңкы мекемелердин, анын ичинде төмөнкү уюмдардын:

ECPAT International, the Global Kids Online network, эл аралык майыптар уюму, эл аралык электр байланыш уюуму (ЭЭУ), Лондон экономика жана саясий илимдер мектеби, Internet matters, Parent Zone International жана Улуу Британиянын коопсуз интернет борбору /SWGfL - авторлорунун жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан.

Жумушчу топ Карл Хопвуддун (коопсуз интернет борборунун коопсуз тармагы (Insafe) ) төрагалыгында жана координациялык ролдогу Фанни Ротинонун (ЭЭУ) алдынды иштеген.

COFACE-Families Europe, Австралиянын электрондук коопсуздугунун Комиссариаты, Европа комиссиясы, Европалык кеңеш, , e-Worldwide Group Тобу (e-WWG), дайынсыз жоголгон жана эксплуатацияга кабылган балдар боюнча эл Аралык борбору (ICMEC), Жаштар жана социалдык тармактар/Гарвард университетинин коомчулук жана интернет маселелери боюнча Беркмана Клейн Борбору, ошондой эле айрым өлкөлөрдүн өкмөттөрү жана жеке секторлордун жалпы максатка бириккен кызыкдар тараптары – балдар жана жаштар үчүн интернет эң мыкты жана коопсуз чөйрө болуусу үчүн баа жеткис салым кошушту.

Бул Жетектөөчү көрсөтмөлөр авторлордун убактысы, энтузиазмы жана берилгендиги болбосо ишке ашмак эмес.

Төмөндө баалуу убактысын бөлгөндүгү жана ой-пикирлери менен бөлүшкөндүгү үчүн ЭЭУ ыраазычылык билдирген өнөктөштөр келтирилген (тизме уюмдардын аталышы боюнча алфавиттик тартипте берилет):

- Julia Fossi and Ella Serry (Australian eSafety Commissioner)
- Martin Schmalzried (COFACE-Families Europe)
- Livia Stoica (Council of Europe)
- John Carr (ECPAT International)
- Manuela Marta (European Commission)
- Salma Abbasi (e-WWG)
- Laurie Tasharski (ICMEC)
- Lucy Richardson (International Disability Alliance)
- Carolyn Bunting (Internet matters)
- Fanny Rotino (ITU)
- Sonia Livingstone (London School of Economics & Global Kids Online)
- Cliff Manning and Vicki Shotbolt (Parent Zone International)
- David Wright (UK Safer Internet Centres/SWGfL)
- Sandra Cortesi (Youth and Media)

ISBN

1) 978-92-61-30084-5 (кагаз версиясы)
2) 978-92-61-30414-0 (электрондук версиясы)
3) 978-92-61-30074-6 (EPUB версиясы)
4) 978-92-61-30424-9 (Mobi версиясы)

**Бул отчетту басып чыгаруудан мурун айлана-чөйрө тууралуу ойлонууну суранабыз**

Айрым укуктар корголгон. Бул жумуш кеңири колдонуу үчүн Creative Commons Attribution -Non-Commercial-Share Alike 3.0 IGO (CC BY-NC-SA 3.0 IGO) эл аралык уюмдун лицензиясын пайдалануунун негизинде лицензиядан өткөн.

Бул лицензиянын шарттары боюнча бул документти коммерциялык эмес максаттарда көчүрүүгө, кайра иштеп чыгууга жана өзгөртүүгө ушул жумушка тиешелүү шилтемелер болгон шартта гана жол берилет. Бул ишти кандай гана болбосун колдонууда, ЭЭУ кандайдыр бир конкреттүү уюмду, өнүмдөрдү же кызматтарды колдойт деп ойлобошубуз керек. ЭЭУ аталыштарын жана логотиптерин уруксатсыз пайдаланууга уруксат берилбейт. Жумушту адаптациялоодо жумушка лицензия катары ошол эле же ага барабар лицензияны колдонуу керек. Бул иштин котормосун түзүүдө сунушталган шилтеме менен катар төмөнкүдөй укуктук эскертүүнү кошуу керек: "Бул котормо эл аралык электр байланыш уюму (ЭЭУ) тарабынан аткарылган эмес. ЭЭУ ушул котормонун мазмуну же тактыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт. Англис тилиндеги түпнуска текст милдеттүү жана анык текст болушу керек". Кошумча маалыматты төмөнкү даректен тапса болот:

https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/3.0/igo/

# Кириш сөз

Онлайн режиминде балдарды коргоо боюнча жетектөөчү көрсөтмөлөрдүн биринчи топтомун МСЭ 2009-жылы иштеп чыккан. Ал кезде биздин максат ар кандай кызыкдар тараптарга – ата-энелерге жана тарбиячыларга, тармактык уюмдарга, саясатчылар жана балдарга-интернеттин эң жаш колдонуучуларына онлайн режиминде коопсуз, бакубат жана ишенимдүү болуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн эл аралык макулдашылган принциптерди берүү болчу.

Ошол мезгилден баштап интернет укмуштуудай өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бул балдар үчүн чексиз бай булак болуп калды, аларга билим берүүчү оюндарды, ар кандай оюн-зоок иш-чараларын, ошондой эле маалымат алмашуунун, билим алуунун жана достор, үй-бүлө жана тышкы дүйнө менен максаттуу өз ара аракеттенүүнүн көптөгөн жолдорун сунуштайт. Бирок, ошол эле учурда, ал алар үчүн көзөмөлсүз машыгуу үчүн алда канча кооптуу жайга айланды.

Бүгүнкү күндө балдар жана алардын камкорчулары купуялуулукту коргоо, жалган жаңылыктарды жана "терең фейктерди" жайылтуу, зордук-зомбулук жана башка туура эмес мазмундагы элементтери бар контентке, интернет алдамчылыктарына, ошондой эле груминг, сексуалдык зомбулук жана онлайн чөйрөдөгү сексуалдык эксплуатациялоо түрүндөгү коркунучтарга чейин көптөгөн коркунучтарга жана кыйынчылыктарга туш болушат.

Мындан тышкары, глобалдык COVID-19 пандемиясы билимин улантуу жана социалдык өз ара аракеттенүүнү колдоо үчүн биринчи жолу интернетти колдоно баштаган балдардын көбөйүшүнө алып келди. Вируска байланыштуу чектөөлөр көптөгөн жаш балдар Интернетте ата-энелери пландаштыргандан алда канча эрте мамиле түзө баштаганын гана билдирбестен, милдеттенмелерин кайра карап чыгуу зарылдыгын эске алганда, көптөгөн ата-энелер балдарын өтө тыгыз көзөмөлдөй албай, алардын орунсуз мазмундагы контентке, же кылмышкерлердин бутасына, балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдарга кабылуу коркунучунун көбөйгөндүгүн дагы билдирет.

Мындай иштерди эске алуу менен, ЭЭУ мүчө – мамлекеттери биз буга чейин мезгил-мезгили менен жүргүзүп келген Жетектөөчү көрсөтмөлөрдү өз убагында жаңыртып туруудан да көптү талап кылышкан. Биз балдардын азыркы муунун курчап турган санариптик чөйрөдөгү фундаменталдуу өзгөрүүлөрдү чагылдыруу үчүн башынан аягына чейин кайра каралып, реформаланган жана кайра курулган жаңы көрсөтмөлөрдү даярдадык.

Сизге тиешелүү, бул Жетектөөчү көрсөтмөлөрдүн колдонуучулары катары, биздин максатыбыз проблемалардын масштабы жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу жана жаштарды онлайн дүйнөсү менен өз ара аракеттенүүдө натыйжалуу колдоого жардам бере турган маалымат булагын берүү болчу. Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр потенциалдуу кооптонууларга жана коркунучтарга көңүлүңүздү буруп, үйдө жана мектепте дени сак, күч берүүчү чөйрөнү түзүүгө жардам берет. Мында балдар менен ачык баарлашуунун жана туруктуу диалогдун маанилүүлүгүнө көңүл бурулат, анда жаш интернет колдонуучулар үчүн аларды тынчсыздандырган маселелерди көтөрүү укугун түшүнүшөт.

Санариптик технологиялар жана платформалар жаатындагы жаңы өнүгүүлөрдү киргизүүдөн тышкары, бул жаңы басылмада олуттуу боштуктар жоюлуп, майып балдардын абалына көңүл бурулуп, алар үчүн онлайн чөйрө социалдык жашоого толук кандуу катышууну камсыз кылуу үчүн өзгөчө маанилүү мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бул документте мигрант балдардын жана башка аялуу топтордун өзгөчө муктаждыктары да эске алынган.

Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр жалпы дүйнөлүк деңгээлде биргелешип иштөөнүн натыйжасы жана алардын авторлору эл аралык коомчулуктун адистери болушуп, ЭЭУнун глобалдык уюштуруучу катары чыныгы максатына туура келгендиги менен сыймыктанам.

Мен ошондой эле COP дун жаңы талисманы – ЭЭУ нун жаштар программасынын алкагында балдар тобу тарабынан түзүлгөн досчул, тынчы жок жана кайраттуу каарманы - Санго менен тааныштырганыма кубанычтамын.

Барган сайын көбүрөөк жаштар онлайн технологиясына тартылып жаткан доордо, COP дун жетектөөчү көрсөтмөлөрү өзгөчө мааниге ээ болууда. Ата – энелер жана тарбиячылар, тармактык уюмдар, саясатчылар жана балдар онлайн режиминде өздөрүнүн коопсуздугун камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт. Балдардын Интернет сунуш кылган көптөгөн укмуштуу мүмкүнчүлүктөрүн ачып, аларды кызыктуу сапарда көргөндө, сиз аларды пайдалуу деп табасыз деп ишенем.



Дорин Богдан-Мартин
Электробайланыш Өнүктүрүү Бюросунун директору

# МАЗМУНУ

Ыраазычылык билдирүү ........ iii

Кириш сөз ........ v

Кыскача маалымат ........ 1

1 Киришүү ........ 3

2 Балдарды онлайн чөйрөдө коргоо деген эмне? ........ 6

3 Санариптик дүйнөдөгү балдар жана жаштар ........ 7

4 Аялуу кырдаалдагы балдар ........ 21

5 Жаңы жана пайда болуучу кооптонуулар жана кыйынчылыктар ........ 24

6 Кооптуу жана зыяндуу булактарды түшүнүү ........ 31

7 Ата-энелердин жана камкорчулардын ролу ........ 37

8 Ата-энелер жана камкорчулар үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр ........ 40

9 Мугалимдердин ролу ........ 47

10 Педагогдор үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр ........ 53

11 Корутунду ........ 56

12 Сөздүк ........ 56

## Кыскача маалымат

Эл аралык электрбайланыш уюмунун (ЭЭУнун) маалыматы боюнча, 2019-жылы интернетти болжол менен 4,1 миллиард адам колдонгон, бул 2018-жылга салыштырмалуу 5,3% га көп. Балдар жана жаштар интернетти ар кандай максаттарда колдонушат: мектептеги практикалык иш-чаралардын алкагында маалымат алуудан баштап, достору менен баарлашууга чейин. Алар татаал программаларды жана тиркемелерди өздөштүрүп, интернетке уюлдук телефондорду, планшеттерди жана башка көчмө түзүлүштөрдү, мисалы, сааттарды iPod Touch, электрондук китептерди жана оюн консолдорун колдонуп кошулушат[1] .

Интернет ошондой эле балдардын жана жаштардын ар кандай аялуу топторунун жашоосунда маанилүү курал катары иштейт. Ошентип, мисалы, ал мигрант балдарга үй-бүлөсү жана достору менен байланышта болууга жардам берет жана жаңы үйүнүн маданий жашоосуна терезе ачат. Бул майып балдарга жана жаштарга алар жете албаган ар кандай иш – чаралар менен байланышууга жана катышууга, аларга онлайн режиминде теңтуштары менен бирдей шартта болууга, аларга физикалык жактан кем мүмкүнчүлүктөрүн эмес, башка мүмкүнчүлүктөрү менен айырмаланууга шарт түзөт.

Башка жагынан алганда, Интернетке кирүү жана ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү берүү менен бирге, жаштардын жана балдардын кооптуу зыяндарга көбүрөөк дуушар болооруна алып келет. Мисалы, мигрант балдар жана жаштар үчүн маалыматтын купуялуулугун онлайн режиминде бузуунун кесепеттери кескин болушу мүмкүн: башка адамдар аркылуу алынган маалыматтар этникалык таандыктыгына, иммиграциялык статусуна же башка таандыктыгына байланыштуу адамдарды аныктоо жана кандайдыр бир башка максат менен таасир этүү үчүн колдонулушу мүмкүн[2]; аутизм спектринин бузулушу бар балдарды жана жаштарды (ASD) социалдык чакырыктар, башкалардын ниетин түшүнүү кыйынчылыгы сыяктуу, жаман ниет менен жүргөн «достор» деп аталгандардын алдында аялуу абалда калтырышы мүмкүн; майып балдар жана жаштар социалдык обочолонууга, рэкетчиликке жана манипуляцияга көбүрөөк кабылышат.

Көпчүлүк ата-энелер жана тарбиячылар балдардын үйдө же мектепте компьютерди пайдалануусу башка жерлерге караганда коопсузураак деп эсептешет. Бул коркунучтуу жаңылыштык, анткени интернет балдарды жана жаштарды дүйнөнүн дээрлик бардык жерлерине жеткире алат жана ошол учурда алар реалдуу дүйнөдө болгондой эле потенциалдуу кооптуу коркунучтарга дуушар болушу мүмкүн. Ошол эле учурда, балдар жана жаштар смартфондордун, планшеттердин же башка көчмө түзүлүштөрдүн жардамы менен интернетке кирүүдө зыян келтирүү коркунучу өтө эле аз сезилет. Себеби, мындай көчмө түзүлүштөр аларга каалаган жерден интернетке тез кирүүгө мүмкүнчүлүк берет жана ата-энелери же камкорчулары тарабынан көзөмөлдөнбөйт.

---

[1] ITU, (2019), Measuring digital development. Facts and figures 2019, https://www.itu.int/en/ITU-D/Statistics/Documents/facts/FactsFigures2019.pdf.

[2] UNICEF (2017), The State of the World's Children 2017: Children in a Digital World, https://www.unicef.org/uzbekistan/media/711/file/SOWC:%20Children%20in%20a%20Digital%20World.pdf

Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо демилгесинин алкагында (COP) ЭЭУнун Глобалдык Киберкоопсуздук программасынын[3] бир бөлүгү катары учурдагы жаштар үчүн гана эмес, келечек муундар үчүн да коопсуз жана корголгон кибердүйнө үчүн негиз болуп кызмат кылуу үчүн даярдалган. Алар ошондой эле аялуу катмардагы балдарга, атап айтканда, мигрант балдарга, ASD менен ооруган балдарга жана майып балдарга багытталган.

Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр учурдагы улуттук же жергиликтүү каада-салттарга жана мыйзамдарга ылайыкташтырылып, 18 жашка чейинки бардык балдарга жана жаштарга таасир этиши мүмкүн болгон проблемаларды чечүүгө жардам берүүчү программа катары колдонулушу мүмкүн. БУУнун баланын укуктары боюнча конвенциясы баланы 18 жашка чыга элек адам катары аныктайт. Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр дүйнөнүн бардык бурчтарында 18 жашка чыга элек адамдардын алдында турган проблемаларга тиешелүү. Бирок, жети жаштагы интернет колдонуучусунун, 12 жаштагы орто мектеп окуучусунун, же 17 жаштагы бойго жеткен өспүрүмдүн муктаждыктары жана кызыкчылыктары бирдей болушу күмөндүү. Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр ар кандай шарттарга тиешелүү кеңештерди же сунуштарды берүү үчүн иштелип чыккан, анткени өзгөчө муктаждыктар жекече кароону талап кылат жана ар кандай жергиликтүү, укуктук жана маданий факторлор бул көрсөтмөлөрдү тигил же бул өлкөдө колдонууга же чечмелөөгө олуттуу таасирин тийгизет.

[3] ЭЭУ (2020 г.), Киберкоопсуздуктун Глобалдык программасы (КГП), https://www.itu.int/en/action/cybersecurity/Pages/gca.aspx.

# 1 Киришүү

2018-жылы дүйнө калкынын жарымынан көбү интернетти колдонгонун эске алсак, дүйнө жүзү боюнча ар бир үчүнчү интернет колдонуучу 18 жашка чейинки 4 колдонуучу экени өтө чоң көрсөткүч. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө интернеттин негизги колдонуучулары интернет менен өсүп, мобилдик байланышка биринчилерден болуп кошулгандар - балдар[5].

Дүйнө жүзү барган сайын көбүрөөк балдардын Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жаткандыктан, алардын укуктарын ишке ашыруу тармакта болуп жаткан окуяларга жараша түзүлөт. Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү балдардын укуктарын ишке ашыруу үчүн абдан маанилүү.

Азыр ар бир үчүнчү бала интернеттин колдонуучусу болгондо, дүйнөдө дагы эле 346 миллион балага тармакка кирүү байланышы мүмкүн эмес[6]. Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн биринчилерден болуп пайдаланып жаткандай көрүнгөндөр көбүнчө эң аз байланышта болушат. Биз Африка регионунда балдардын болжол менен 60 пайызы интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнөн алыс экенин көрөсөк, ушул эле мүмкүнчүлүк Европада 4 пайызды түзөт[7].

Интернетке кирүүгө байланыштуу жынысына жараша да олуттуу айырмачылыктар бар. Изилдөөлөр [8] көрсөткөндөй, Түндүк жана Түштүк Америкалардан тышкары башка бардык аймактарда эркек интернет колдонуучулар аялдардан басымдуулук кылат. Көптөгөн өлкөлөрдө кыздардын балдардыкындай мүмкүнчүлүктөрү жок, ал тургай, алар Интернетти колдонууда көп учурда көзөмөлдөнүп, көптөгөн чектөөлөргө дуушар болушат.

Санариптик айрымдуулук Интернеттин жеткиликтүүлүк маселеси менен эле чектелбейт. Компьютер эмес, уюлдук телефондорду колдонгон балдар сапаты жагынан экинчи орундагы эле онлайн тажрыйбага ээ болушуп, ал эми санариптик жөндөмү жок же этникалык азчылыктардын тилдеринде сүйлөгөндөр көбүнчө интернеттен тиешелүү мазмундагы контентти ала алышпайт. Айыл жеринен келген балдардын сыр сөздөрү же акчалары уурдалып кетиши ыктымал. Мындан тышкары, алардын санариптик жөндөмдөрү начар болгондуктан, интернетте көбүрөөк убакыт өткөрүшүп (айрыкча оюндарды ойноо менен), ата-энелердин ортомчулуктарын жана көзөмөлдөөлөрүн азыраак сезишет[9].

Балдар да, чоңдор сыяктуу эле, санариптик айрымдуулук алар үчүн дайыма тынчсызданууну туудургандыктан максаттуу инвестицияларды жана чыгармачылык чечимдерди талап кылаарын айтышат. Мындай шарттарда тармактагы балдардын саны тынымсыз көбөйүүдө, бирок

---

[4] Livingstone, S., Carr, J., and Byrne, J. (2015) One in three: The task for global internet governance in addressing children's rights. Global Commission on Internet Governance: Paper Series. London: CIGI and Chatham House, https://www.cigionline.org/publications/one-three-internet-governance-and-childrens-rights.

[5] ЭБУ (2020 г.), "Маалыматтык коомду өлчөө" отчёту https://www.itu.int/dms_pub/itu-d/opb/ind/D-IND-ICTOI-2018-SUM-PDF-R.pdf.

[6] UNICEF (2017), The State of the World's Children 2017: Children in a Digital World, https://www.unicef.org/uzbekistan/media/711/file/SOWC:%20Children%20in%20a%20Digital%20World.pdf.

[7] ЮНИСЕФ.

[8] Araba Sey and Nancy Hafkin (2019), REPORT OF EQUALS RESEARCH GROUP, LED BY THE UNITED NATIONS UNIVERSITY (United Nations University and EQUALS Global Partnership), https://i.unu.edu/media/cs.unu.edu/attachment/4040/EQUALS-Research-Report-2019.pdf.

[9] UNICEF (2019). Growing up in a connected world. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20Summary%20Report.pdf.

алардын көбү ата-энелерден, тарбиячылардан жана башка абройлуу улуулардын тийиштүү көрсөтмөлөрду алышпайт. Натыйжада балдар кооптуу коркунучта кала беришет.

Интернет олуттуу пайдаларды жана мүмкүнчүлүктөрдү көрсөткөн технология болуп калды. Интернеттин жана аны менен байланышкан санариптик технологиялардын артыкчылыктары өзгөчө балдар жана жаштар үчүн белгилүү болуп турат. Бул технологиялар биздин бири-бирибиз менен баарлашуу ыкмабызды өзгөртүп, ойноонун, музыка угуунун жана түрдүү маданий иш-чараларга катышуунун көптөгөн жаңы жолдорун ачып, көптөгөн тоскоолдуктарды жок кылууда. Онлайн чөйрөсүндө болуу менен, балдар маалымат чогултуу жана тармактык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу аркылуу өз көз караштарын кеңейте алышат. МКТлардын жеткиликтүүлүгү аларга тармактан тышкары катышуунун башка формаларын толуктай турган көндүмдөргө ээ болууларына мүмкүнчүлүк түзөт. Интернет саламаттыкты сактоо жана билим берүү кызматтарына жетүү каражаты катары кызмат кылуу менен, ошондой эле жаштар үчүн маанилүү, бирок алар таандык болгон коомдо тыюу салынган маалыматтарга жетүүнү камсыз кыла алат. Балдар жана жаштар көбүнчө Интернет берген жаңы мүмкүнчүлүктөрдү кабыл алууда жана колдонууда алдыңкы катарда турушат.

Албетте, интернеттин пайда болушу менен балдардын жана жаштардын коопсуздугу үчүн көптөгөн көйгөйлөр бар экенин танууга болбойт, анткени алар өз алдынча маанилүү болгондуктан, ошондой эле аларды жеткирүү маанилүү. Интернет ишенүүгө боло турган каражат экенине шектенүү ар бир адам үчүн. Анын сыңарындай, балдарды жана жаштарды интернетте коргоо боюнча тынчсыздануу сөз эркиндигинин, өзүн-өзү көрсөтүү эркиндигинин жана чогулуш эркиндигинин бузулушу боюнча айыптоолорду актоо үчүн шылтоо болуп калбашы керек.

Кийинки муундун өз кезегинде Интернетти ишенимдүү колдонуу менен анын өнүгүшүнөн пайда көрүүсү өтө маанилүү. Ошентип, интернетте балдардын жана жаштардын коопсуздугун талкуулоодо, орто абалды тандоо абдан маанилүү.

Балдарды жана жаштарды онлайн режиминде коркунучтарды таанып билүүгө үйрөтүү менен келтирилген зыяндын алдын алуу же оңдоо үчүн, балдарды ашыкча коркутуп-үркүтпөстөн жана коркунучтарды өтө апыртпастан, аларды ачык талкуулоо абдан маанилүү.

Технологиянын жалаң, же негизинен терс жактарын эске алган мамилени балдар жана жаштар олуттуу кабыл алышы күмөндүү. Жаш балдар технология жана анын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө улуу муундарга караганда көбүрөөк билгендиктен, ата-энелер жана мугалимдер көп учурда өздөрү ыңгайсыз абалда калышы мүмкүн. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, балдардын көбү киберкуугунтуктоо зыян алып келүү ниетинде экенин моюнга алышып, аны интернеттеги жөнөкөй тамашадан айырмалай алышат. Дүйнөнүн көптөгөн бөлүктөрүндө балдар интернетте кандай коркунучтарга кабылаарын чындап түшүнүшөт[10].

Бирок, балдарды онлайн тобокелдиктерди башкаруу көндүмдөрүнө үйрөтүү аракеттери натыйжалуу деп тыянак чыгарууга болот, бирок дүйнө жүзү боюнча көптөгөн балдар арасында маалымдуулукту жогорулатуу үчүн дагы эле мүмкүнчүлүктөр бар, айрыкча аялуу топтордун арасында, бул топтогу балдар үчүн биргелешкен күч-аракеттер менен, атап айтканда, киберкуугунтуктоо жана онлайн кооптуулугунун башка түрлөрү тууралуу кызматтардын маалымдуулугун жогорулатуунун зарылдыгы.

[10] 2016-жылдан тартып ЭБУ КИБ алкагында балдар жана чоңдор менен кибертравля, санариптик сабаттуулук жана балдардын онлайн режиминдеги ишмердүүлүгү сыяктуу тиешелүү маселелер боюнча үзгүлтүксүз консультацияларды өткөрүп келет.

Алдыда дагы көптөгөн көйгөйлөр бар. Кыйынчылыктарды дүйнө туташкан тармакка кирүү гана туудурбайт. Технологиянын тез өзгөрүшү балдардын интернетте коопсуздугун сактоодо кыйынчылыктарды жаратат. Көптөгөн балдар санариптик медианын татаал пейзажын изилдешет. Жасалма интеллект жана машиналык үйрөтүү, виртуалдык жана кеңейтилген реалдуулук, чоң маалыматтар, бетти таануу, робототехника жана интернет буюмдары чөйрөлөрүндөгү жетишкендиктер айлана-чөйрөдө иштөө ыкмабызды андан ары өзгөртүүгө багытталган.

Бардык кызыккан тараптар өз иш-аракеттерин пландоо менен, мындай өзгөрүүлөрдүн балдар үчүн кесепеттери жөнүндө ой жүгүртүп, санариптик келечекте соо калуу үчүн гана эмес, алдыга өнүгүү үчүн зарыл санариптик сабаттуулукту түзүүдө аларга колдоо көрсөтүүнүн жолдорун табышы маанилүү. Балдардын критикалык ой жүгүртүүсүн жана баалоо чеберчиликтерин өнүктүрүү үчүн ата-энелер менен педагогдордун санариптик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана сабаттуулугун жогорулатууга көбүрөөк инвестиция талап кылынат, бул аларга ар кандай сапаттагы маалыматтын тез агымын анализдөө менен, заманбап санариптик жарандар болуусуна түрткү берет[11].

ЭЭУ тарабынан өкөрүлгөн консультациялар кээ бир өлкөлөр санариптик сабаттуулук жана балдардын онлайн коопсуздугу үчүн жетиштүү ресурстарды бөлүүгө умтулуп жатканын көрсөттү. Муну менен бирдикте, балдар ата-энелер, мугалимдер, технологиялык компаниялар жана өкмөт органдары алардын онлайн коопсуздугун колдоо үчүн чечимдерди иштеп чыгууда маанилүү экенин айтышат. Мүчө мамлекеттердин арасында жүргүзүлгөн ЭЭУ сурамжылоосу бул өлкөлөрдүн активдүү билим алмашуу идеясын кеңири колдошоорун жана балдардын өсүп бараткан санын интернетте коопсуз сактоо үчүн биргелешкен аракеттер көрүлүп жатканын көрсөтүп турат.

Балдардын интернеттеги иш-аракеттерине байланыштуу мүмкүнчүлүктөрдү жана кооптонууларды тең салмактоо көйгөй бойдон калууда. ЭЭУ мүчө-мамлекеттери балдар үчүн онлайн мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууну илгерилетүү аракеттери, ошондой эле балдардын санариптик дүйнөдөгү коопсуздуктарынын тең салмактуу болушу эң башкы маселе экендигин белгилешти[12].

[11] Council of Europe (2016), Digital Citizenship Education, https://www.coe.int/en/web/digital-citizenship-education/home.

[12] ITU News (2018), Celebrating 10 Years of Child Online Protection, https://news.itu.int/celebrating-10-years-child-online-protection/.

## 2 Балдарды онлайн чөйрөдө коргоо деген эмне?

Онлайн технологиялар балдарга жана жаштарга байланышууга, жаңы көндүмдөрдү үйрөнүүгө, чыгармачыл болууга жана жакшы коомду курууга катышууга көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бирок, алар ошондой эле жаңы коопотонууларды алып келүү менен, мисалы, алардын купуя сырларын ачыктоого, куугунтуктоого, киберкуугунтуктоого, алардын жеке маалыматтарын кыянаттык менен пайдаланууга, груминг жана ал тургай балдарга сексуалдык зомбулук көрсөтүү сыяктуу коркунучтарга дуушар кылуусу мүмкүн.

Бул нускамалар санариптик сабаттуулукка ээ болуу процессинде балдар жана жаштар туш болушу мүмкүн болгон бардык потенциалдуу коркунучтарга жана зыяндарга жооп берүү үчүн комплекстүү мамилени аныктайт. Мында бардык кызыгуучу тараптар киберкоопсуздук стратегиясын ишке ашырууда, балдардын бакубаттуулугун жана корголушун камсыз кылууда, ошол эле учурда интернет сунуш кылган мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууда роль ойной тургандыгы белгиленет.

Балдарды коргоо - жалпы жоопкерчилик жана бардык тиешелүү тараптар туруктуу келечекти камсыз кылуусу зарыл. Буга жетүү үчүн саясатты иштеп чыгуучулар, жеке сектор, ата-энелер, камкорчулар, тарбиячылар жана башка кызыгуучу тараптар балдардын онлайн жана реалдуу жашоодо өз потенциалына жетүүсүн камсыз кылышы керек.

Ата-энелер, камкорчулар жана тарбиячылар балдардын жана жаштардын интернет сайттарын коопсуз жана жоопкерчиликтүү пайдалануусун камсыздоого милдеттүү.

Мобилдик Интернетти пайдалануу акыркы жылдары кыйла өсүүдө жана балдарды жана жаштарды онлайн режиминде коргоо үчүн эч кандай бир туура чечим жок. Бул коомдун бардык секторлорун, анын ичинде балдардын жана жаштардын өздөрүн да камтыган глобалдуу чечимди талап кылган глобалдык проблема.

МКТнын тез өнүгүшүнө жооп катары, ЭЭУ 2008-жылдын ноябрында бул өсүп жаткан көйгөйлөрдү чечүү үчүн көп тараптуу эл аралык демилге болгон балдарды онлайн коргоо (COP) [13] демилгесин баштаган. Бул демилге дүйнө жүзү боюнча балдар жана жаштар үчүн онлайн байланышы үчүн коопсуз, жагымдуу чөйрөнү камсыз кылуу үчүн дүйнөлүк коомчулуктун бардык секторлорунан өнөктөштөрдү бириктирүүнү улантууда. Ал дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарындагы бардык кызыгуучу тараптарга, анын ичинде балдарга жана жаштарга онлайн режиминде өздөрүнүн жана башкалардын коопсуздугун кантип сактоо боюнча көрсөтмөлөрдү берет. Бул колдонмолор улуттук же жергиликтүү каада-салттарга жана мыйзамдарга ылайык ыңгайлаштырылып колдонула турган программа катары иштейт.

Бул отчет COP демилгесинин бир бөлүгү катары көп тараптуу эксперттик жумушчу топ тарабынан даярдалган жана ата-энелерге, камкорчуларга жана тарбиячыларга балдарды онлайн режиминде коргоо үчүн маалымат, кеңеш жана коопсуздук боюнча кеңештерди берүүгө багытталган.

2009-жылы чыгарылган жана 2016-жылы жаңыланган ЭЭУ COP боюнча биринчи колдонмолоруна таянып, бул отчетто камтылган жетекчилик көрсөтмөлөрдүн авторлору - ЭЭУ Эксперттик Жумушчу тобу. Мүчө мамлекеттердин өтүнүчү боюнча ЭЭУ 2019-жылы нускамалардын экинчи версиясын иштеп чыгуу процессин баштады.

Бул жаңы көрсөтмөлөр интернетте кездешүүчү кооптонууларды жана зыяндарды талдоо аркылуу, майып балдардын өзгөчө абалын, ошондой эле мобилдик интернет, тиркемелер,

---

[13] ITU (2020), Child Online Protection, https://www.itu.int/en/cop/Pages/default.aspx.

интернет буюмдары, интернет оюндары, онлайн оюндар, робототехника, машиналык үйрөтүү жана жасалма интеллект сыяктуу жаңы технологиялардын өнүгүүсү менен байланышкан кыйынчылыктарды эске алат.

## 3 Санариптик дүйнөдөгү балдар жана жаштар[14]

Белгилүү баалоолорго таянып, дүйнө жүзүндө ар бир үчүнчү бала интернет колдонуучу, анын ичинен ар бир үчүнчү интернет колдонуучу 18 жашка чыга элек деп эсептелинет[15]. 2017-жылы дүйнө калкынын жарымы интернетти колдонсо, бул топто 15 жаштан 24 жашка чейинки адамдардын тобу болжол менен үчтөн экиге чейин өскөн.

“Биз интернет менен чоңойгонбуз. Айтайын дегеним, интернет биз менен дайыма катар жүрөт. Чоңдор “Мына, интернет пайда болду” деген сыяктуу сөздөрдү айтышат, ал эми биз үчүн бул нормалдуу көрүнүш”, - дейт сербиялык 15 жаштагы бала.

Балдар жана жаштар арасында уюлдук телефон интернетке кирүүнүн эң популярдуу каражаты болуп саналат. Бул акыркы он жылдыкта болуп өткөн маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири болуп саналат. Европада жана Түндүк Америкада интернет колдонуучулардын биринчи мууну персоналдык компьютерлерди колдонуу менен кирсе, бирок өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көбүндө интернет колдонуучулар мобилдик телефондорду колдонушат.

Балдар жана жаштар уюлдук телефондорду колдонууну жактырышат, анткени бардык жерде өздөрү менен кошо телефондорду алып жүрүшөт, алар аппаратты башка үй-бүлө мүчөлөрү менен бөлүшүүгө милдеттүү эмес, телефон бир эле учурда бир нече функцияларды аткарууга мүмкүнчүлүк түзөт, мисалы, тексттик билдирүүлөрдү жөнөтүү, сүйлөшүү, менюларды тандоо, сүрөттөрдү бөлүшүү жана ресурстарга кирүү сыяктуу жана ал ар дайым байланышта.

“Телефон менен кандайдыр бир деңгээлде жеңил. Биз аны бардык жерде алып жүрөбүз, аны менен иштөө оңой. Бул жагынан алганда, мен клавиатурада эмес, манжаларым менен иштегенди жакшы көрөм” – дейт 12 жаштагы кыз Сербиядан.

Сурамжылоолор көрсөткөндөй, интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүн балдар менен жаштардын арасында кыздар менен балдардын интернетке кирүү үчүн уюлдук телефондорду колдонушаары бирдей. Салыштыруу үчүн, персоналдык компьютерлерди эркек балдар көбүрөөк колдонушат.

---

[14] Бул бөлүмдүн материалы негизинен төмөнкү булактардан алынган: UNICEF (2019). Growing up in a connected world. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20Summary%20Report.pdf. Комплекстүү изилдөө, иштин бир бөлүгү катары, 2016-2018-жылдар аралыгында чогултулган 4 региондогу 11 өлкөнүн балдарынын, сөздөрүн камтыйт (9 жаштан 17 жашка чейинки 14 733 балдар). Бул отчетто МКТнын балдарга тийгизген оң таасирине басым жасалып, ошол эле учурда МКТны колдонуу балдардын жашоосунда качан көйгөйгө айланат деген суроо туулат. 4-бөлүмдөгү бардык сүрөттөр ушул отчеттон алынган. Сандык жана сапаттык методикага негизделген бул тыянактар менен төмөнкү материалдардан таанышууга болот: Livingstone, S., Kardefelt Winther, D., and Saeed, M. (2019). Global Kids Online Comparative Report, Innocenti Research Report. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence. Online under: https://www.unicef-irc.org/publications/1059-global-kids-online-comparative-report.html. Эл аралык илимий-изилдөө Global Kids Online долбоору боюнча кошумча маалыматты төмөнкү даректен тапса болот: http://globalkidsonline.net.

[15] Livingstone, S., Carr, J., and Byrne, J. (2015) One in three: The task for global internet governance in addressing children’s rights. Global Commission on Internet Governance: Paper Series. London: CIGI and Chatham House, https://www.cigionline.org/publications/one-three-internet-governance-and-childrens-rights.

Практикада көпчүлүк балдар жана жаштар интернетке кирүү үчүн бир нече түзүлүштөрдү колдонушат, сурамжылоого алынган ар бир өлкөдө балдар кыздарга караганда көп түзүлүштөрдү колдонушат.

Балдар жана жаштар тармакта иштөө үчүн жума ичинде орточо эсеп менен күнүнө эки саат, ал эми ар бир дем алыш күндөрү болжол менен эки эсе көп убакыт сарпташат. Алардын айрымдары өздөрүн дайыма байланышта сезишет. Бирок, башкалардын көбү үйүндө Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, же интернетке кирүү мүмкүнчүлүктөрү чектелген. Ушул эле учурда статистикалык маалыматтар дагы ар кандай, балдардын интернетте канча убакыт өткөрөрү тууралуу пикирлер да арбын. DQ институту жүргүзгөн акыркы изилдөөлөрдө Австралиядагы балдар жана жаштар жумасына 38 саатка чейинки убакыттарын интернетте иштөөгө сарп кылаары көрсөтүлгөн[16].

“Үйдө компьютер жок болгондуктан кафеге баратам... Мектепте интернет жок” - 15-17 жаштагы бала, ЮАР.

“[Мен интернетке кошулгам] эртеден кечке, бирок мен аны эртеден кечке колдоном деп айта албайм” - 13-14 жаштагы бала, Аргентина.

Global Kids Online (GKO) компаниясынын кыздар менен балдардын интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнүн жалпы саны болжол менен бирдей деген корутундусуна карабастан, кээ бир өлкөлөрдө балдар кыздарга караганда интернетти колдонууда эркиндикке ээ, ал эми кыздар көбүрөөк көзөмөлгө алынып, Интернетти колдонуу мүмкүнчүлүгү чектелиши мүмкүн.

## Көңүл ачуу дүйнөсү

Балдар жана жаштар көп учурда позитивдүү таасирлерди жана көңүл ачуунун ар кандай формаларын издеп интернетке чыгышат. Сурамжылоого катышкан 11 өлкөнүн балдары жана кыздары үчүн эң популярдуу иш - бул видео клиптерди көрүү. Интернетти колдонгон балдардын жана жаштардын төрттөн үчтөн көбүрөөгү жалгыз же үй-бүлө мүчөлөрү менен жок дегенде жумасына бир жолу интернеттен видеолорду көрүшөрүн айтышат.

“Апам ноутбук сатып алгандан кийин, биз чогуу көбүрөөк убакыт өткөрө баштадык; ар бир дем алыш күндөрү биз кандайдыр бир тасманы тандап, таенем менен көрчүбүз” - 15 жаштагы кыз Уругвайдан.

Балдар жана жаштар да онлайн оюндарды жакшы көрүшөт, ошону менен өздөрүнүн ойноо укугун, кээде жаңы нерселерди үйрөнүү укугун колдонушат. Сурамжылоого катышкан бардык өлкөлөрдө эркек балдар онлайн оюндарды көбүрөөк ойношот. Бирок, Интернетти колдонгон көптөгөн кыздар да онлайн оюндарды ойношот; мисалы, онлайн оюндарды ойногон кыздардын көбү: Болгарияда (60%) жана Черногорияда (80%). Видеолорду көрүү сыяктуу эле, балдар жана жаштар интернетке кошулуу мүмкүнчүлүктөрү болгондо онлайн оюндарды ойношот.

“Мен онлайн оюндарды ойнойм жана алардан акча табам” - 17 жаштагы бала, Филиппин.


Улуу адамдар балдар жана жаштар экрандын алдында өтө көп убакыт өткөрүшүүлөрүнө же интернеттеги оюн-зоокто убактысын текке кетирип жатканына тынчсызданышат. Global Kids Online компаниясынын айтымында, бардык жерде кеңири жайылган иш-чаралар балдарга жана жаштарга жакшы стартап мүмкүнчүлүктөрүн камсыздай алат, аларга тиешелүү

[16] DQ Institute (2020), Child Safety Index, https://www.dqinstitute.org/child-online-safety-index/.

кызыкчылыктарды жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, алар өздөрүнүн онлайн окуу тажрыйбаларын, маалыматтык тажрыйбаларын жана социалдык турмуштук тажрыйбаларын андан ары өркүндөтүүгө жардам берет.


**1-сүрөт: жумасына жок дегенде бир жолу онлайн оюндарды ойногон балдарды (%) жынысы жана жашы боюнча бөлүштүрүү[17]**

а) Жумасына жок дегенде бир жолу онлайн оюндарды ойногон балдарды (%) жынысы боюнча бөлүштүрүү




Суроо C4z-aa: Акыркы айда сиз жалгыз же башка адамдар менен онлайн оюндарды канча жолу ойнодуңуз? База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

б) Жумасына жок дегенде бир жолу онлайн оюндарды ойногон балдарды (%) жаш топтору боюнча бөлүштүрүү




Суроо C4z-aa: Акыркы айда сиз жалгыз же башка адамдар менен онлайн оюндарды канча жолу ойнодуңуз? База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

Эскертүү: 1-сүрөттө балдардын Интернетти колдонуусу боюнча сурамжылоо суроолоруна жооптор камтылган эки гистограмма көрсөтүлгөн: Акыркы айда сиз жалгыз же башкалар менен онлайн оюндарды канча жолу ойнодуңуз? Биринчи диаграммада интернетти пайдаланууда кыздар менен балдардын ортосундагы айырма көрсөтүлүп, балдар бардык учурларда интернетти көбүрөөк колдонушаарын көрсөтөт. Экинчи диаграммада жаш топтору боюнча бөлүштүрүү көрсөтүлгөн. Бул бөлүнүү так эмес жана саналып өткөн он өлкөнүн ичинен жети өлкөдө 9-11 жаштагы балдар башка эки топтогу (12-14 жана 15-17) жаштагыларга караганда көбүрөөк ойноорун көрсөтүп турат.

Булак: ЮНИСЕФ

[17] Бул сүрөт төмөнкү булактан алынган: UNICEF (2019). Growing up in a connected world. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20Summary%20Report.pdf.

## Жаңы байланыштарды түзүү


Интернетте көз ирмемде кабарлашуу жана социалдык медиа менен балдар жана жаштар достору, үй-бүлө мүчөлөрү, башка балдар жана алардын кызыкчылыктарын бөлүшкөн жаштар менен байланышып, сөз эркиндигине болгон укуктарын ишке ашыра ала турган маанилүү жолугушуу жери болуп калды. Сурамжылоого катышкан 11 өлкөнүн көптөгөн балдары жана жаштары ар кандай билдирүүлөрдү жөнөтүү куралдарын колдонуу менен достору жана үй-бүлө мүчөлөрү, алардын кызыкчылыктарын бөлүшкөн адамдар менен менен баарлашышып, бир катар онлайн социалдык медиа иш-чараларына жигердүү катышат деген мааниде активдүү социалдык катышуучулар деп эсептесе болот. Кээ бир балдар да онлайн чөйрөдө өз оюн билдирүү оңой экенин айтышат.

“Эч кандай эреже болбогондуктан Интернетте мен өзүмдүн чыныгы жүзүмдү көрсөтө алам. Менин 5000ден ашык онлайн досторум бар” - гей бала, 15 жашта, Филиппин.

Онлайн социалдык өз ара аракеттешүү ар кандай себептерден улам анын катышуучуларынын жашы өскөн сайын көбөйөт. Мисалы, кээ бир социалдык медиа веб-сайттары балдар жана жаштар үчүн минималдуу курактык чектөөлөрдү белгилейт, анткени жаш курагы өскөн сайын көбүрөөк эркиндик берилет.

**2-сүрөт: үч түрдөгү онлайн социалдык иш-аракеттерге жумасына бир жолудан кем эмес катышкан балдардын (%) жынысы жана жашы боюнча бөлүнүшү**[18]

а) Үч түрдөгү онлайн социалдык иш-аракеттерге жумасына бир жолудан кем эмес катышкан балдардын (%) жынысы боюнча бөлүнүшү.




Суроо C4: Акыркы айда сиз бул онлайн социалдык иш-чараларга канчалык көп катыштыңыз? База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

б) Үч түрдөгү онлайн социалдык иш-аракеттерге жумасына бир жолудан кем эмес катышкан балдардын (%) жашы боюнча бөлүнүшү.




Суроо C4: Акыркы айда сиз бул онлайн социалдык иш-чараларга канчалык көп катыштыңыз? База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

[18] Бул сүрөт төмөнкү булактан алынган: UNICEF (2019). Growing up in a connected world. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20Summary%20Report.pdf.

2-сүрөттө өткөн айда балдардын ар кандай коомдук иш-чараларга катышуу үчүн интернетти колдонуусу боюнча сурамжылоолордун жоопторунун эки гистограммасы көрсөтүлгөн: Биринчи диаграммада интернетти колдонгон кыздар менен балдардын ортосундагы айырма көрсөтүлүп, балдар да, кыздар да интернетти бир эле учурда бирдей колдонушаарын көрсөтүп турат. Экинчи диаграмма жаш топтору боюнча бөлүштүрүүнү көрсөтүлгөн. Бул бөлүнүү бардык сурамжыланган өлкөлөрдө 9-11 жаштагы балдардын тобу интернетти онлайн социалдык иш-чаралар үчүн башка эки топко (12-14 жана 15-17) караганда азыраак колдонорун, ал эми ар бир өлкөдө 15 жаштан 17 жашка чейинкилер аны максималдуу түрдө колдонушаары көрсөтүлгөн.

Эскертүү: Балдарга жана жаштарга акыркы бир айда төмөнкү онлайн социалдык иш-чараларга канчалык көп катышкандыгы тууралуу суроо берилген: коомдун башка тегиндеги же башка жактагы же адамдары менен байланышуу үчүн интернетти колдондуңарбы; коомдук желе сайттарына кирдиңерби?; башка жакта жашаган үй-бүлө мүчөлөрү же досторуңар менен сүйлөштүңөрбү?; көз ирмемде жиберилүүчү билдирүүлөрдү колдондуңарбы?; адамдар өздөрүнүн кызыкчылыктары жана сүйүктүү иш-аракеттери жөнүндө маалымат бөлүшө турган веб-сайттарга кирдиңерби?

Булак: ЮНИСЕФ

Ата-энелердин балдар менен жаштар реалдуу дүйнөдөгү жеке байланыштардын эсебинен онлайн режиминде өз ара аракеттенишүүдө деп наараазы болушкандыктарына карабай, жогоруда келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, Интернет социалдык байланыш үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

“Кечеде алар столдун тегерегине отурушат, алардын баары колдорундагы кичинекей шаймандары менен алектенишет.” - 15-17 жаштагы өспүрүмдөрдүн ата-энеси, Чили.

Мындай жүрүм-турум балдарга жана жаштарга гана тиешелүү эмес. Кээ бир ата-энелер социалдык иш-чаралар учурунда телефон чалышат же интернетте жүрүшөт, бул көптөгөн балдарды жана жаштарды да тынчсыздандырууда.

“Столдо, биз тамактанып жатканда, атам телефонун колдонот. Бул баарыбыз чогулган жалгыз убакытта атамдын мындай кылышы абдан тажатып жиберет” - 14 жаштагы кыз, Уругвай.

Интернетке кирүүнүн кеңейиши менен балдар жана жаштар көз-караштарын кеңейтип, маалымат чогултуп, байланыштарын кеңейте алышат. Интернетте социалдык өз ара аракеттенүүнүн көбөйүшү менен алар тажрыйбага жана билимге ээ болууда. GKO изилдөөсү көрсөткөндөй, интернетте социалдык медиада активдүү болгон балдар жана жаштар онлайн чөйрөдө купуялуулукту жакшыраак башкара алышат, бул алардын коопсуздугун сактоого жардам берет.

### Чыгармачылыктын кубанычы

Балдар жана жаштар тапкан жана баалаган онлайн мазмундун айрымдары башка балдар жана жаштар тарабынан даярдалат. Адатта, Global Kids Online сурамжылоого катышкан 11 өлкөнүн балдарынын жана жаштарынын 10-20 пайызы жума сайын видео же музыка жаратып жүктөшөт, же жума сайын блог же окуя жазышат, же веб-баракчасын түзүшөт.

“Мен блог жазып, аны дайыма жаңыртып турам” - 15-17 жаштагы кыз, Филиппин.


“Сиз видеолор жана оюндар менен бөлүшө аласыз. Музыкалык чыгармалар менен бөлүшө аласыз. Сүрөттөрдү, идеяларды, оюндарды бөлүшө аласыз.” - 9-11 жаштагы кыз, Гана.

"Мен өз колум менен открытка жасап, интернетке жайгаштырам. Менин досторума жагат" - 15-17 жаштагы кыз, Филиппин.

"Ооба, мен [маалыматтардын купуялуулугун бузуп кире] алам, бирок мындан ары андай кылбайм." Бала, 15-17 жашта, Филиппин.

**3-сүрөт: Жума сайын жок дегенде бир онлайн чыгармачылык менен алектенген балдар (%) жынысы жана жашы боюнча бөлүнүшү[19]**

а) Жума сайын жок дегенде бир онлайн чыгармачылык менен алектенген балдардын (%) жынысы боюнча бөлүнүшү.




Суроо C4m-n: Акыркы айда сиз канчалык көп социалдык иш-чараларга онлайн катыштыңыз? Эскертүү: Уругвайдагы балдардан онлайн блогдорун түзүү суралган эмес. База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

б) Жума сайын жок дегенде бир онлайн чыгармачылык менен алектенген балдардын (%) жашы боюнча бөлүнүшү..




Суроо C4m-n: Акыркы айда сиз канчалык көп социалдык иш-чараларга онлайн катыштыңыз? Эскертүү: Уругвайдагы балдардан онлайн блогдорун түзүү суралган эмес. База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

3-сүрөттө акыркы бир айда балдардын интернетти чыгармачылык ишмердүүлүк үчүн пайдалануусу боюнча сурамжылоо суроолоруна жооптор камтылган эки гистограмма көрсөтүлгөн: Биринчи диаграммада балдар менен кыздардын бирдей чыгармачылыкта Интернетти пайдалануусу алардын ортосунда кандай бөлүштүрүлгөнүнүн болжол менен бирдей болгонун көрсөтөт. Экинчи диаграмма жаш топтору боюнча бөлүштүрүүнү көрсөтөт. Бул бөлүнүү сурамжылоого алынган өлкөлөрдүн биринен башкасынын баарында 9-11 жаштагы балдардын тобу Интернетти онлайн чыгармачылык иш-аракеттери үчүн башка топторго (12-14 жана 15-17) караганда азыраак колдонгонун көрсөттү. Сурамжылоого

[19] Бул сүрөт төмөнкү булактан алынган: UNICEF (2019). Growing up in a connected world. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20Summary%20Report.pdf.

катышкан 15 жаштан 17 жашка чейинкилер мындай иш-аракеттер үчүн интернетти максималдуу деңгээлде колдонушкан.

Эскертүү: Балдарга жана жаштарга акыркы бир айда төмөнкү чыгармачыл иш-аракеттерди онлайн канчалык көп жасашканы суралган: өз видеолорун же музыкаларын түзүп, аларды интернетте бөлүшүшкөн; өз блокторун же веб-сайттарын түзүп, же онлайн режиминде кандайдыр бир иш-чараны көрсөтүшкөн; башка бирөө жараткан видеону же музыканы жайгаштырышкан.

Булак: ЮНИСЕФ

## Маалыматка суусоо

Чоңдор сыяктуу эле балдар жана жаштар да маалымат алуу укугун пайдалануу үчүн Интернетти колдонушат. Балдардын жана жаштардын бештен биринен бештен экиге чейинки бөлүгү "маалымат аңчылары" деп эсептелинет, анткени алар жума сайын жаңы нерсени үйрөнүүгө, жумуш же окуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат алуу үчүн интернетте маалымат издөөнүн бир нече формаларына машыгышат, бири-бири менен, жаңылыктар менен таанышышып, медициналык маалыматты же коңшулаш жерде уюштурулган иш-чараларды табышат.

Көптөгөн балдар жана бардык курактагы адамдар Интернетти үйдөн иштөө үчүн, ал эми кээ бир учурларда калтырылган сабактарды кууп жетүү үчүн колдонушат.

"Алар бизден Ганадагы министрлердин аты-жөнүн издеп, өлкөлөр жана алардын валюталары жөнүндө маалымат табууну суранышты. Башка өлкөлөр жөнүндө кабарларды да интернеттен таба алабыз" - 12-14 жаштагы кыз, Гана.

"Интернеттен биз мектепке керектүү нерселердин баарын жана китептерден таба албагандарыбыздын баарын таба алабыз" - 9 жашар кыз, Сербия.

"Мага математикадан 2 баасын койду, ошондуктан эмнени үйрөнүшүм керектигин түшүндүргөн бир нече видеолорду көрүүгө туура келди" - 15-17 жаштагы бала, Аргентина.

"Эгер мектептеги сабакты калтырган болсоңуз, досуңуз менен сүйлөшүп, эмнени калтырганыңызды билсеңиз болот. Андыктан WhatsApp та досторуңуздун болушу маанилүү" - 16-17 жаштагы кыз, Түштүк Африка.


Кээ бир балдар жана жаштар маалымат издөө үчүн Интернетти башкаларга караганда көбүрөөк колдонушат. Маалыматтар көрсөткөндөй, интернетти кеңири маалымат издөө иш-чаралары үчүн колдонгон балдар жана жаштар көбүнчө улуу адамдар кирген категорияга кирет, алар онлайн иш-аракеттердин кеңири спектрине катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат жана интернетти колдонууда ата-энелерден колдоо. Мындай балдар жана жаштар чоңойгон сайын жана ата-энелердин туура колдоосу менен алар онлайн тажрыйбага ээ болуп, Интернетти өз кызыкчылыгына колдоно алышат.

Интернетте онлайн режимде ушунчалык көп маалымат бар болгондуктан, балдар жана жаштар аларга керектүү мазмундагы маалыматты табууга, тапкан маалыматтардын аныктыгын ырастоого керектүү көндүмгө ээ болушу керек.

Бул жагынан алып караганда, кыздар менен балдар арасында айрым айырмачылыктар бар, балдар менен жаштар өспүрүм куракка жеткенден кийин өздөрүнө керектүү нерсени табууда да адис болуп калышат. Көбүрөөк видео клиптерди көргөн балдар жана жаштар онлайн көбүрөөк маалымат издөө жөндөмүнө ээ болушат көрүнөт, балким алар ар кандай мазмундагы маалыматтарды тез-тез онлайн серептөө аркылуу керектүү нерсени кантип табууга үйрөнүшөт.

## 4-сүрөт: жумасына бир жолудан кем эмес маалымат издөөдө үчтөн аз болбогон иш-аракеттер менен алектенген балдар (%) жынысы жана жашы боюнча бөлүштүрүүдө[20]

а) Жумасына бир жолудан кем эмес маалымат издөөдө үчтөн аз болбогон иш-аракеттер менен алектенген балдардын (%) жынысы боюнча бөлүнүшү.




Суроо С4: Акыркы айда сиз канча жолу онлайн чөйрөсүндө ар кандай издөө иш-аракеттер менен алыштыңыз? База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

б) Жумасына бир жолудан кем эмес маалымат издөөдө үчтөн аз болбогон иш-аракеттер менен алектенген балдарды (%) жашы боюнча бөлүштүрүү.




Суроо С4: Акыркы айда сиз канча жолу онлайн чөйрөсүндө ар кандай издөө иш-аракеттер менен алыштыңыз? База: Интернетти колдонгон бардык балдар

4-сүрөттө балдардын интернетти онлайн маалымат издөө иш-аракеттери үчүн колдонуусу боюнча сурамжылоолордун жоопторунун эки гистограммасы көрсөтүлгөн: Бир графикте Интернетти пайдалануу кыздар жана балдар ортосунда кандай бөлүштүрүлгөнүн көрсөтөт. Экинчи диаграмма жаш топтору боюнча бөлүштүрүүнү көрсөтөт. Бул бөлүнүү сурамжылоого алынган өлкөлөрдүн биринен башкасынын бардыгында 9-11 жаштагы балдардын тобу Интернетти онлайн чыгармачылык иш-аракеттери үчүн башка топторго (12-14 жана 15-17) караганда сейрегирээк колдонгонун көрсөтүү, ошондой эле 15-17 жаштагы топ мүмкүн болушунча маалыматты издөө үчүн Интернетти жогорку даражада колдонушкан.

Эскертүү: Балдар жана жаштар акыркы бир айда төмөнкү маалымат издөө иш-аракеттери менен канчалык көп алектенишкени суралган: кандайдыр бир жаңы нерсени издөө аркылуу Интернетте үйрөнө алыштыбы; жумуш ордун же окуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарды издештиби; интернетти мектеп тапшырмаларын аткаруу үчүн колдонуштубу; жакын арадагы ресурстарды же уюштурулган иш-чараларды издөөгө колдонуштубу; жаңылыктарды онлайн издөөгө колдонуштубу; өздөрү же таанышы

[20] Бул сүрөт төмөнкү булактан алынган: UNICEF (2019). Growing up in a connected world. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20Summary%20Report.pdf.

үчүн медициналык маалымат издөөгө колдонуштубу. Маалымат жок болгондуктан Аргентина көрсөтүлгөн жок.

Булак: ЮНИСЕФ

Балдардын жана жаштардын интернетте чогулткан маалыматтарынын сапаты жана саны алардын кызыкчылыктарына жана мотивацияларына жараша болот. Бирок, алардын тапкан маалыматтары жеткиликтүү болгон маалыматтын көлөмүнөн көз каранды болот, бул көбүрөөк таралган тилдерге жараша болот. Бирок, аз маалыматтардын арасынан да, алардын саны чектелүү болсо да, маалымат издөө мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана алышат.

«Биздин мектепте биздин тилде эч ким сүйлөбөгөндүктөн, мен Youtubeдан румын тилинде бир нерсе издеп, анын кандай угулуп жатканын угам. Бул эң сонун, анткени мен баарын түшүнөм» - цыган бала, 12 жаш, Сербия.

Интернеттен маалыматты издөө жакшы болгону менен, ал табылган маалыматтын аныктыгын текшере билүү башка нерсе.

“Мен чет элдик маалымат программаларын көрүп турам, анткени тигил же бул өлкөнүн бир эле кырдаалга кандай көз караште экендиги кызык. Анткени ар дайым эки тарап болот. Мисалы, Американын кандайдыр бир маселе боюнча өзүнүн көз карашы болушу мүмкүн, ал эми Орусияные өзүнүн көз карашы болушу мүмкүн” - 16 жаштагы кыз, Сербия.

Балдардын жана жаштардын Интернеттен маалымат издөөгө жөндөмдүү экенин билдирген пайызына салыштырмалуу, бир нече гана балдар жана жаштар тапкан маалыматына сын көз караш менен баа бере аларын айтышкан.

“Азыркы учурда интернетте фейк жаңылыктар абдан көп” - 15 жаштагы бала, Филиппин.

Жалпысынан алганда, балдар жана жаштар интернетте маалыматты издөөнүн жана текшерүүнүн бардык артыкчылыктарын толук пайдалана алышпайт деген пикир пайда болот. Бул үчүн аларды (айрыкча жаш балдарды) шыктандыруу жана санариптик дүйнөдө өз укуктарын талап кылууга жардам берүү үчүн ата-энелердин, мектептердин, же санариптик кызмат көрсөтүүчүлөрдүн активдүү катышуусу керек.

## Активдүү жаран болуу

Балдар жана жаштар маалымат издөө жана контентти түзүүдөн тышкары интернет аркылуу жарандык же саясий иш-чараларга да катыша алышат. Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга ылайык, бала жарандык укуктарга ээ болуу менен бирге өз оюн эркин билдирүүгө жана башка адамдар менен жолугушууга укугу бар. Бирок Global Kids Online изилдөөсү көрсөткөндөй, салыштырмалуу аз сандагы балдар жана жаштар онлайн мүмкүнчүлүктөрүн жарандык иш-чараларга катышууга колдонушат.

Жаштар онлайн чөйрөсүндө саясий иш-чараларга көбүрөөк катышышат.

“Саясат... мүмкүн, ага атайылап катышпаса да, ал жөнүндө Фейсбуктан дайыма окуйт”, - 13-14 жаштагы баланын атасы, Аргентина.

“Бирок алар да өз ойлорун айтышат... Твиттерде... мына ушинтип процесске катышышат”, - 15-17 жаштагы баланын атасы, Аргентина.

## Кооптуулукка жана зыянга дуушар болуу

Онлайн чөйрөдө балдар жана жаштар аларга зыян алып келүүчү жаңы кооптуулуктарга учурашы мүмкүн. Алар кокусунан өздөрүнө кантип зыян келтирүү же өзүн-өзү өлтүрүү тууралуу маалыматтка дуушар болушу мүмкүн. Алар ошондой эле мазактоочу сөздөрдү, зордук-зомбулук көрсөтүүчү же сексуалдык мүнөздөгү материалдарга туш болушаары да ыктымал. Global Kids Online тарабынан ар кайсы өлкөлөрдө жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык, көбүрөөк онлайн иш-чараларга катышкан балдар жана жаштар дагы онлайн кооптуулуктарга дуушар болушкан, бул, балким, аялуу даражасынын жогору болушунан же Интернетти ишенимдүү колдонуудан улам.

Кооптонуу дайыма эле зыян алып келе бербестигин эстен чыгарбоо керек. Онлайн кооптонууга дуушар болгон балдар жана жаштар зарыл билимге жана тажрыйба менен күрөшүүгө жөндөмдүү болсо зыян тартпайт. Ошондуктан, балдарды жана жаштарды онлайн режиминде эффективдүү коргоо үчүн, алардын мүмкүнчүлүктөрүн негизсиз чектөөлөргө жол бербөө үчүн, интернетте зыянга ким көбүрөөк дуушар болоорун жана кооптуу маалыматтар кандайча зыян алып келерин аныктоо маанилүү.

Жалпысынан, Global Kids Online сурамжылоосуна катышкан балдардын жана жаштардын болжол менен 20% өткөн жыл ичинде өзүнө зыян келтирүү же жаракат алуу жөнүндө веб-сайттарды же онлайн талкуулоолорго кезиккендерин, ал эми балдардын жана жаштардын болжол менен 15% өз жанын кыюуга байланыштуу контентке дуушар болушкандарын билдиришкен. Изилдөөгө ылайык, балдар жана жаштар да агрессивдүү тилдеги маалыматтарга туш болушкан.

Чилиде 15-17 жаш курактагы өспүрүмдөрдүн дээрлик жарымы акыркы бир жыл ичинде онлайн чөйрөдө аларды тынчсыздандырган же капа кылган маалыматтардын болгонун айтышкан. Окуянын чоо-жайын айтып берүүнү суранганда, алар Интернет шылуундары менен кошо, порно сайттар үчүн “калкып чыкма” жарнамалар, кордоочу аракеттер, кемсинткен же коркуткан жаңылыктар же сүрөттөр, дискриминация жана куугунтук сыяктуу маселелердин кеңири чөйрөсүн айтышкан. Болгарияда балдар жана жаштар тез арыктоону жарнамалаган сайттардан кооптуулукка дуушар болушат; мындай маалыматтарыд сурамжылоого катышкандардын төрттөн бир бөлүгү көрүшкөн.

“Башка адамдар жөнүндө өтө жаман комментарийлер да кездешет”, - 13-14 жаштагы кыз, Түштүк Африка.

Бул маселе боюнча сурамжылоого катышкан балдардын жана жаштардын төрттөн биринен үчтөн бирине чейинкилери ар кандай маалымат каражаттарында онлайн же сексуалдык мазмундагы зордук-зомбулукту көрүшкөн. Кээде балдар жана жаштар сексуалдык мазмундагы контентти кокусунан табышат; кээде достору тарабынан сунушталып, же башка бейтааныш адамдар тарабынан жөнөтүлөт. Кээ бир балдар жана жаштар башкалардан сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү жөнөтүүнү өтүнүшкөн.

“Мага бир жигит порнографиялык сүрөттөрдү жибергенде аябай капа болдум”, - 12-14 жаштагы кыз, Гана.

“Бир жолу бейтааныш бирөө менден “мен канча турарымды” сурады: башкача айтканда, ал мени менен жыныстык катнашка барууга канча турарыма кызыкты”, - 16 жаштагы бала, Филиппин.

Бир катар өлкөлөрдө көптөгөн балдар жана жаштар ар кандай түрдөгү онлайн кооптонууларга дуушар болушкан, бирок анын натыйжасында өздөрүн зыянга учурагандай сезгендер азыраак. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай, анткени жаштар жаш балдарга караганда көбүрөөк зыяндуу маалыматтарка кабылышат, балким, мындай болуунун себеби

алар интернетте көбүрөөк убакыт өткөргөндүктөн жана интернеттеги иш-аракеттердин кеңири чөйрөсү менен алектенгендиктен болушу мүмкүн.

“Инстаграмда мен абдан күлкүлүү бир комментарийди бастым. Башкалар эмне жазып жатканын окугум келип, шилтемени чыксам, капысынан жылаңач аялдар пайда болду”, - бала 10 жашта, Сербия.


“Мен жылкыларды жакшы көрөм, муну баары билишет. Бир күнү мен жумушчу столго коюу үчүн сүрөттөрдү издеп жатып, үрөй учурган, жылкы союп жаткан адамдын сүрөтүн таап алдым”, - кыз 10 жашта, Сербия.

“Мен аябай коркуп кеттим, өлгөн баланын сүрөтүн көргөндө - аны атып кетишиптир”, - 12-14 жаштагы бала, Гана.

### 5-сүрөт: Онлайн чөйрөдө зыян тарткан балдар (%) жынысы жана жашы боюнча бөлүштүрүү[21]

а) Онлайн чөйрөдө зыян тарткан балдар (%) жынысы боюнча бөлүштүрүү

б) Онлайн чөйрөдө зыян тарткан балдар (%) жашы боюнча бөлүштүрүү




Суроо F11: Өткөн жыл ичинде сизди кандайдыр бир жол менен түйшөлткөн же капа кылган кандайдыр бир нерсе (мисалы, сизди ыңгайсыз сездирип, коркуткан же аны көрбөй эле койсом болмок деген ойго алып келген) онлайнда болдубу? База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

Суроо F11: Өткөн жыл ичинде сизди кандайдыр бир жол менен түйшөлткөн же капа кылган кандайдыр бир нерсе (мисалы, сизди ыңгайсыз сездирип, коркуткан же аны көрбөй эле койсом болмок деген ойго алып келген) онлайнда болдубу? База: Интернетти колдонгон бардык балдар

Булак: ЮНИСЕФ

[21] Бул сүрөт төмөнкү булактан алынган: Global Kids Online (2019). Global Kids Online: Comparative Report, UNICEF Office of Research – Innocenti.

5-сүрөттө балдардын Интернетти колдонуусу боюнча сурамжылоодо онлайнда аларды тынчсыздандырган же капа кылган – аларды ыңгайсыз сездирген, коркуткан же алар муну көрбөсөм болмок деген ойго алып келген суроолорго берилген эки гистограмма көрсөтүлгөн. Биринчи диаграммада Интернетти пайдалануу кыздар жана балдар ортосунда бирдей бөлүштүрүлгөн Интернетти бирдей колдонушкандыгы көрсөтүлгөн. Экинчи диаграмма жаш топтору боюнча бөлүштүрүүнү көрсөтөт. Сурамжылоого катышкан өлкөлөрдүн биринен башкасынын бардыгында 9-11 жаш курактагылар башка эки топко (12-14 жана 15-17) караганда азыраак инциденттерди кабарлашты; бул өлкөлөрдүн биринен башкасынын бардыгында 15–17 жаштагы респонденттер эң көп кооптуу учурларга туш болгондуктарын билдиришкен.

Балдар жана жаштар онлайн чөйрөдөгүдөй эле, реалдуу жашоодо да моралдык кордоого туш болуштары мүмкүн. Интернет-платформалардын ичинде адепсиз кордоо же адамдын көңүлүн ооруткан билдирүүлөр, топтук иш-аракеттерден четтетүү же коркутуулардан камтылышы мүмкүн. Мындай аракеттер көбүнчө “киберкуугунтуктоо” деп аталат. Бирок мындай кордуктоо балдарга жана жаштарга оффлайн режиминде күнүмдүк жашоодо да кездешүүсү мүмкүн. Башкалар тарабынан жеке кордолгон жана онлайн жапа чеккен балдардын жана жаштардын саны болжол менен бирдей.

“Топтогулардын баары бир баланы шылдыңдап, аны кордой башташты. Жыйынтыгында ал топтон чыгып кетти”, - 13-14 жаштагы бала, Аргентина.

“Мен киберкуугунтуктоодон кооптонуп жатам, анткени ал мага олуттуу эмоционалдык зыян алып келиши мүмкүн”, - 14 жаштагы кыз, Уругвай.

Балдар жана жаштар интернеттеги зыяндуу окуяларга кандай мамиле кылышат? Алгач досторуна, бир туугандарына кайрылышат. Анан айрымдары болгон окуяны ата-энесине айтып беришет. Сурамжылоо жүргүзүлгөн өлкөлөрдө аз гана балдар жана жаштар жардам сурап мугалимдерге кайрылышат. Жаштар кичүүрөөк балдарга караганда көбүрөөк кооптонууга дуушар болушса да, алар тарткан зыян анча деле олуттуу эмес: мындай тажрыйбанын аркасында аларда онлайн чөйрөдө туруктуулукту көрсөтө алышат турат.

Белгилей кетчү нерсе, балдар менен жаштардын аң-сезиминде онлайн мейкиндик менен реалдуу дүйнө дайыма эле бөлүнбөйт. Балдар жана жаштар үчүн онлайн тажрыйбаларынын оң жана терс таасирлери алардын жашоосунун башка аспектилери менен тыгыз байланышта болот.

### Жеке жашоого тийишпестиктин артыкчылык мааниси

Жеке жашоого тийишпестик – бул баланын укуктары жөнүндөгү Конвенция боюнча баланын укугу. Бул өз алдынчалыкка ээ болуусу жана өзүн-өзү аныктоосу үчүн маанилүү жана баланын маалыматка, өз оюн эркин билдирүүгө жана катышуусуна болгон укугу менен тыгыз байланышта. Жашыруучулукту сактоо шартында балдар жана жаштар өздөрүн эксплуатациялоодон коргой алышат. Алар санариптик инсандыктарын башкарууда абдан кылдат болуу менен өздөрүнүн жеке маалыматтарын коргоолору керек.

Көптөгөн балдар жана жаштар онлайн режиминде инсандар аралык мамилелерди башкарууда ишенимдүү көндүмдөргө ээ экендиктерин билдиришти; мисалы, алар интернетте кандай маалыматтарды ачыкка чыгарбоо керектигин, ошондой эле социалдык медиа аккаунттарындагы жашыруун өзгөчөлүктөрдү кантип өзгөртүүнү же тизмеден байланыштаруу номерлерин өчүрүүнү билишет. Бул балдар жана жаштар арасында купуялуулукту сактоо принциптерин жайылтуу боюнча алгачкы аракеттер кандайдыр бир ийгиликке жетишкенин көрсөтүп турат. Көптөгөн балдар жана жаштар интернетте өздөрүн коргоо стратегияларын иштеп чыгышкан жана алар Интернетти колдонууда кандай кооптуу кадамдардын бар экенин түшүнүшөт.

“Менин чыныгы досторум үчүн бир Facebook аккаунтум бар, экинчи аккаунтум - онлайн досторум үчүн”, - 14 жаштагы кыз, Филиппин.

“Мен интернетке киргенде, менин өз аракеттериме өзүм жооп берем”, - 17 жаштагы кыз, Уругвай.

Балдардын жана жаштардын онлайн режиминде жеке маалыматтарын, сүрөттөрүн жана билдирүүлөрүн кыянаттык менен пайдалануу жана орунсуз жана каалабаган байланыштарга дуушар кылуусу олуттуу тынчсызданууну туудурат.

Мындан тышкары, балдар жана жаштар онлайн жолугушкан адамдары менен кийинчерээк реалдуу түрдө жолуга алышат, бирок мындай көрүнүш мырдагыга салыштырмалуу сейрек кездешет. Бардык өлкөлөрдө балдардын жана жаштардын төрттөн биринен азыраак бөлүгү интернет аркылуу таанышкан адамдар менен бетме-бет жолугушкан.

Балким, таң калыштуусу, балдар жана жаштар көбүнчө онлайн таанышуулар менен бетме-бет жолугушууларга кубанышып, мындай мамилелерге ыраазы экендигин билдиришет; мындай көрүнүш достордун чөйрөсүнүн кенейишине түрткү берет деген тыянакка алып келет. Экинчи жагынан, аз болсо дагы балдардын жана жаштардын бул жолугушуулардан капа болуп калган учурлары кооптонууга негиз берет.

Балдары жана жаштары тууралуу мазмундагы контентти бөлүшүп жаткан ата-энелер анын балага кандай таасир этээри жөнүндө ойлонушу керек. “Sharenting” (англ. “sharenting” - ата-энелер тарабынан балдарынын маалыматтарын жана сүрөттөрүн Интернетке жайгаштыруу) баланын жеке жашоого болгон укугун бузуп, кордуктоого, уятка калтырууга же кийинки жашоосуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн деген кооптонуулар бар [22]. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ата-энелери кээде жардам же кеңеш издеп ушундай маалымат менен бөлүшүшөт, мындай маалыматтар майып балдарды терс багыттагы көрүнүшкө алып келүү коркунучуна дуушар кылат.

## Үй Wi-Fi жайгашкан жерде

Кооптуу маалыматтардын балдарга жана жаштарга зыян көрсөтүүсүнүн алдын алуунун бир жолу - бул балдар менен жаштардын Интернетти колдонуусунда ата-энелерге жана башкаларга көрсөтмөлөрдү жакшыртуу болуп саналат.

“Чоңдор жаш муунга чоң таасир тийгизет жана алар үчүн татыктуу үлгү көрсөтүүлөрү керек”, - 13 жаштагы кыз, Уругвай.

Эреже катары, ата-энелер негизинен үйдөгү интернетти колдонушкандыктан балдарга жана жаштарга Интернетти колдонууга жардам берүүгө жакшы мүмкүнчүлүктөрү бар.

Бирок, технологиянын татаалдыгына жана тез өнүгүшүнө байланыштуу, көптөгөн ата-энелер өздөрүн ишенимдүү сезүү менен, же технологиялык жактан абдан өнүккөн балдарды жана жаштарды көзөмөлдөй алышпайт. Мындан тышкары, ата-энелер “экран убакыты”, “интернет көз карандылык” жана “чоочун адамдар менен сүйлөшүү коркунучу” сыяктуу факторлор боюнча кеңири таралган тынчсызданууну сезишет. Ошондуктан, ата-энелер балдарды жана жаштарды Интернетте өткөргөн убактысын чектөө менен гана, мисалы, убактысы жагынан, же санариптик

[22] UNICEF and the Office of Research-Innocenti (2017), Child Privacy in the Age of Web 2.0 and 3.0: Challenges and Opportunities for Policy, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/Child_privacy_challenges_opportunities.pdf.

түзүлүштөрдү уктоочу бөлмөдө, тамактануу учурунда, же жатар алдында колдонууга уруксаат бербестен гана, аларга онлайн чөйрөсүндө жемиштүү жетектөөнү көрсөтө алышпайт.

**6-сүрөт: Жумасына жок дегенде бир жолу үйдө интернет колдонгон балдар (%) жынысы жана жашы боюнча бөлүштүрүү[23]**

а) Жумасына жок дегенде бир жолу үйдө интернет колдонгон балдарды (%) жынысы боюнча бөлүштүрүү




Суроо B6b: Интернетти үйдө жок дегенде жумасына бир жолу колдонуу. База: Интернетти колдонгон бардык балдар.

б) Жумасына жок дегенде бир жолу үйдө интернет колдонгон балдарды (%) жашы боюнча бөлүштүрүү




Суроо B6b: Интернетти үйдө жок дегенде жумасына бир жолу колдонуу. База: Интернетти колдонгон бардык балдар..

6-сүрөттө жумасына бир жолудан кем эмес үйдө интернетти колдонуу жөнүндө суроого балдардын интернетти колдонуусу боюнча сурамжылоо жоопторунун эки гистограммасы көрсөтүлгөн. Биринчи диаграммада Интернетти пайдалануу кыздар жана балдар ортосунда бирдей бөлүштүрүлгөн учурда балдар менен кыздар аны болжол менен бирдей колдонушкан. Экинчи диаграмма жаш топтору боюнча бөлүштүрүүнү көрсөтөт. Бул сурамжылоого катышкан өлкөлөрдүн көбүндө 9-11 жаштагылар башка эки топ (12-14 жана 15-17) сыяктуу эле Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүн бирдей көлөмдө колдонушат; бул өлкөлөрдүн биринен башкасынын бардыгында 15–17 жаштагы респонденттер интернетке кирүүнүн эң чоң мүмкүнчүлүктөрүн билдиришкен.

Булак: ЮНИСЕФ

Көпчүлүк өлкөлөрдө ата-энелер жаш балдардын интернетти өнүктүрүү процессине активдүү катышып, аларга санариптик мейкиндикте багыт алууга жардам берип, ошол эле учурда

[23] Бул сүрөт төмөнкү булактан алынган: Global Kids Online (2019). Global Kids Online: Comparative Report, UNICEF Office of Research – Innocenti.

жаштарга караганда алар үчүн катуу чектөөлөрдү белгилешет. Балдар чоңойгон сайын кийлигишүүнүн деңгээли төмөндөйт, бирок ата-энелер өспүрүмдөргө онлайн мүмкүнчүлүктөрү жана кооптуу маалыматтар боюнча конструктивдүү жетекчиликти улантууда эч кандай шектенүүнүн кереги жок.

Ата-энелердин балдарынын интернетти колдонуусуна катышуудан тартынышынын себептеринин бири – бул өздөрүнүн атайын билиминин жетишсиздиги.

## 4 Аялуу кырдаалдагы балдар

Балдар жана жаштар ар кандай себептерден улам аялуу кырдаалды болушу мүмкүн. 2019-жылдагы изилдөөгө[24] ылайык, «онлайн аялуу кырдаалда болгон балдар жана жаштар чыныгы жашоодо алардын абалы начар болгон учурдагы өзгөчө камкордукка жана кылдат мамилеге ээ болбойт». Мындан тышкары, изилдөөдө айтылгандай ”эң жакшы болгон учурда”, алар [балдар жана жаштар] башка бардык балдар жана жаштар сыяктуу атайын жардамга муктаж болгон учурда жалпы онлайн коопсуздук кеңештерин алышат, - деп айтылат.

Бул жерде аялуу кырдаалдагы балдардын категориялары көп болгонуна карабастан үч спецификалык категориясы (мигранттар, аутизм спектри бузулган балдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар) каралат.

### Мигрант балдар

Мигрант тектүү балдар жана жаштар көп учурда белгилүү бир социалдык-маданий билими жана мамилеси бар өлкөгө келишет (же анда жашап жатышат). Технология жалпысынан тармактык жана коомчулуктун катышуусун камсыз кылуучу катары каралса да, онлайн кооптонуулардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн деңгээли контекстке жараша абдан өзгөрүшү мүмкүн. Мындан тышкары, эмпирикалык далилдер жана практикалык изилдөөлөр 25 жалпысынан санариптик медианын маанилүү ролун көрсөтөт:

- Алар коюлган максатка жараша багыт алуу үчүн маанилүү (жаңы өлкөгө көчүүдө).
- Бул кабыл алуучу өлкөнүн коомун/маданиятын үйрөнүүнүн жана таануунун маанилүү каражаты.
- Социалдык медиа үй-бүлө жана теңтуштар менен байланышта болуу жана жалпы мүнөздөгү маалыматка жетүүдө негизги ролду ойной алат.

Көптөгөн оң жактары менен катар санариптик инструменттер мигранттар үчүн кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн, мисалы:

[24] Adrienne Katz (2018), Vulnerable Children in a Digital World, https://pwxp5srs168nsac2n3fnjyaa-wpengine.netdna-ssl.com/wp-content/uploads/2019/02/Vulnerable-Children-in-a-Digital-World-FINAL.pdf.

25 Better Internet for Kids (2017), Report on the proceedings of the Safer Internet Forum 2017, https://www.betterinternetforkids.eu/documents/167024/1738388/Report+on+the+proceedings+of+the+Safer+Internet+Forum+2017/fa4db409-4fae-45b1-96ec-35943b7d975d.

- Инфраструктура: Мигранттардын балдары жана жаштары Интернетти коопсуз жана жеке колдонуусу үчүн коопсуз онлайн мейкиндигин түзүү жөнүндө ойлонуу маанилүү.
- Ресурстар: Мигранттар акчасынын көбүн алдын ала төлөөгө ылайыкташтырылган телефон карталарына коротушат.
- Интеграция: Технологияга жетүү менен бирге мигранттардын балдары жана жаштары да жакшы санариптик билимге муктаж.

## Аутизм спектри бузулган балдар (ASD)

Аутизм спектри DSM-5 [26] жүрүм-турум диагностикалык классификациясынын негизги эки багытын камтыйт.

- Чектелген жана кайталануучу жүрүм-турум (бирдейликке болгон муктаждык).
- Байланыш жана баарлашууда кыйынчылыктар.
- Акыл-эстин артта калуусу, тил жана ушул сыяктуу айкалышкан көйгөйлөрдүн тез-тез пайда болушу.

Технология жана Интернет балдарга жана жаштарга окуу, баарлашуу жана ойноо үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бирок, пайдалары менен бирге, ASD менен ооруган балдар жана жаштар көбүрөөк дуушар болушу мүмкүн болгон бир топ коркунучтар бар, мисалы:

- Интернет аутизми бар балдарга жана жаштарга реалдуу жашоодо болбогон өзгөчө кызыкчылыктарды жана социалдык мүмкүнчүлүктөрдү бере алат.
- Башка адамдардын ниетин түшүнүү кыйынчылыгы сыяктуу социалдык мүнөздөгү көйгөйлөр бул топтун мүчөлөрүн жаман ниети бар “достордун” алдында аялуу кырдаалды калтырышы мүмкүн.
- Онлайн чөйрөсүндө кездешкен көйгөйлөр көбүнчө аутизмдин негизги өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгат: конкреттүү жана так жетектөөчү көрсөтмөлөр мындай адамдарга онлайн чөйрөгө ыңгайлашууга жардам бериши мүмкүн, бирок алардын негизги проблемалары чечилбейт.

## Майыптыгы бар балдар

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын санариптик тажрыйбасы боюнча биринчи консультациялык изилдөөлөрдүн бирине ылайык, бул балдар өздөрүнүн санариптик жана онлайн жашоолорун көп жагынан майыптыгы жок балдардын жашоосуна абдан окшош деп кабыл алышат. Бирок, бир катар так жана маанилүү айырмачылыктар бар[27]. Аларды карап чыгууда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар туш болгон кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар майыптуулуктун түрүнө жана мүнөзүнө жараша бир топ өзгөрүп турарын эске алуу керек. Алардын өзгөчө муктаждыктары жеке негизде эске алынууга тийиш[28].

---

[26] Cardwell C. Nuckols (2013), The Diagnostic and Statistical Manual of Mental Disorders, https://dhss.delaware.gov/dsamh/files/si2013_dsm5foraddictionsmhandcriminaljustice.pdf.

[27] Lundy et al. (2019), TWO CLICKS FORWARD AND ONE CLICK BACK: Report on children with disabilities in the digital environment, https://rm.coe.int/two-clicks-forward-and-one-click-back-report-on-children-with-disabili/168098bd0f

[28] Жогорку эле булакты кара (ibid.)

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жана жаштар майыптыгы жок балдар жана жаштар сыяктуу онлайн кооптуулукка дуушар болушат, бирок алар майыптыгынын кырдаалындагы белгилүү бир кооптуулукка дуушар болушу да мүмкүн. Ошентип, алар үчүн киберкуугунтуктоого кабылуу коркунучу майыптыгы жок балдарга жана жаштарга караганда 12% жогору кездешет. Мүмкүнчүлүгү чектелген кээ бир балдар жана жаштар интернетте инсандар аралык мамилелерди башкаруу же чын же жалган маалыматты таануу боюнча жакшы өнүккөн көндүмгө ээ эмес. Алардын кээ бирлерин акчаны коротуу, орунсуз маалыматты ачыктоо ж.б.у.с. маалыматтарга оңой эле манипуляцияланат. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жана жаштар өз коомчулугунун жашоосуна катышууда маргинализацияга, стигматизациялоого жана тоскоолдуктарга (физикалык, экономикалык, социалдык жана башкалардын мамилеси аркылуу) туш болушат. Мындай тажрыйба онлайн досторду табуу үчүн умтулган инвалид бала үчүн терс таасир калтырса, өзүн-өзү сыйлоо жана колдоо тармактарын курууда оң ролду ойношу мүмкүн. Бирок, бул балдарга жана жаштарга карата груминг, онлайн сексуалдык мүнөздөгү азгырык жана/же сексуалдык асылуу сыяктуу өтө кооптуу мамилелердин көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн. Изилдөөлөргө ылайык, чыныгы дүйнөдө кыйынчылыктарга дуушар болгон, ошондой эле психологиялык мүнөздөгү көйгөйлөрдү башынан өткөргөн балдар жана жаштар мындай окуяларга көбүрөөк дуушар болушат[29].

Онлайн чөйрөсүндө мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга жана жаштарга - инвалиддерге сексуалдык мүнөздөгү асылуу жана азгыруу аракеттерин жасаган укук бузуучулар өздөрүнө жабырлануучу катары балдарды жана жаштарды гана эмес, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды жана жаштарды -инвалиддерди тандап алышат. Мындай тартип бузуучулардын арасында «девоти» деп аталгандар – мүмкүнчүлүгү чектелбеген адамдар, майыптарга (көбүнчө ампутацияланган же мобилдик жардамга муктаж болгондорго) сексуалдык жактан кызыккандар, алардын айрымдары өздөрүн майып катары көрсөтүшөт[30]. Мындай адамдар мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жана жаштардын сүрөттөрүн жана видеолорун жүктөө (эч кандай зыяны жок майыптар) жана/же аларды атайын түзүлгөн форумдар жана социалдык медиа аккаунттары аркылуу бөлүшүү сыяктуу иш-аракеттерди жасашат. Форумдардагы жана социалдык тармактардагы билдирүү механизмдери көбүнчө мындай аракеттерди кылдырбоо мүмкүнчүлүгүн карабайт.

Мүмкүнчүлүгү чектелген кээ бир балдар жана жаштар жеткиликсиз форматтан (мисалы, шрифттин өлчөмүн көбөйтүүгө мүмкүн болбогон тиркемелерде), талап кылынган шаймандардын жоктугунан (мисалы, текстке - сүйлөөчү программалык камсыздоо же адаптивдик компьютердик башкаруу каражаттары), же тийиштүү жардамга муктаждык (мисалы, жабдууларды колдонууну үйрөтүү, социалдык өз ара аракеттенүүгө ыңгайлаштыруудагы жеке жардам)[31].

Кээ бир мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жана жаштардын ата-энелери балдарына Интернетти кантип туура жолго салуу же аларды рэкетчиликтен жана куугунтуктан коргоо

29 Andrew Schrock et al. (2008), Solicitation, Harassment, and Problematic Content, https://cyber.harvard.edu/sites/cyber.law.harvard.edu/files/ISTTF-LitReviewDraft_0.pdf.

30 Richard L Bruno (1997), Devotees, Pretenders and Wannabes: Two Cases of Factitious Disability Disorder, Sexual and Disability, https://link.springer.com/content/pdf/10.1023/A:1024769330761.pdf.

31 БУУ (2008), майыптардын укуктары жөнүндө Конвенция жана ага факультативдик протокол,https://www.un.org/disabilities/documents/convention/convoptprot-e.pdf. Бул укуктар боюнча көрсөтмөлөрдү 9-беренеден маалыматка жетүү жана 21-беренеден сөз жана ишеним эркиндиги боюнча караңыз.

боюнча жетиштүү билимге ээ болбогондуктан, кээде ашыкча кам көрүшөт[32]. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жана жаштардын ата-энелеринин кээ бири кээде балдарына же жаштарына жардам же кеңеш алуу үчүн маалымат же материалдар (фото, видео) менен бөлүшөт, бирок алар ошону менен бирге баланы азыркы мезгилде да, келечекте да купуялуулуктун бузулуу коркунучуна дуушар кылышат. Ошондой эле ата-энелердин өздөрүн баланын майыптыгы үчүн ар кандай дарылоону, терапияны же "дарыларды" сунуштаган сабатсыз же абийирсиз адамдардын бутасына түшүү коркунучуна алып келет[33].

# 5 Жаңы жана пайда болуучу кооптонуулар жана кыйынчылыктар

## Буюмдар интернети

Интернет адамдардын жашоосун өзгөрттү. Ал каалаган убакта, каалаган жерде адамга тиешелүү билимдердин жыйындысына мүмкүнчүлүк ачат. Кээ бирөөлөр үчүн жашоо мурункуга караганда алда канча жеңил жана ыңгайлуу болуп калды. Бирок мындай өзгөрүүлөр чарбачылык ишмердүүлүк менен бирге, жеке турмушта да бир катар салттуу жашоо образдарына терс таасирин тийгизди. Ошентип, мисалы, эски бизнес моделдери толугу менен өзгөртүлдү же четке кагылды; жеке деңгээлдик мамилелешүүдө интернеттин өнүгүшү адамдардын ортосундагы түз байланыштын төмөндөшүнө алып келди.

Ачык интернеттин жана буюмдардын интернетинин бар экендигин эске алуу маанилүү: ачык интернет бул жөн гана виртуалдык чөйрө жана күнүмдүк реалдуулукта жок; аны менен аракетте болуу факультативдүү түрдө гана. Жашообузду жакшыртуу үчүн физикалык объекттер интернет байланыштары аркылуу жанданган буюмдардын Интернети жөнүндө да мындай айтууга болбойт: буга көрүнүктүү мисал - Твиттерди колдонгон тостер.

Буюмдардын Интернетинин (IoT) мүмкүнчүлүктөрү чексиз. Ал биз алып жүргөн электрондук шаймандарда, үйдү жарыктандырууда, камераларда, унааларда, дааратканаларда, таңгактоо процессинде, электр эсептегичтерде, медициналык сенсорлордо бар... Мындай тизме чексиз. IoT бардыгын жакшы жакка өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Айрымдар аны «төртүнчү өнөр жай революциясынын» ажырагыс бөлүгү деп эсептешет.

Бул буюмдар балдарга жакын жерде (мисалы, алардын үйлөрүндө) "акылдуу" алып жүрүүчү электрондук түзүлүштөрдү же алардын жайгашкан жери тууралуу маалыматты жөнөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кийимдердин буюмдарын колдонууда кооптуу учурларга дуушар болушу мүмкүн.

IoT абдан чоң рынок мүмкүнчүлүктөрүн ачат. Бирок, ошондой эле бир катар мүмкүн болуучу проблемаларды жаратат:

***Техникалык проблемалар/ купуялуулукту сактоонун проблемалары***

- Түзмөктүн коопсуздугу: Туура коопсуздук салыштырмалуу кымбат болушу мүмкүн; Түзмөктүн коопсуздугу вирустар/кесепеттүү программалар тарабынан бузулат.

32 Lundy et al. (2019), TWO CLICKS FORWARD AND ONE CLICK BACK: Report on children with disabilities in the digital environment, https://rm.coe.int/two-clicks-forward-and-one-click-back-report-on-children-with-disabili/168098bd0f.

33 Sonia Livingstone et al. (2019), UNICEF Innocenti Research Brief: Is There a Ladder of Children's Online Participation?, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/IRB_2019-02%2013-2-19.pdf.

- Байланыш коопсуздугу: энергия тоскоол болгондуктан, криптографиялык жактан анча күчтүү эмес шифрлөө колдонулат. Үчүнчү жактар тарабынан манипуляциялоо коркунучу бар болгондуктан / инсанды тастыктоочу маалыматтарды уурдоо ж.б.
- “Ар дайым даяр” байланыш: дайыма даяр байланышты колдонгон түзмөктөргө көз карандылык өсүүдө.
- Булуттагы берилиштердин коопсуздугу: сиздин маалыматтарыңызды ким колдонуп жатканы тууралуу эч кандай маалыматыңыз болбойт.

***Социалдык проблемалар***

- Адамдарды маргиналдаштыруу.
- Өздүк маалыматтарды кыянаттык менен пайдалануу мүмкүнчүлүгү.
- Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук жагдайларына технологиянын потенциалынын салым кошуусу[34].

***Экономикалык проблемалар***

- Жумушсуздук.

***Экологиялык проблемалар***

- Ар бир этапта булгануу (кийинки беш жылда 50 миллиард аппарат).

## Интернетке кошулган оюнчуктар жана робототехника

Технологиялык прогресстин өсүшү менен адамдардын жашоосунда фундаменталдуу кайрадан өзгөрүүлөр жүрүп жатат, аларды чоңдор гана эмес, ошондой эле («оюнчуктар интернетинин» пайда болушуна байланыштуу) балдар жана жаштар да көбүрөөк колдонушат. Жашообуздун көбүрөөк аспектилери компьютерлештирилген маалыматтарга айланган сайын, балдарды жана жаштарды коопсуз жана ишенимдүү санариптик дүйнөдө чоңоюшу үчүн коркунучсуз пайдаланууга көңүл буруу зарылчылыгы өсүүдө.

Робототехниканы түшүнүүдөгү өзгөрүүлөр болууда; балдардын турмушун «роботтоштуруу» маселеси кеңири талкууланууда [35] . Заводдордо адамдын эмгегине коркунуч келтирүүчү примитивдүү, кир, кооптуу өндүрүш машиналары деп эсептелген роботтор азыр өтө өнүккөн, жардам берүүгө даяр, коомдук деп эсептелген машиналарга айланып, күнүмдүк жашоодо жана бош убактыбызда өз-ара аракеттеше ала турган нерселер катары эсептелүүдө. Оюнчуктар көп убакыттан бери робот түрүндө жасалганы менен, алардын иш-аракеттерди кемчиликсиз жасоо мүмкүнчүлүктөрү үчүн эбегейсиз чоң өзгөрүүлөр талап кылынган. Эми алар жөн гана кадимки илимий фантастикалык роботтун формасын жана көрүнүшүн алышпастан: алар баса, сүйлөй жана ойлоно ала турган оюнчуктарга айланып жанданышат.

---

[34] Julie Inman Grant, 2019, When "smart" is not necessarily safe: the rise of connected devices extending domestic violence, https://www.esafety.gov.au/about-us/blog/when-smart-not-necessarily-safe-rise-connected-devices-extending-domestic-violence.

[35] Jochen Peter at the Safer Internet Forum 2017: Better Internet for Kids (2017), Report on the proceedings of the Safer Internet Forum 2017, https://www.betterinternetforkids.eu/documents/167024/1738388/Report+on+the+proceedings+of+the+Safer+Internet+Forum+2017/fa4db409-4fae-45b1-96ec-35943b7d975d.

Төмөндө роботтоштуруудагы олуттуу техникалык өзгөрүүлөр келтирилген:

- Эсептөө кубаттуулугунун экспоненциалдуу өсүшү.
- мобилдик байланыштарды түзүү.
- Маалыматтарды түзүү жана тармактык маалымат.
- Сенсорлорду, микрофондорду жана камераларды миниатюризациялоо.
- Булуттук робот системаларында эсептөө.
- Жасалма интеллектти жана машиналык үйрөнүүнү өнүктүрүүдөгү прогресс.

Балким, бүгүнкү күндө балдар жана жаштар аралашкан эң кеңири таралган робот – Сири (Siri); санариптик жардамчы менен күлкүлүү көрүнгөн маек жасалма интеллекттин (ИИ) жетилгендигинин жана аны башкарган алгоритмдердин тереңдигинен кабар берет. Социалдык роботко "(социалдык) чөйрөнү кабыл алууга жөндөмдүү жана бул чөйрө (андагы субъекттер) менен өзүнүн ролу менен белгиленген социалдык эрежелерге ылайык максаттуу жана автономдуу өз ара аракеттенүүгө жөндөмдүү жасалма гумандаштырылган түзүлүш" катары аныктама берсе болот. Социалдык роботтор балдарды жана жаштарды өзгөчө кызыктырышы мүмкүн, анткени жаштар жаңы технологияларды тез өздөштүрүп, жаңы технологияларды колдонуучулар катары каралышы сейрек эмес. Мындан тышкары, балдар жана жаштар, адатта, бирдей типтеги чөйрөдө эмес көп багыттуу кызыкчылыктары менен айырмаланышат. Бирок, акыры, балдарга жана жаштарга роботтордун аракеттенүүсүнүн эң күчтүү кесепеттеринин таасири тийиши мүмкүн.

Бала менен роботтун өз ара аракеттенүүсүнүн типтүү мүнөздөмөлөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Мобилдүүлүк.
- Интерактивдүүлүк/өз ара аракеттенүү.
- «Натуралдаштыруу» (сүйлөө, жаңсоо, тексттин ордуна көрүүнү колдонуу).
- Өз ара аракеттенүүнүн ыңгайлашуусу.
- Персоналдаштыруу.
- (Бир) инкарнация.
- Бул учурда процесстер төмөнкүлөрдү чагылдырат:
- Антропоморфизм (адамдын сапаттарын же жүрүм-турумун көрсөтүү).
- Коомчулукка катышуу.
- Катышуу.
- Кабыл алуу окшоштугу.

Балдардын жана жаштардын роботтор менен иштешүүсү алардын когнитивдик өнүгүүсүнө оң да, терс да бир катар потенциалдуу таасири тиет. Оң натыйжаларга дайыма жаңыланып турган жана өз алдынча билим алууга көмөктөшкөн, атайын балага окуудагы ийгиликти жаратууга ылайыкташтырылган. Анча жакшы эмес натыйжалар мазмунга чектөө коюлган Интернет "фильтр көбүкчөлөрүнө" окшош "билим берүүчү көбүкчөлөрүнүн" проблемалары менен түшүндүрүлөт. Мындай учурларда окутуу стили таза алгоритмдик окутуу ыкмасына негизделгендигине карабастан, баланын билиминин майдалануусу жана ашыкча сандагы

фактыларды алуу коркунучунун болушу мүмкүн. Ошентип, мисалы, бала Alexге суроо бергенде (алар Google же Bingден сурагандай эле), алар бир гана жооп алышат, бул алардын мазмунга сын көз караш менен баа берүү жөндөмүн өнүктүрүүгө тоскоол болот.

Ушундай эле коопт онуулар баланын инсандыгын калыптандырууда да пайда болот. Илимий изилдөөлөр[36] көрсөткөндөй, роботтор балдардын жана жаштардын жашоосунда маанилүү ролду ойноп, алардын жашы өскөн сайын инсандык издөөсүн кеңейтүүгө жана тактоого жардам берет. Бирок, роботторду колдонуу менен купуялык маселелерин көтөрүүгө туура келет, мисалы: жакын жердеги адамдын сөзүн/видеосун жаздыруу ата-энелер үчүн гана эмес, балдар жана жаштар үчүн да олуттуу коопсуздук коркунучун жаратышы мүмкүн.

Байланыш аспектилерине тиешелүү роботтор менен болгон мамилелер дайыма эле чыныгы жашоодогу чыныгы мамилелерди чагылдыра бербейт. Бул бир жагынан балдардын жана жаштардын тынчтандыруучу жана сооротуучу каражаты катары кызмат кылган алгоритмди тапкандыктарынан, алардын акырындап коомдон обочолонушуна алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда бул роботтор ата-энелер жана курдаштары менен баарлашууда айта албаган маселелерди “талкуулоого” мүмкүндүк берүүчү “чыгаруучу түйүн” катары кызмат кылаарын билдирет. Биздин роботтор менен болгон мамилебиз ар дайым кызматчы/кожоюн болуп түзүлгөндүктөн роботтор балдарга аларды “сезип жаткандай түр көрсөтө” алышат, ошондуктан балдар жана жаштар мындай мамилелердин чыныгы мамиле катары кабыл алып алданып калуулары мүмкүн.

Йохен Питер белгилегендей, “Роботтор салттуу оюнчуктарга караганда алда канча көп нерсени жасай алат, бирок алар эң жаш колдонуучулар үчүн өтө чоң коопт онууларды алып келет”[37].

## Онлайн оюндар

Кардарлардын саны жана кирешеси боюнча оюндар индустриясы кино индустриясын да, музыка индустриясын да артта калтырды. Анын үстүнө, кичинекей түзмөктөрдө ойной турган мобилдик оюндардын пайда болушу менен оюнчулардын саны болуп көрбөгөндөй көбөйдү. 2019-жылдагы Онлайн Оюндар Мамлекеттик Сурамжылоосуна ылайык, Франциядагы, Германиядагы, Индиядагы, Италиядагы, Жапониядагы, Сингапурдагы, Корея Республикасындагы, Улуу Британияда жана Америка Кошмо Штаттарындагы 4,500 кардарлардын жоопторунун негизинде 18 жаштан ашкан жана жумасына бир жолудан кем эмес видео оюндарды ойногон оюнчулардын 51,8% эркектер жана 48,2% аялдар[38]. Кошумчалай кетсек, 2010-жылдан бери Америка Кошмо Штаттарында 18 жашка чейинкилер видео оюн ойноочулардын жалпы санынын 21% түзөт[39].

Соңку изилдөөлөр Франция, Германия, Испания жана Улуу Британияда 6 жаштан 64 жашка чейинки калктын 54% видео оюндарды ойноорун, анын 77%ы жумасына жок дегенде бир саат ойноорун көрсөттү. Мындан башка дагы Германия, Испания, Италия, Улуу Британия жана

[36] Van Straten, C. L., Peter, J., & Kühne, R. (2019). Child-robot relationship formation: A narrative review of empirical research. International Journal of Social.

[37] Van Straten, C. L., Peter, J., & Kühne, R. (2019). Child-robot relationship formation: A narrative review of empirical research. International Journal of Social.

[38] Limelight Networks (2019), Market Research: The State of Online Gaming, http://img03.en25.com/Web/LLNW/%7B02ca9602-173c-43a4-9ee1-b8980c1ea459%7D_SOOG2019_MR_8.5x11.pdf.

[39] Statista.com (2019), U.S. Average Age of Video Gamers in 2019 | Statista, https://www.statista.com/statistics/189582/age-of-us-video-game-players-since-2010/.

Франция 6 жаштан 15 жашка чейинки балдардын төрттөн үч бөлүгү видео оюндарды ойношот; алардын жалпы саны GameTrack боюнча беш европалык рынокто 24 миллиондон ашык. Алар ар кандай түзмөктөрдү колдонушат, алардын 10дон 7си приставкаларды же “акылдуу аппараттарды” колдонушат[40].

Дүйнөдө 2,5 миллиарддан ашык видео оюн оюнчулары бар деп эсептелинет. Оюнчулардын эң көп саны “PUBG” оюнунда катталып, бир сааттын ичинде 3 миллионду түзгөн[41]. Дүйнө жүзү боюнча оюн видео контентти көрүүгө арналган алдыңкы платформалардын бири Twitch болуп саналат, анын кирешеси 2017-жылы бардык оюн видеоконтенттеринин платформасынын кирешелеринин 54% түзгөн.

Оюндагы ички сатып алуулар онлайн оюндардын барган сайын маанилүү компонентине айланууда. Байланыштардын жакшыруусуна жана интернет ылдамдыгынын өсүүсүнө байланыштуу оюнчулар оюндардын физикалык көчүрмөлөрдү сатып алуунун ордуна оюндарды жүктөп алууну көбүрөөк тандашат. 2018-жылдан 2019-жылга чейин Түштүк Африкада онлайндык сатуу 13% га өскөн[42].

Аудиториянын ар түрдүүлүгүнө карабастан, дагы эле эркек иштеп чыгуучулар үстөмдүк кылган оюн индустриясы көбүнчө гетеросексуалдык эркек аудиториянын кызыкчылыктарына кызмат кылууга умтулат. Тилекке каршы, бул көп учурда ашыкча сексуалдуу аял каармандардын жаралышына, аны менен бирдикте эркек эмес жана ак эмес оюн каармандарынын жоктугуна алып келет.

Мобилдик оюндардын ар түрдүүлүгүнөн тышкары, онлайн оюндар тармагында зор өсүш бар. Бардык оюндарды онлайн ойноого болбойт, бирок бүгүнкү күндө бардык оюн консолдору Интернетке кирүү менен жабдылган. Онлайн оюндар, кардарлар башка колдонуучулар менен онлайн ойной алат дегенди билдирет. Кээ бир оюндарда “достор” катары катталган адамдар менен гана ойнолсо, башкаларында дүйнөнүн бардык аймактарынан катышкан оюнчулар менен болуп, кээде туш келди, кээде ойноочулардын көндүмдөрүнүн деңгээлине же каалоолоруна жараша болот.

Оюндардын ар кандай түрлөрү бар жана алар дайыма өзгөрүп турат. Популярдуу оюндардын жана жанрлардын айрымдары төмөндө келтирилген:

**First person shooter (FPS) -** экшн оюндары, алардын мааниси биринчи адамдын көз карашы менен ок атуучу куралдарды же башка куралды колдонуу менен салгылашуулар, мисалы Call of Duty, Overwatch, BioShock, Battlefield.

**Экшн укмуштуу окуялары -** оюнчу айлана-чөйрөнү жеңип, өздөштүргөн, көбүнчө салгылашууларга катышат же табышмактарды чечет, мисалы, Grand Theft Auto (GTA), Super Mario, Uncharted, The Legend of Zelda, God of War.

**Спорт - FIFA, Madden NFL, NBA** сыяктуу реалдуу жашоодогу профессионалдык оюн спортунун стратегиясын жана физикалык процесстерин тууратан оюндар.

---

[40] Isfe.eu (2019), GameTrack In-Game Spending in 2019, https://www.isfe.eu/wp-content/uploads/2019/12/GameTrack-In-Game-Spending-2019.pdf.

[41] WEPC (2018), 2018 Video Game Industry Statistics, Trends & Data – The Ultimate List, https://www.wepc.com/news/video-game-statistics/.

[42] Chris Cleverly (2019), Mobile Gaming in Africa, https://medium.com/kamari-coin/mobile-gaming-in-africa-cc8bb6d7c49b.

**Sandbox/Open World -** минималдуу сюжет линиясы жана чектөөлөрү бар же чектөөсүз оюндар, мында оюнчу виртуалдык дүйнөнү ээн-эркин кыдырып, аны сыяктуу өз каалоосу боюнча өзгөртөт, мисалы, Minecraft, Terraria, Skyrim, Fallout.

**Multiplayer Online Battle Arena (Moba) -** Дота 2, Легендалар Лигасы, Бороондун Баатырлары, Парагон сыяктуу эки атаандаш команда бири-биринин базаларын басып алуу же жок кылуу үчүн атаандашкан онлайн оюндар.

2018-жылы Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму тарабынан "оюндук бузулуш" катары аныкталган онлайн оюнга көз карандылык тынчсызданууну жаратат[43]. Оорулардын эл аралык классификациясынын 11-оңдолгон басылышында келтирилген аныктамага ылайык, бул "оюнду башкаруунун бузулушу менен мүнөздөлгөн оюн жүрүм-турумунун үлгүсү ("санариптик оюндарга" же "видео оюндарга" карата), оюнга башка кызыкчылыыктарга караганда көбүрөөк артыкчылык берүү менен күнүмдүк иштерден жогору турган даражада коюп, каалабаган кесепеттер пайда болгонуна карабастан ойноону улантуу же күчтөндүрүү". Оюндук бузулууну диагностикалоо үчүн тиешелүү түрдө жок дегенде бир жыл бою туруктуу жүрүм-турумга байкоо жүргүзүү зарыл.

Оюндарга байланыштуу тынчсыздануунун дагы бир себеби, алардын онлайн кумар оюндары менен байланышы. Мисалы, кээ бир оюндар колдонуучуларды олжо кутучасы менен бактысын сынап көрүүгө үндөйт: оюнчу туш келди түшкөн сыйлыкты алуу үмүтү менен оюндагы акчага кутучаны сатып алат (оюн валютасы чыныгы акчага сатылып алынат)[44].

Жакында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча дүйнөлүк олжо кутучаларынын рыногу 20 миллиард фунт стерлингди түзөт[45].

**Жасалма интеллект жана машиналык үйрөнүү**

Жасалма интеллект (ИИ)темасы массалык маалымат каражаттарынын кызыгуусун жаратууда. Сыналуучу колдонмолорду спектри кеңейүүдө. ИИ ошондой эле андагы туура эмес чечимдердин пайда болушуна байланыштуу тынчсызданууну жаратат.

ИИ жана машина үйрөнүүнү аныктоо маанилүү, бирок алар үчүн бирдиктүү жана универсалдуу аныктама жок. Ал максатка, багытка жана конкреттүү милдеттерге жараша болот. Аныктамалардын ар түрдүүлүгү "адамдын интеллектинин" ар кандай аныктамаларын да чагылдырат. Мындан тышкары, конкреттүү жана жалпы милдеттерди аткарууда айырма бар: ал эми биринчиси адамдар тарабынан ийгиликтүү аткарылса, ИИ конкреттүү тапшырмаларды аткарууда өтө зарыл.

Машиналык үйрөнүү көпчүлүк учурларда машиналарга маалыматтардан үйрөнүүгө мүмкүндүк берген ыкмаларды камтыйт. Ал моделдерди түзүү үчүн маалыматтарды жалпылоого багытталган. Машиналык үйрөнүү азыркы ИИ колдонмолорунун 80%ынын өзөгүн түзөт.

ИИ контекстинде бир катар суроолордун каралышы зарыл:

- Так аныкталган проблемалардын жоктугу: пробеманы аныктоо ийгиликтин ачкычы болуп саналат.

---

43 WHO (2018), WHO|Gaming Disorder, https://www.who.int/features/qa/gaming-disorder/en/.

44 Parentzone.org.uk (date?) , What Are Loot Boxes?, https://parentzone.org.uk/article/what-are-loot-boxes.

45 RSPH (2019), Skins in the Game A High-Stakes Relationship between Gambling and Young People's Health and Wellbeing? https://www.rsph.org.uk/uploads/assets/uploaded/a9986026-c6d7-4a76-b300ba35676d88f9.pdf.

- Маалыматтын жеткиликтүүлүгү: Жеткиликтүү маалыматтар көбүнчө туура эмес, эскирген, “кир” же толук эмес. ИИ жана алгоритмдик системаларды даярдоо жана өнүктүрүүгө жашы улуу колдонуучулардан чогултулган маалыматтар көбүнчө колдонулат. Натыйжада мындай алгоритмдик чечимдерди кабыл алуу системалары жана ИИ негизиндеги үлгү таануу программалары чоңдорго багытталган болушу мүмкүн жана алардын функциялары балдарга же алардын жүрүм-турумундагы коркунучтарды так эмес баалоого жана туура эмес категориялоого негизделиши мүмкүн экенин билдирет.
- Ошо сыяктуу эле, ИИ боюнча чечимдерди кабыл алуу процесстерин калыптандыруу жана маалымдоо үчүн колдонулган маалымат топтомдору жана моделдери этникалык, жыныстык, майыптык ж.б. улам кээ бир адамдардын муктаждыктарын так чагылдырбашы жана чечпей калышы мүмкүн. Демек, секторлор аралык факторлоруна жараша так көрсөтүлбөгөндүктөн, бул топтогу балдар начар абалда калуулары мүмкүн.
- Түшүнүүгө кайдыгер мамиле кылуу: кээде модель алгач коюлган тапшырманы чечүү үчүн эмес жагдайга жараша иштеп, мисалы, жакында ММКда (массалык маалымат каражаттарында) издөө сурамдарында ИИ сүрөттөрдү туура эмес чечмелей тургандыгы жөнүндө макалалар пайда болду46.
- Катанын баасы.

Жасалма интеллект укмуштуудай өнүгүүдө, бирок анын пайда болушуна байланыштуу пайда болгон дилемма өзүн-өзү башкарган унаалардын контекстинде «вагонетка проблемасына» абдан окшош[47].

[46] James Vincent (2019), If You Can Identify What’s in These Images, You’re Smarter than AI, https://www.theverge.com/2019/7/19/20700481/ai-machine-learning-vision-system-naturally-occuring-adversarial-examples.

47 Amy Maxmen (2018), Self-Driving Car Dilemmas Reveal That Moral Choices Are Not Universal, https://www.nature.com/artides/d41586-018-07135-0.

# 6 Кооптуу жана зыяндуу булактарды түшүнүү

7-сүрөттө балдар интернетте дуушар боло турган коркунучтардын классификациясы көрсөтүлгөн. Ден соолукка жана бейпилдик турмушка коопτонуулардын (интернетти ашыкча колдонуу, уйкунун жетишсиздиги, ж.б.у.с.) бар экендиги белгилүү.

**7-сүрөт: Онлайн чөйрөдө балдар дуушар болгон кооптуу маалыматтардын классификациясы**[48]

| | **Контент**<br>Бала керектөөчү катарындагы (массалык өндүрүштө) | **Контакт**<br>Бала катышуучу катары (чоңдор тарабынан демилгеленген аракеттерге) | **Жүрүш-турушу**<br>Бала активдүү актер (бузуучу/курман) катары |
|---|---|---|---|
| **Агрессивдүү мүнөздөгү** | Ырайымсыздык / зордук-зомбулук көрүнүштөрү | Куугунтуктоо | Коркутуу, теңтуштардын душмандык жүрүм-туруму |
| **Сексуалдык мүнөздөгү** | Порнографиялык материалдар | Груминг, бейтааныш адамдар менен жолукканда сексуалдык зомбулук | Сексуалдык асылуу, секстинг |
| **Баалуу мүнөздөгү** | Расисттик / жек көрүү сезимин туудуруучу контент | Идеологиялык ынандыруу | Колдонуучу жараткан потенциалдуу зыяндуу контент |
| **Коммерциялык мүнөздөгү** | жарнак, жашыруун маркетинг | Жеке маалыматтарды пайдалануу, анын ичинде туура эмес пайдалануу | Кумар оюндары, автордук укукту бузуу |

7-сүрөт балдардын интернетте дуушар болгон тобокелдиктерин категорияларга бөлгөн матрицаны көрсөтөт. Үч графанын төмөнкүдөй рубрикалары бар: 1) контент (бала керектөөчү катары бала (массалык өндүрүш)); 2) контакт (катышуучу катары бала (чоңдор тарабынан демилгеленген аракеттерге)); 3) жүрүш-турушу (бала активдүү актер (бузуучу/курман) катары). Төрт саптын аталышы: «Агрессивдүү мүнөздөгү», «Сексуалдуу мүнөздөгү», «Баалуу мүнөздөгү», «Коммерциялык мүнөздөгү» деп аталат. Саптардын мазмуну: «Агрессивдүү мүнөз» - 1) ырайымсыздык/зордук-зомбулук көрүнүштөрү; 2) куугунтуктоо; 3) теңтуштарынын бейбаштык, кастык жүрүм-туруму; «сексуалдык мүнөздөгү» - 1) порнографиялык материалдар; 2) бейтааныш адамдар менен жолукканда сырткы көрүнүш, сексуалдык зомбулук; 3) сексуалдык асылуу, секстинг; «Баалуулукка негизделген» - 1) расисттик/жек көрүү мазмуну; 2) идеологиялык ишеним; 3) колдонуучу жараткан потенциалдуу зыяндуу контент; «Коммерциялык мүнөздөгү» - 1) жарнак, жашыруун маркетинг; 2) жеке маалыматтарды пайдалануу, анын ичинде туура эмес пайдалануу, 3) кумар оюндары, автордук укукту бузуу.

[48] Livingstone, S., Haddon, L., Görzig, A., and Ólafsson, K. (2011). Risks and safety on the internet: The perspective of European children. Full findings. LSE, London: EU Kids Online, http://eprints.lse.ac.uk/33731/.

### 1-окуя

Бул мисалда ИШИМ террорчулары тарабынан Иорданиялык учкучтун өлтүрүлгөн окуясы тууралуу видеону көргөн бала жөнүндө окуя берилген[49]. Окуя тууралуу бала апасы менен мектептен кайтып келе жаткан учурда радиодогу кабар аркылуу угат. Ал бул окуя тууралуу кененирээк билгиси келип апасынан сурай баштаганда анын апасы мындай окуяны талкуулоого даяр эмес болчу. Апасы радиону өчүрүп, үйгө чейин унчукпай келүүнү өтүнөт. Баланы "учкуч тирүүлөй өрттөлдү" деген кабар абдан тынчсыздандыргандыктан, ал үйгө кайтып келгенден кийин эмне болгонун майда-чүйдөсүнө чейин түшүнүүгө аракет кылып, Интернеттен издей баштайт.

Издөө системасы сунуштаган жаңылыктар каналынын сайтында окуянын жарыяланган видеосу да бар болчу. Бала бул видеону күйгүзөр замат аны көрбөө керек экенин түшүнс да, токтоно албай, толугу менен көргөнүн айтты. Көргөндөрү аны абдан таң калтырып, анын кесепетинен уктаганда жаман түш көрө баштайт. Бул окуя аны катуу капалантат, бирок ал улуулардын урушубы деген реакциясынан корккондуктан, эч кимге айткан эмес.

Бир жагынан алганда, анын энесинин мамилеси түшүнүктүү, анткени кээ бир чоңдор Интернеттеги контенттердин айрым түрлөрүнө тиешелүү түрдө жооп берүүнү биле беришпейт. Бирок, мындай нерселерди талкуулоо канчалык ыңгайсыз жана кыйын болсо да, аларды талкуулоо абдан маанилүү. Ата-энелер балдарын угууга даяр болушу керек жана алар балдары менен аларды кызыктырган ар кандай маселелерди талкуулай ала тургандай шарт түзүшү керек.

## Контент

- мыйзамсыз жана/же потенциалдуу зыяндуу мазмундагы, тактап айтканда, порнографияга, кумар оюндарына, өзүнө зыян келтирүүгө багытталган материалдарды камтыган жана балдар менен жаштар үчүн ылайыксыз башка мазмундагы веб-сайттардын таасир этиши. Көпчүлүк учурларда бул веб-сайттардын операторлору аларга балдардын жана жаштардын кирүүсүн чектөө боюнча таасирдүү чараларды көрүшпөйт.
- Башка колдонуучулар менен болгон байланыштын таасири.
- Өзүнө-өзү зыян келтирүү, ырайымсыз жүрүш-туруш.
- Радикализмдин, расизмдин жана башка басмырлоочу тилдердин жана сүрөттөрдүн таасир этиши.
- Интернетте табылган так эмес же толук эмес маалыматка же белгисиз же ишенимсиз булактардан алынган маалыматка таянуу же колдонуу.
- Мыйзамсыз же зыяндуу мазмундагы контентти түзүү, көрүү жана аларды таратуу.

[49] CBS News (2015), ISIS Video Shows Jordanian Pilot Being Burned to Death, https://www.cbsnews.com/video/isis-video-shows-jordanian-pilot-being-burned-to-death/.

**Онлайн чөйрөсүндөгү манипуляциялоо**

Бүгүнкү күндө балдар менен жаштардын интернетте, атап айтканда, социалдык тармактарда көбүрөөк болуусу менен, алар алгоритмдер менен фильтрленген манипуляциялык таасирлерге ээ болгон ар кандай мазмундагы контенттерге дуушар болушат. Мисал катары саясий тараптын манипуляциялоосу (белгилүү бир саясий көз караштарды жайылтуу), фейк жаңылыктар (саясий, коммерциялык же башка максаттарда жалган маалымат таратуу) жана жарнама түрүндөгү (балдарда жана жаштарда белгилүү бир бренддерге же продуктыларга эрте артыкчылыктарды калыптандыруу).

Мындай алгоритмдик жекелештирилген чөйрө балдардын жана жаштардын нормалдуу өнүгүүсүнө, пикирлерине, каалоолоруна, баалуулуктарына жана адаттарына олуттуу таасирин тийгизүү менен, алардын ар кандай мазмундагы ой-пикирлерге эркин кирүүсүнө жана талдоосуна тоскоолдук кылышы мүмкүн.

## Контакт

- Кылмышкер башка адамга атайылап зыян келтирүү, куугунтуктоо же бейбаштык кылуу максатында башка адамдын, көбүнчө башка баланын кейпин кийиши мүмкүн.

**Онлайн чөйрөсүндөгү сексуалдык азгырыктоо, же груминг**

Балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зордук-зомбулуктан коргоо боюнча Европа Кеңешинин Конвенциясы (Лансарот Конвенциясы) груминг (балдарды сексуалдык максатта тийишүү) улуу адамдын жаш курагы жете элек балдарга сексуалдык зомбулук жасоо максатында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуп, атайылап жолугушууга сунуштоосу катары аныктайт[50]. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге ыктоо дайыма эле жеке жолугушуу болбойт. Мындай аракеттер онлайн режиминде да аткарылат, бирок мындай учурда да балдарга сексуалдык зомбулук көрсөтүү менен балага олуттуу зыян келтирилет[51].

Сексуалдык азгыруунун, же груминүгдин контекстинде көңүл виктимизация процессине бурулат, анткени тиешелүү изилдөөлөр негизинен балдардын жана жаштардын өздөрүнүн арасында жүргүзүлөт.

[50] Европа Кеңеши (1957), Келишимдин 23-статьясы201: балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зомбулуктан коргоо боюнча Европа Кеңешинин Конвенциясы, https://www.coe.int/en/web/conventions/full-list.

51 Committee of the Parties to the Convention on the Protection of Children against Sexual Exploitation and Sexual Abuse (2015), Opinion on Article 23 of the Lanzarote Convention and its explanatory note, http://rm.coe.int/coermpubliccommonsearchservices/displaydctmcontent?documentid=090000168064de98.

### 2-окуя

Бул мисалда биз 13 жаштагы кыз тууралуу окуя каралат, бир адам Инстаграмда өзүнүн адепсиз сүрөттөрүн жиберет. Ал киши өзүнүн жылаңач түшкөн сүрөттөрүн жөнөтүп, кыздан дагы жыланач сүрөттөрүн жөнөтүүнү суранат. Кыз буга макул болбой, аны блоктоп, анын Instagram баракчасына арызданып, ошондой эле болгон окуяны кээ бир досторуна айтып берген – мүмкүн аларды да ушундай нерсе болдубу деп, натыйжады аларда дагы бул окуянын болгону белгилүү болгон. Кыздын баарын туура кылганына карабастан, ата-энесинин реакциясынан коркуп, аларга эч нерсе айткан эмес. Алардын ага Инстаграмды колдонууга тыюу салаарына ишенген жана ал мындай болууну деги эле каалаган эмес. Ал түшүндүргөндөй, Инстаграмда ал достору менен жаңылыктарды жана ушактарды бөлүшүп, чогуу эс алууну пландаштырып, күндүз мектепте эмне болгонун талкуулашкан ж.б.у.с. Кыз ата-энеси (аны коргоо үчүн) ага бул платформаны (Instagram) колдонууну токтотуусун талап кылаарыны чын жүрөктөн ишенген. Бирок кыз чынынды эч кандай туура эмес иш кылбаган - бул жерде өз сүрөттөрүн жиберген адам өзүн туура эмес алып жүргөн. Мындай кырдаалда ата-эненин баланы коргоого болгон каалоосу түшүнүктүү, бирок алардын башка бирөөнүн кылганы үчүн кызын жазалоолору таптакыр туура эмес. Биз Инстаграмдагы кыздын дээрлик бардык реакциялары туура болгон деп ойлошубуз керек. Ата-энелер балдары Интернетте кездешкен көйгөйлөрү жөнүндө айтып беришсе, аларга маңыздуу жооп берүүлөрү абдан маанилүү. Алар баласын угуп, колдоо көрсөтүүлөрү керек.

### Кордоо жана куугунтуктоо

Бейбаштык - бул кайда жана кандай гана болбосун бейбаштык. Кордоо онлайн чөйрөсүндө өзгөчө зыяндуу болушу мүмкүн, анткени ал кеңири жайылат жана буга көп адамдар күбө болот. Андан башка да, электрондук түрдө таратылган контент каалаган убакта кайра пайда болуп, жабырлануучуга окуяны унутуп калууну кыйындатышы мүмкүн; кордоо жабырлануучунун кадыр-баркына шек келтирген сүрөттөр же кемсинткен сөздөр түрүндө болушу мүмкүн, мындай контент күнү-түнү жеткиликтүү. Электрондук кражаттардын жардамы менен кордоо суткасына 24 саат, жумасына 7 күн болушу мүмкүн, башкача айтканда, жабырлануучу «коопсуз» болгон жерде да, мисалы, үйдө, ал жабырлануучунун жеке жашоосуна кол салышы мүмкүн, ал тургай жеке маалымат бурмаланып, сүрөттөр өзгөртүлүп, анан башка адамдарга берилиши мүмкүн. Мындан тышкары, кордуктоо анонимдүү болушу мүмкүн[52].

Көбүнчө чыныгы жашоодо кордуктоого алынган балдар жана жаштар интернетте да жабырланууга учурашат[53]. Акыркы изилдөөлөр боюнча майып балдар зомбулуктун[54] ар кандай түрлөрүнө көбүрөөк дуушар болушат, атап айтканда, алар сексуалдык зордук-зомбулуктун[55]

---

[52] Dr Tanya Byron (2008), The Report of the Byron Review: Safer Children in a Digital World, https://www.education.gov.uk/publications/eorderingdownload/dcsf-00334-2008.pdf.

[53] Schrock et al. (2008),Online Threats to Youth: Solicitation, Harassment, and Problematic Content, https://cyber.harvard.edu/sites/cyber.law.harvard.edu/files/RAB_Lit_Review_121808_0.pdf.

[54] UNICEF (2013), State of the World's Children Report: Children with Disabilities, https://www.unicef.org/publications/index_69379.html.

[55] Mueller-Johnson, Eisner and Obsuth (2014), Sexual Victimization of Youth With a Physical Disability: An Examination of Prevalence Rates, and Risk and Protective Factors, http://journals.sagepub.com/doi/10.1177/0886260514534529.

курмандыгы болуп калышат, ошондуктан онлайн чөйрөсү алар үчүн кооптуу болуп кала берет. Виктимизация баланын чыныгы же болжолдонгон майыптыгынын негизинде, же тил өзгөчөлүгү жана жүрүш-турушу, же баланын майыптыгы менен байланышкан алар колдонгон жабдуулар сыяктуу белгилүү бир мүнөздөмөлөрдүн негизинде кордоо, куугунтуктоо, четтетүү жана дискриминация түрүндө болушу мүмкүн. Мүмкүн болгон кооптонууларга төмөнкүлөр кирет:

- Жалаа жабуу (диффамация) жана кадыр-баркка зыян келтирүү;
- Кредиттик карталарды уруксаатсыз пайдалануу, ата-энелердин же башка адамдардын кредиттик карталарын уруксатсыз колдонуу кызматтарды же товарларды сатып алуу;
- Кол салуучулардын, негизинен, каржылык пайда көрүү максатында, башка интернет колдонуучулардын кейпин кийүү аракеттери. Кээ бир учурларда жеке маалыматтарды уурдоо, алдамчылыктын бул түрү чоңдор арасында кеңири таралган.
- Керексиз жарнама: кээ бир компаниялар веб-сайттар аркылуу балдарга товарларды сатып алууну суранган спам билдирүүлөрдү жөнөтүшөт. Бул колдонуучунун макулдугу жана аны кантип алуу керек деген суроону жаратат. Бул чөйрөдөгү мыйзамдар жеткилең эмес жана балдар жана жаштар маалымат берүү процессин качан түшүнө баштаарын аныктоо өтө көйгөйлүү. Интернетте тиешелүүченемдик укуктук актыларды кантип колдонуу керек деген суроонун өзү татаал маселе жана уюлдук телефондордун болушу көйгөйдү ого бетер курчутат;
- Керексиз контакттар, өзгөчө чоңдор өздөрүн башка адам, же балдар, же жаштар катары көрсөтсө.

### Жүрүш-туруш

- Физикалык зомбулуктун коркунучуна алып келген жеке маалыматты ачыкка чыгаруу;
- Интернетке таанышкан адамдар менен реалдуу жолугушууда физикалык зыян келтирүү, мындай жолугушуудагы мүмкүн болгон физикалык жана сексуалдык зомбулук.
- “Секстинг” - бул сексуалдык асылууга, секс-чакырыктарга, грумигге себеп болгон интимдик сүрөттөрдү салуу[56].

### Секстинг

“Секстинг” (уюлдук телефондор аркылуу сексуалдык мүнөздөгү билдирүүлөрдү же сүрөттөрдү жөнөтүү) өспүрүмдөр арасында кеңири таралган көрүнүш. Бул сүрөттөр жана билдирүүлөр көбүнчө мамиледеги адамдар же потенциалдуу өнөктөштөр тарабынан бөлүшүлөт, бирок кээде мындай мазмун бир топ кеңири аудиторияга тарап кетиши мүмкүн. Көпчүлүк жаштар мындай аракеттердин мүмкүн болуучу кесепеттерин жана алар менен байланышкан потенциалдуу кесепеттерди адекваттуу баалай алышпайт деп эсептелинет[57].

Секстингге байланыштуу негизги кооптонуулардын бири - бул балдар жана жаштар балдарга сексуалдык зомбулук көрсөткөн мыйзамсыз материалдарды түзүшү мүмкүн, бул олуттуу мыйзамдуу жазаларга алып келиши мүмкүн. Коркунучтарга төмөнкүлөр кирет:

---

[56] Lanzarote Committee (2019), Opinion on child sexually suggestive or explicit images and/or videos generated, shared and received by children, https://rm.coe.int/opinion-of-the-lanzarote-committee-on-child-sexually-suggestive-or-exp/168094e72c.

[57] UNICEF (2011), Child Safety Online: Global Challenges and Strategies, http://www.unicef.it/allegati/child_safety_online_1.pdf.

- Белгилүү курактагы же кызыккан адамдар үчүн товарларды сатуу максатында веб-сайттар аркылуу компаниялардын жарнамалары жана директүү спамдарды таратуу.
- Экрандын алдында көп убакыт өткөрүү сыяктуу ден-соолукка коркунуч туудурган жүрүм-турум: ден-соолукту сактоо, ишенимди бекемдөө үчүн маанилүү болгон социалдык иш-аракеттерге же көңүл ачуу, социалдык өнүгүү жана жалпы жыргалчылык иш-чараларына зыян келтирүүчү Интернетти жана/же онлайн оюндарды ашыкча колдонуу.
- Өздөрүнүн же башкалардын укуктарын бузуунун натыйжасында плагиаттуу түрдө жана уруксатсыз интернетке контентти (өзгөчө сүрөттөрдү) жайгаштыруу. Мурда айтылгандай, ылайыксыз сүрөттөрдү интернетке жүктөө жана уруксатсыз жайгаштыруу башка адамдарга зыян келтириши мүмкүн.
- Башка адамдардын автордук укуктарын сактабоо, мисалы, Интернеттен төлөөгө тийиштүү музыканы, тасмаларды же телепрограммаларды жүктөп алуу менен.
- Жеке адамдардын куракты туура эмес көрсөтүүсү, же баланын өзүнүн курагына ылайык келбеген мазмунду камтыган веб-сайттарга кирүү үчүн улгайган адамдын кейпин кийүүсү, же чоңдордун баланын кейпин кийүүсү.
- Ата-эненин электрондук почтасын алардын макулдугусуз колдонуу: Ата-эненин макулдугу алар үчүн кийинчерээк жок кылуу өтө кыйын болушу мүмкүн болгон кээ бир онлайн аккаунттарды активдештирүү үчүн талап кылынат. Ата-энесинен уруксат сурабоо үчүн балдар, жаштар мындай ыкмага барышат.

2020-жылы ЕС изилдөө тармагы жүргүзгөн “Балдар онлайн чөйрөсүндө”деп аталган сурамжылоо балдар менен жаштардын жаңы медиаларды кантип колдонушаарын жана чоңдор кабыл алган медианы кантип колдонушаарын салыштырган [58] . Ошондой эле балдардын санариптик чөйрөдө алардын укуктары кандайча корголушу керек деген изилдөөлөр, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын [59] санариптик чөйрө [60] менен өз ара аракеттенүүсү боюнча иш жүргүзүлгөн.

Интернет коопсуздугу компаниясынын негизги максаты жүрүм-турум үлгүлөрүн өзгөртүү, анын ичинде балдарды жана жаштарды интернетте коопсуз болууга үндөө, ошондой эле ата-энелердин жана балдар менен (туугандары, мугалимдери ж.б.) балдарга онлайн коопсуз болууга үйрөтүү.

Балдардын жана жаштардын интернеттеги коопсуздугу өзүнчө маселе катары каралбай, балдар жана жаштар, алардын коопсуздугу жана интернетке байланышкан ар кандай демилгелер менен тыгыз байланышкан маселе катары каралышы керек.

[58] Smahel, D., Machackova, H., Mascheroni, G., Dedkova, L., Staksrud, E., Ólafsson, K., Livingstone, S., and Hasebrink, U. (2020). EU Kids Online 2020: Survey results from 19 countries. EU Kids Online,

[59] Lundy et al. (2019), TWO CLICKS FORWARD AND ONE CLICK BACK: Report on children with disabilities in the digital environment, https://rm.coe.int/two-clicks-forward-and-one-click-back-report-on-children-with-disabili/168098bd0f.

[60] Council of Europe (2017), It is Our World: Children’s Views on How to Protect Their Rights in the Digital World, https://rm.coe.int/it-s-our-world-children-s-views-on-how-to-protect-their-rights-in-the-/1680765dff.

# 7 Ата-энелердин жана камкорчулардын ролу

Ата-энелер балдарды жана жаштарды технологиянын артыкчылыктарынан коопсуз пайдалана алышы үчүн колдоого алуулары керек. Алар тең салмактуулук менен мамиле жасап, Интернет сунуш кылган ар түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү эске алышы керек. Ата-энелер көптөгөн онлайн билим берүү ресурстарына жана көндүмдөрдү өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл бурушу сейрек эмес, бирок алар Интернет балдарга социалдык өнүгүүнүн бир катар мүмкүнчүлүктөрүн берерин билиши керек – мисалы, Интернетти колдонуу үчүн негизги мотивация алар ойногон оюндар же балдардын жеке хоббилери. Муну түшүнгөндө, ата-энелер балдары менен жакшы мамиле түзүп, аларга жакшы колдоо көрсөтө алышат. Балдардын жана жаштардын веб-сайттарды коопсуз жана жоопкерчиликтүү колдонуусу үчүн ата-энелер жана камкорчулар төмөнкүлөрдү эске алышы керек:

1. Балдар жана жаштар үчүн онлайн чөйрөдөгү кооптонуулар жана мүмкүнчүлүктөр жөнүндө билүү. Балдар туш болушу мүмкүн болуучу коркунучтарды тааный билүү маанилүү, бирок кооптонуулардын баары эле сөзсүз түрдө зыяндын келип чыгышын билдирбейт.
2. Балдар онлайн чөйрөдө эмне кылып жатканын, алар көрүп, бөлүшүп же түзгөн мазмундун түрүн, алар кандай кызматтарды жана платформаларды колдонушаарын жана кандай оюндарды ойноп жатканын жана кимдер менен баарлашып жатканына активдүү кызыгыңыз. Ата-энелер үчүн балдары колдонгон кызматтарды сынап көрүү дайыма жакшы идея.
3. Ата-энелер балдары менен колдоно ала турган жакшы билим берүүчү жана көңүл ачуучу веб-сайттарды жана оюндарды карап чыгышы керек. Жакшы веб-сайт же оюн түшүнүктүү шилтемелер, даттануу механизмдери жана балдар жана жаштар жана алардын ата-энелери/камкорчулары үчүн көрсөтмөлөрү бар атайын коопсуздук барагына ээ болуу менен мүнөздөлөт.
4. Балдар жана жаштар менен алардын жаш курагына ылайыктуу, убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү керек болгон темалар боюнча үзгүлтүксүз, чын ыкластуу жана ачык диалогду жүргүзүү.

    a. Балдар жана жаштар алар дуушар болушу мүмкүн болгон кооптонууларды түшүнүп, алар менен макулдашып, эгерде чыныгы коркунуч келип чыкса, алар кандай иш-аракеттерди жасай тургандыктарына билгиле, мисалы, алар бул тууралуу сизге айтып берүүлөрү керек.
    b. Балдарды жана жаштарды санариптик жакшы жаран катары өзүн кандай алып жүрүү керектиги жөнүндө ойлонууга, атап айтканда, алар өздөрү жана башкалар жөнүндө кандай маалымат бөлүшө тургандыгы жөнүндө ой жүгүртүүгө үндөп, аларга онлайн чөйрөсүндөгү жүрүш-туруштарынын калыптанышына жардам берүү.
    c. Балдарды интернеттен көргөн нерселерине сын көз менен кароого үйрөтүү; бардык адамдар өздөрү айткандай боло бербестигин жана алар көргөн нерселер чындыкка дал келбей калышы мүмкүн экенин түшүндүргүлө. Аларга онлайн режиминде адамдар өздөрүнүн идеалдуу имиджин, ошондой эле адамдарды манипуляциялоого багытталган фейк жаңылыктарды түзө аларын айтыңыз.
    d. Балдар менен курдаштарынын кысымы жана группада четке кагылып калуу коркунучу, ошондой эле Интернетте достук мамилелерди түзүү маселесин талкуулагыла.
    e. Балдар менен көз карандылыкты пайда кылуучу жана иммерсивдик технологиялардын, айрыкча адамдардын интернетте өткөргөн убактысы же алмашуу маалыматтары валюта же бизнес моделдин негизи болуп саналган бекер платформалардагы маалыматтарды талкуулаңыздар.

5. Бала качан жана кимден жардам сурай турганын билүүсүн текшериңиз. Бул алардын ата-энеси же камкорчусу, мугалими же башка алар ишенген чоңдор болушу мүмкүн. Онлайн

чөйрөсүндө кандайдыр бир жагымсыз окуя болгон учурда, балдар аны ишенген чоңдор менен талкуулашы керек деген эрежени киргизүү керек.

6. Интернетке уташкан түзмөктөрдү колдонуу боюнча бардык үй-бүлө үчүн эрежелерди бекитүү жана балдар интернетте жүрүм-туруму боюнча ата-энелеринен же камкорчуларынан үлгү аларын билиши керек.
7. Балдардын тең салмактуу “санариптик диетада” болушун камсыз кылуу, башкача айтканда, алар Интернетте өз убактысын пайдалуу, түрдүү иш-аракеттерге, анын ичинде окууга, чыгармачылыкка жана позитивдүү баарлашууга тартуу. Ар кандай тиркемелерге жана кызматтарга сарпталган убакыттын статистикасын көзөмөлдөө үчүн орнотулган куралдарды колдонуу.
8. Түзмөктүн ишенимдүү колдонуучулары болуңуз жана балдарыңызга билим бериңиз. Ата-энелерге үйдө да, сыртта да онлайн түзмөктөрүн башкарууга жардам бере турган бир катар куралдар бар.

    a. Смартфондор, планшеттер жана компьютерлер сыяктуу ачык эмес, интернетке туташкан бардык түзмөктөрдү карап көрүү. Оюн консолдорун, жеке жардамчыларды, интернетке туташкан сыналгыларды жана интернет байланышы бар башка түзмөктөрдү да карап көрүү.
    b. Балдар жана жаштар кандай контентке, оюндарга, колдонмолорго жана кызматтарга кире аларын чечип жатканда жаш курактык чектөөлөрдү эске алыңыз. Колдонмо дүкөндөрүнүн жана платформалардын ортосунда курактык чектөөлөр айырмаланышын унутпаңыз. Аппараттын жөндөөлөрү аркылуу сиз кайсы колдонмолорду жана оюндарды жүктөп алууга жана колдонууга уруксат берилгенин көзөмөлдөй аласыз.
    c. Балдар жана жаштар онлайн көрө ала турган мазмунду фильтрлөө үчүн көбүнчө ата-эненин көзөмөлү деп аталган мазмун чыпкаларын жана коопсуз издөө системаларын же кирүүгө чектөөлөрдү колдонууну карап көрүү.
    d. Ата-эне катары, сиз балдарыңыздын көңүлүн ооруткан, тынчсыздандырган же чаташтырган же колдонуу шарттарын бузган деп эсептеген контент жөнүндө кантип кабарлоону түшүнүшүү керек. Сиз керексиз деп эсептеген байланыштарды кантип бөгөттөө керектигин билүү.
    e. Балаңыздын онлайн аракеттерине көз салган мониторинг колдонмолорун жана технологияларын колдонуунун жакшы жана жаман жактарын кылдаттык менен таразалап алыңыз. Аларды жашыруун колдонуу жүрүм-турумга терс таасир тийгизүү менен үй-бүлөдөгү чыр-чатактарга, анын ичинде зордук-зомбулукка алып келиши мүмкүн. Эгер сиз аларды колдонсоңуз, анда балаңызга эмнеге жана кандай максат менен колдонуп жаткандыгыңызды түшүндүрүңүз.
    f. Балдардын жана жаштардын жетилип, өсүп-өнүгүшүнө жараша аларга коюлган чектөөлөр жаш курагына ылайыктуу болушу жөнгө салынышы керек; балдарыңыз онлайн чөйрөнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана алышы үчүн алардын онлайн чөйрөдөгү туруктуулугун жогорулатуу маанилүү.

9. Балдарга кирүү сыр сөздөрүн достору же бир туугандары менен бөлүшпөөгө үйрөтүңүз. Алардын жеке маалыматын качан жана кайда бөлүшүүсүнө көңүл буруңуз - мисалы, жалпыга ачык профилде сүрөттөрүн коюуда, жашы, мектеби жана жашаган жери сыяктуу маалыматтарды киргизүүдө өтө этият болууну талап кылуу.
10. Интернетте бардыгы тең эле сиздин балаңызга жамандык каалайт деп ойлобоңуз. Балдардын веб-сайттары жалпысынан коопсуз жана балаңыз үчүн чыгармачылык менен социалдашуу жана билим алуу үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет, бирок сиздин катышууңуз жана сергек болушуңуз талап кылынат.

11. Эгер балаңыздын жүрүм-турумунан же анын интернеттеги досторунун биринин жүрүм-турумунан сизди тынчсыздандырган нерсени угуп же көрүп калсаңыз, сабырдуу болуңуз жана шашылыш жыйынтык чыгарбаңыз. Аппараттардан кутулам же алып кетем деп коркутуунун кереги жок, анткени кээ бир жаштар үчүн алар социалдаштыруунун эң маанилүү куралы болуп саналат. Эгерде сиздин балдарыңыз алардын түзмөктөрүн алып коюшат деп коркушса, анда алар, балким, алардын көңүлүн ооруткан проблемалары жөнүндө айтып беришпейт.
12. Кыйынчылыктарды жеңүү жана жыйынтык чыгаруу жөндөмү санариптик туруктуулукту курууда маанилүү элемент болуп саналат. Балдар интернетте кесепеттүүлүккө же зыянга учураганда, ата-энелер аларга мындай кесепеттерди жеңүүгө жардам берип, мындан ары коопсуз онлайн чөйрөнүн артыкчылыктарынан ырахат алууну улантуу үчүн күрөшүүнүн жолдорун табууга көмөк көрсөтө алышат.

## Жардам үчүн кайда кайрылуу керек?

Көптөгөн өлкөлөрдө балдар жана жаштар көйгөй тууралуу кабарлай турган ишеним телефондору бар. Алардын ишмердүүлүгү кеңири жарыяланып, ар кайсы өлкөлөрдө тиешелүү маалыматтарды таратуу үчүн түрдүү ыкмалар колдонулат. Балдар жана жаштар көйгөй тууралуу билдирүү эч качан кеч эмес экенин жана муну менен алар башкаларга жардам бере аларын түшүнүшү маанилүү.

Балдар жана жаштар кээде кооптуу жүрүм-турумга кабылаарын билишсе да, алар мындай жүрүм-турумга байланыштуу мүмкүн болуучу кесепеттерге көп тынчсызданышпайт жана мындай проблемаларды өз алдынча же теңтуштары менен чечүүнү артык көрүшөт. Ошентип, алар ата-энелерге же башка чоңдорго потенциалдуу «критикалык» проблемалар пайда болгондо гана кайрылышат.

Бул ыкма көбүнчө чоң жаштагы балдар арасында кеңири таралган, алар ата-энелерге же башка чоңдорго эмне болгонун айтуунун ордуна «Арыздануу»[61] баскычын гана колдонууну (мисалы, Виртуалдык глобалдык иш тобу тарабынан иштелип чыккан) колдонууну артык көрүшөт. Бирок бул бардык балдарга жана жаштарга тиешелүү эмес. Кесепеттүү сайттардын кезигүүсүн түшүнгөн балдар жана жаштар өздөрүнүн аракеттерине көз салып, көбүнчө жаңы технологияларга, балдардын жана жаштардын жүрүм-турумуна баа берүү жана мониторинг жүргүзүүдө негизги роль ата-энелерге таандык деген бирдей көз караштa эместигин көрүп жатабыз[62].

Биздин күнүмдүк жашообуз барган сайын онлайн технологияларга көз каранды болуп бара жаткандыктан, реалдуу жана онлайн дүйнөнүн ортосундагы жөнөкөй айырмачылыктарга этият болушубуз керек. Бул көптөгөн балдар жана жаштар технология берген мүмкүнчүлүктөр (мисалы, өз инсандыгын ачуу, жакын мамилелерди түзүү жана активдүү баарлашуу сыяктуу)

---

[61] Europol (2019), 2019 Virtual Global Taskforce Releases Environmental Scan, https://www.europol.europa.eu/newsroom/news/2019-virtual-global-taskforce-releases-environmental-scan.

[62] Manida Naebklang (2019), Report of the World Congress III against Sexual Exploitation of Children & Adolescents, https://www.ecpat.org/wp-content/uploads/legacy/ECPATWCIIIReport_FINAL.pdf.

менен Интернеттеги баарлашууга байланышкан кесепетчиликтердин (купуялыкка байланыштуу, түшүнбөстүктөр жана адилетсиз практика) ортосундагы жука балансты сезүү[63].

Ата-энелер жана педагогдор эгер бала интернетте сексуалдык зомбулукка кабылды деп шектенсе, анда кесепет кылган адамга бөгөт коюлуп, кат алышуу далил катары сакталышы керектигин билиши керек. Ата-энелер эч кандай шартта өздөрүнүн же башка балдардын тарткан сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрүн көрбөшү керек. Бул материалдарды укук коргоо органдарына тапшырып, балдарга сексуалдык зомбулук же сексуалдык эксплуатация көрсөтүлгөндүгү тууралуу тиешелүү агенттикке билдирүү керек. Эч качан ата-эне зордук-зомбулук фактысын "далилдөө" аракетинде баланын атынан байланышка барбашы керек.

Балдардын сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрүнө арызданууга кошумча маалымат алуу үчүн булактар:

Internet Watch Foundation - https://www.iwf.org.uk/.

Дайынсыз жоголгон жана эксплуатацияланган балдардын улуттук борбору (NCMEC) – https://report.cybertip.org/.

Europol – https://www.europol.europa.eu/report-a-crime/law-enforcement-reporting-channels-child-sexual-coercion-and-extortion.

## 8 Ата-энелер жана камкорчулар үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр

Коопсуздукту камсыз кылуу боюнча кеңештер чогултулган маалыматтарды анализдөөнүн жана колдо болгон изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоонун негизинде даярдалат. Отчеттун бул бөлүмүндө ата – энелер жана камкорчулар үчүн (педагогдор үчүн-өзүнчө тизмеде) балдарга жана жаштарга алардын коопсуздугун кантип камсыз кылууну жана онлайн чөйрөдө оң жана баалуу тажрыйба алууну үйрөтүүгө жардам берүү үчүн кенештер сунушталат.

Ата-энелер жана камкорчулар баласына кандай шарттар ылайыктуу экендигин чечүүдөн мурун, ар кандай сайттардын мүнөзүн, балдарынын коркунучтарды түшүнүү деңгээлин жана ата-энелердин тиешелүү тобокелдиктерди азайтууга салым кошуу мүмкүнчүлүгүн так баалашы керек.

Интернет балдарга жана жаштарга аларды кызыктырган материалдарды сунуштоо жагынан зор потенциалга ээ. Негизги маселе-аларды позитивдүү жана жоопкерчиликтүү онлайн жүрүм-турум формаларына үйрөтүү. 1-таблицада ар бир суроонун алкагында ата-энелер жана камкорчулар көңүл бурушу керек болгон негизги аракеттер келтирилген.

[63] Livingstone (2008), Taking Risky Opportunities in Youthful Content Creation: Teenagers' Use of Social Networking Sites for Intimacy, Privacy and Self-Expression, http://journals.sagepub.com/doi/10.1177/1461444808089415 (last visited 16 January 2020].

**1-Таблица: Ата-энелер жана камкорчулар көңүл бурушу керек болгон негизги аракеттер**

| Ата-энелер, камкорчулар | | | |
|---|---|---|---|
| | # | Негизги аракеттер | Көрсөтүлүшү |
| Сиздин технологиянын коопсуздугу жана сакталышы | 1 | Балдарыңыз менен сүйлөшүңүз. Алар менен онлайн режиминде иш-аракеттерди уюштурууга аракет кылыңыз. | Балдардын Интернетте эмне кылып жатышканына кызыгып, алардан сураңыз. Балдарда жана жаштарда ата-энелер аларга ишенбейт деген сезим болбошу маанилүү. Чыпкаларды орнотуу, көзөмөлдөө жана кирүүнү чектөө маанилүү, бирок бул диалог жана талкуу менен коштолушу керек. Балдар жана жаштар үйдөн тышкары башка адамдар менен убакыт өткөргөндө, алар башка (балким, кирүү чектөөсү жок) түзмөктөргө кире алышат, андыктан ишенимдүү баарлашуу чоң мааниге ээ: эгерде бир нерсе болуп калса, айтып беришеби? Балдар жана жаштар Интернетте болгон кандайдыр бир окуя жөнүндө айтып жатканда, сабырдуулук менен жооп берүү маанилүү. Эң негизгиси, алар сизге бул жөнүндө кабарлашты жана сиздин адекваттуу реакцияңыз аларга жардам бере алат деген пикирди бекемдейт, демек, эгер ушундай нерсе кайталанса, алар сизге кайра кайрылышат.<br><br>Балдар жана жаштар үчүн, алар «Интернет мейкиндиги» эмне экенин жакшыраак түшүнүү үчүн, Интернет деген эмне экенин түшүнүү менен, алардын сүйүктүү платформалары жайгашкан, мисалы, Instagram, Snapchat жана YouTube, «интернет мейкиндиги» деген эмне экенин жакшыраак түшүнүшөт. Интернет көбүнчө балдар жана жаштар үчүн абстракттуу жердей сезилет жана анын ишин так түшүнбөгөндүктөн, коопторууларды түшүнүү жана таануу кыйынга турушу мүмкүн. Көптөгөн кооз жерлери жана жагымдуу адамдары бар ири шаарга окшоштурууга болот, бирок анын кээ бир жактары кооптуу болгондуктан барбай турган жерлер дагы бар. Бул балдарга жана жаштарга Интернеттен кездеше турган ар кандай «контингент», маалымат кантип жайылышы мүмкүн ж. б. жөнүндө ойлонууга жардам берет. |

| Ата-энелер, камкорчулар | | | |
|---|---|---|---|
| | # | Негизги аракеттер | Көрсөтүлүшү |
| | | | Ата-энелер балдарынын интернетте эмне кылып жатканына кызыгып, ишенимдүү мамилелерди жана ачык диалогду түзүү максатында өздөрүнүн онлайн тажрыйбалары жөнүндө сүйлөшүүгө даяр болушу керек. |
| Сиздин технология-нын коопсуздугу жана сакталышы<br>*(уландысы)* | 2 | Үй-бүлөңүздө / үйүңүздө кандай технологиялар, шаймандар жана кызматтар колдонулаарын аныктаңыз. | Түзмөктөрдөн баштаңыз: үйүңүздө кайсы түзмөктөр интернет байланышта экендигин, анын ичинде сиздин үй – бүлөңүздүн мүчөлөрү колдонгон - уюлдук телефондор, ноутбуктар, планшеттер, ошондой эле «акылдуу» телевизорлор, оюн консолдору жана фитнес трекерлери.<br>Ушул түзмөктөрдүн жардамы менен үй-бүлөңүздүн мүчөлөрү кандай онлайн кызматтарын жана колдонмолорун колдоноорун аныктаңыз. |
| | 3 | Бардык түзмөктөргө брандмауэр жана антивирус программасын орнотуңуз. Чыпкалоо, бөгөттөө же көзөмөлдөө программалары үй-бүлөңүз үчүн пайдалуу жана ылайыктуубу же жокпу, пилону көрүңүз. | Бардык түзмөктөрүңүзгө антивирус жана зыяндуу программалардан коргоочу программаларды орнотуп, аларды дайыма жаңыртып туруңуз. Балдарыңызга интернет коопсуздугунун негиздерин үйрөтүңүз. Мисалы, иштөө тутуму жаңыртылганбы? Колдонмонун эң акыркы версиясын колдонуп жатасызбы? Акыркы системанын коопсуздук жаңыртуулары орнотулганбы?<br>Чыпкалоо жана көзөмөлдөө программалары абдан натыйжалуу, бирок аларды колдонууда ишенимдүүлүктү жана купуялуулук маселелерин эске алуу керек. Ата-энелер балдарына бул программаларды үй-бүлөнүн коопсуздугун камсыз кылуу үчүн колдонуп жаткандыгын түшүндүрүшү керек. |
| Эреже | 4 | Үй-бүлөңүз менен интернетти жана жеке түзмөктөрдү колдонуу шарттарын макулдашып, купуялуулукка, сайттардын, тиркемелердин жана оюндардын балаңыздын жаш курагына ылайыктуулугуна, экран алдында | Балдар жана жаштар технологияны колдоно баштаганда, алар менен жалпы эрежелерди талкуулап, иштеп чыгыңыз. Бул эрежелер балдарга жана жаштарга интернетти качан жана кандай жол менен колдонууга уруксат берилерин, ошондой эле экрандын алдында канча убакыт өткөрө аларын аныкташы керек.<br>Санариптик чөйрөдөгү жүрүм-турум үлгүсү: ата-энелер балдарына жакшы үлгү көрсөтүшү маанилүү. Балдардын көз алдында ата-энелери/камкорчулары тиешелүү үлгү болсо, |

| Ата-энелер, камкорчулар | # | Негизги аракеттер | Көрсөтүлүшү |
| --- | --- | --- | --- |
| | | өткөргөн убакыттын көлөмүнө жана бейтааныш адамдар тараптан болуучу коркунучка көңүл буруңуз. Мындан тышкары, балдар жана жаштар ата-энелерден, камкорчулардан жардам сурай аларын билиши үчүн үйдө колдоо атмосферасын түзүңүз. | алар туура жүрүм-турум үлгүсүн тезирээк түзүшөт.<br><br>Ошол эле логика сүрөткө тартууга жана сүрөттөрдү интернетке жайгаштырууга да тиешелүү болушу мүмкүн: сүрөттөрдү онлайн жарыялоодон мурун макулдук алуу керек. Ата-энелер социалдык тармактарда жана жалпысынан Интернетте балдары жөнүндө кандай маалыматтарды бөлүшүп жаткандыгына көңүл бурушу керек, айрыкча балдар жөнүндө жеке окуялар же алардын сүрөттөрү. Балаңыздын купуялыгын эске алыңыз-учурда да, келечекте да.<br><br>Балдар жана жаштар онлайн режиминде (жана чыныгы жашоодо) туш болгон кыйынчылыктарды жана көйгөйлөрдү талкуулай алышы керек. Мындай талкуулоону баштоонун бир жолу-Интернеттеги тигил же бул жүрүм-турумду чагылдырган маалымат каражаттарынан жаңылыктардын мисалын алуу. Бул көйгөйдү жекелештирүүгө жана балдарга жана жаштарга өз көз караштарын билдирүүгө мүмкүндүк берет. |
| Ата-энелерди жана камкорчуларды окутуу | 5 | Балдарыңыз кандай онлайн жана мобилдик кызматтарды колдоноорун (социалдык медиа, веб-сайттар, колдонмолор, оюндар ж.б.) билип туруңуз, ошондой эле балдарыңыздын Интернетте убактысын кандайча өткөрөрүн билип алыңыз. | Колдонмолорду жана платформаларды колдонууда балдардын жана жаштардын коопсуздугун кантип камсыз кылууну үйрөнүңүз, анын ичинде аккаунттун купуялуулугун орнотуу, курактык чектөөлөрдү эсепке алуу ж. б.<br><br>Family Link сыяктуу жана башка ата-энелердин көзөмөл куралдарын, мобилдик шаймандарды колдонуңуз. Айрым өнүмдөр сатылып жаткандыгын жана колдонмодогу кандай сатып алуулар мүмкүн экендигин текшериңиз.<br><br>Онлайн чөйрөдө балдардын жана жаштардын жүрүм-турумунун мотивациясын түшүнүүгө аракет кылыңыз. Эмне үчүн алар конкреттүү веб-сайттарды жана кызматтарды колдонушат? Бул нерселерди түшүнүү балдарга жана жаштарга кандай социалдык жана эмоционалдык кыйынчылыктар (кээде коркунучтуу жүрүм-турумга алып келиши мүмкүн) туш болорун жакшыраак түшүнүүгө |

| Ата-энелер, камкорчулар | | | |
|---|---|---|---|
| | # | Негизги аракеттер | Көрсөтүлүшү |
| | | | жардам берет жана сиз аларга туруктуулукту кантип өнүктүрүү боюнча кеңештерди бере аласыз. |
| Интернет-сайттардын өзгөчөлүктөрү | 6 | «Санариптик макулдук» курагына көңүл буруңуз | Кээ бир өлкөлөрдө компаниялар же веб-сайттар жаштардан ата-энесинин ырасталган макулдугун албастан жеке маалымат берүүсүн талап кыла турган минималдуу жашты белгилеген мыйзамдар бар. «Санариптик макулдук» курагы, адатта, 13-16 жашка чейин өзгөрөт. Кээ бир өлкөлөрдө жаштардан жеке маалыматты суроодон мурун ата-эненин макулдугун талап кылуу практикасы рекомендация болуп саналат, ал эми башка өлкөлөрдө бул мыйзам деңгээлинде бекитилген (ЕБдин маалыматтарды коргоо боюнча жалпы жобосунун 8-беренесин караңыз)). Жаш балдарга арналган көптөгөн веб-сайттар жаңы колдонуучуну каттоо үчүн ата-эненин макулдугун талап кылат. Ар бир кызматтын минималдуу жаш талаптарын текшериңиз. |
| | 7 | Кредиттик карталарды жана башка төлөм механизмдерин колдонууну көзөмөлдөө | Сатып алууларды жүргүзүүнү жана төлөм механизмдерин жана кредиттик карта маалыматтарын камтыган, ата-энелердин эсептерине кирүүнү катуу көзөмөлдөө үчүн көптөгөн түзмөктөр, колдонмолор жана кызматтар бар. Кредиттик жана дебеттик карталарыңыздын маалыматтарынын сакталышын камсыз кылуу жана уруксатсыз кирүүгө жол бербөө үчүн эч кимге ПИН коддорун бербөө маанилүү. |
| | 8 | Даттануу механизмдери | Балдарыңыз колдонгон платформаларда проблемаларды кантип билдирүүнү жана профилди кантип жок кылууну же андагы маалыматты өзгөртүүнү үйрөнүңүз жана балдар чоңойгон сайын, алар да муну кантип жасоо керектигин үйрөтүңүз. Ошондой эле, даттануу менен кайрыла турган жергиликтүү «жардам линиялары» кандай экендигин билип алыңыз. |
| | 9 | Жарнама, анык эмес маалымат жана дезинформация | Жарнамалардын орунсуз мазмуну же адаштырышы мүмкүн экендигин унутпаңыз. Балдарыңызга жарнамага кантип даттанууга болорун, аларга кандай мазмун сунушталып |

| Ата-энелер, камкорчулар | | | |
|---|---|---|---|
| | # | Негизги аракеттер | Көрсөтүлүшү |
| | | | жатканын көзөмөлдөй аларын айтыңыз. Балдар жана жаштар интернеттен көргөн нерселердин баары алардын көз карашына таасир этиши мүмкүн экенин түшүнүү маанилүү. Медиа-маалыматтык сабаттуулук деңгээлин жогорулатууга жардам бериңиз. |
| Балдарды окутуу | 10 | Колдоо атмосферасын түзүңүз | Балдар жана жаштар онлайн дүйнөсү чыныгы дүйнөнүн чагылышы экендигин– анын жакшы да, жаман да жактары бар экендигин түшүнүүлөрү керек. Балдар жана жаштар бир нерсе болуп калса, ар дайым сизден жардам жана колдоо сурап кайрыла алаарын жана кимдир бирөөгө онлайн режиминде колдоо көрсөтө алаарын билиши керек.<br><br>Балдарыңыздын жашына жараша, алар интернетте кандай мазмунду жайгаштырып жатканына жана онлайн профилдеринде кандай маалымат берилгенине кызыксаңыз болот.<br><br>Балдар жана жаштар интернеттеги кооптуу маалыматтарды тааный билиши керек – алардын айрымдары түшүнүктүү болсо да, башкалары – мажбурлоо, шантаж, эл алдында шылдыңдоо адегенде анчалык деле ачык эмес болоорун билүүлөрү керек. Мындай ыкмаларды кол салгандар жана кылмышкерлер көп колдонушат.<br><br>Балдар жана жаштар Интернетке кирүү белгилүү бир жоопкерчиликти талап кылаарын түшүнүшү керек. Алар мыйзамдар реалдуу дүйнөдө гана эмес, онлайн чөйрөдө да бар экенин билүүлөрү жана ошого жараша жүрүм-туруму керек экендигин. |
| | 11 | Балдар жана жаштар онлайн дүйнөсү жөнүндө көбүрөөк билген сайын, алар чыныгы жашоодо тааныш эмес, бирок онлайн режиминде байланышып турган адамдар менен жолугушууну каалашат. Сиз аларга интернет аркылуу | Балдар жана жаштар интернетте гана баарлашкан бейтааныш адамдар менен түз жолугушууну чечсе, чыныгы коркунучка кабылышы мүмкүн. Интернеттеги адамдар өздөрү айткандай болбой калышы мүмкүн. Бирок, эгерде күчтүү онлайн достук пайда болуп, балаңыз жолугушууну уюштурууга даяр болсо, анда аны жалгыз же коштоосуз жүрүүгө жол бербеңиз, бирок аны менен бара турганыңызды билдириңиз же сиз ишенген башка чоң кишинин аны менен |

| Ата-энелер, камкорчулар | | | |
|---|---|---|---|
| | # | Негизги аракеттер | Көрсөтүлүшү |
| | | баарлашкан бейтааныш адамдар менен жолугушуу канчалык коркунучтуу экенин түшүндүрүшүңүз керек. | барышын текшериңиз. Албетте, бардыгы баланын жашына жараша болот.<br>Мындан тышкары, акыркы мезгилдерде физикалык байланышсыз кылмыштар көбөйүп жаткандыгын эске алуу керек, мында кылмышкерлер менен кол салгандардын максаты бала менен жолугушуу эмес, андан сексуалдык мүнөздөгү материалдарды алуу. |
| | 12 | Персоналдык маалыматтын маанилүүлүгү | Балдарыңызга жеке маалымат деген эмне экенин жана аны кантип башкарууну айтып бериңиз. Балдарга жана жаштарга сиздин жана алардын оюу боюнча сырттан келгендер көрө алат деп ойлогон маалыматты гана бөлүшүшү керектигин түшүндүрүңүз. Алар өздүгүн аныктоочу маалыматты бөлүшпөөсү керек. Балдарга жана жаштарга онлайн режиминде кадыр-барк түшүнүгү бар экендигин эскертип коюңуз. Контент жарыялангандан кийин, аны өзгөртүү же тууралоо татаал болушу мүмкүн экендигин эске алуу. |
| Балдарды окутуу | 13 | Балдар жана жаштар Интернетте сүрөттөрдү, анын ичинде өздөрүнүн жана досторунун сүрөттөрүн жарыялоо эмнени билдирерин түшүнгөндүгүн текшериңиз. | Балдарыңызга сүрөттөр жеке маалыматтын көпчүлүгүн ачып бериши мүмкүн экендигин түшүндүрүңүз. Балдар жана жаштар камераларды колдонуу менен байланышкан контентти жарыялоодогу коопонууларды түшүнүшү керек. Башка адамдардын сүрөттөрү алардын макулдугусуз жайгаштырылбаганы жакшы. Мындай эреже балдарынын сүрөттөрүн тартып, жайгаштырышкан ата-энелерге да тиешелүү. Мындан тышкары, балдар жана жаштар кээде достору же үй-бүлө мүчөлөрү маалыматты ачып бериши мүмкүн экендигин түшүнүшү керек, андыктан бул жөнүндө достору жана туугандары менен сүйлөшүп, ашыкча ачыкка чыгаруунун зыяндуулугун айтып бериши керек. Балдарыңызга көчө аттары, унаа номерлери же мектептин аты сыяктуу оңой аныкталуучу элементтери бар сүрөттөрүн же досторунун сүрөттөрүн жайгаштырбоого кеңеш бериңиз. |

# 9 Мугалимдердин ролу

Мисалы, педагогдордун маанилүү ролу балдарга жана жаштарга сырсөздөр эмне үчүн керек экенин жана алардын коопсуздугун кантип камсыз кылуу керектигин, ошондой эле күчтүү сырсөзду кантип ойлоп табууну түшүндүрүү болуп саналат: көптөгөн өспүрүмдөр бири – бирине сырсөздөрдү беришет-бул көбүнчө достуктун эң жакшы жагы деп эсептешет.

Интернеттеги балдардын жана жаштардын купуялуулук маселелери активдүү талкуулардын предмети болуп саналат жана Лондон экономика мектеби тарабынан жүргүзүлгөн фактологиялык кароонун жыйынтыгында, балдар жана жаштар жеке турмушунун бүтүндүгүнө олуттуу мамиле жасашат жана коргоо чараларын көрүшөт, бирок алар онлайн режиминде өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүктөрүн жогору баалашат. Мындан тышкары изилдөө «ата-энелердин көмөктөшүүчү медиациясы» балдардын жана жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө чоң мааниге ээ экенин аныктады, анткени бул аларга кээ бир тобокелдиктер менен күрөшүүгө жана ошол эле учурда коопсуз жүрүм-турум стратегияларын үйрөтүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөө ошондой эле «балдарга колдоо көрсөткөн ата-энелер, педагогдор жана кызматкерлер үчүн медиа-маалыматтык сабаттуулукту өнүктүрүү боюнча ресурстарды жана окутуу программаларын иштеп чыгуу зарыл, анткени фактылар чоң кишилерде балдар жана жаштар дуушар болуп жаткан онлайн тобокелдиктер жана алардын маалыматтарын коргоо ыкмалары жана жеке турмуштун кол тийбестиги тууралуу билимдерде олуттуу кемчиликтер бар экенин көрсөтүп турат»деп белгиленген[64].

Мектептерде окуучулардын потенциалын ачууга жана МКТ билим берүү стандарттарын жогорулатууга жардам берүү үчүн окуу программасын тууралоо мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, балдар жана жаштар бул жаңы технологияларды, айрыкча, жемиштүү жана чыгармачыл социалдык окутуунун маанилүү элементи болгон социалдык медиа платформалары жана кызматтары сыяктуу кеңири технологияларын коопсуз колдонууну үйрөнүшү да маанилүү. Бүгүнкү күндө балдар жана жаштар өзүлөрүнүн контентин оңой эле түзүп, социалдык медиа платформалары, алардын көпчүлүгү түз жиберүү, аркылуу кеңири аудитория менен бөлүшө алышат.

Педагогдор балдарга жана жаштарга технологияны акылдуулук менен жана коопсуз колдонууга жардам бере алышат, айрыкча:

- катуу эрежелерди жана жол-жоболорду жана алардын натыйжалуулугун үзгүлтүксүз баалоо жана кайра карап мектепке кабыл алууну камсыз кылуу;
- санариптик жарандык боюнча окуу дисциплиналарын окуу пландарына киргизүү аркылуу санариптик көндүмдөрдү жана санариптик сабаттуулукту калыптандырууга көмөктөшүү. Интернеттеги коопсуздук сабактарынын чегинде окутуунун социалдык жана эмоционалдык аспектилерине көңүл буруу керек, анткени бул студенттерге алардын эмоцияларын жакшыраак түшүнүүгө жана башкарууга, демек, онлайн режиминде да, чыныгы жашоодо да дени сак жана урматтуу мамилелерди түзүүгө жардам берет;
- жол берилген пайдалануу эрежелери (МТЧ) жана аларды сактоо зарылдыгы жөнүндө жалпы маалымдуулукту камсыз кылуу. AUP тун болушу абдан маанилүү жана алар жаш курагына ылайыктуу болушу керек;


[64] Sonia Livingstone, Mariya Stoilova, and Rishita Nandagiri (2018), Children's Data and Privacy Online: Growing up in a Digital Age, http://www.lse.ac.uk/media-and-communications/assets/documents/research/projects/childrens-privacy-online/Evidence-review-final.pdf.

- Интернет же уюлдук байланыш жана башка аппараттардын жардамы менен жүргүзүлүүчү бейбаштыкка каршы мектеп саясатын бекемдөө, ошондой эле укук бузуулар үчүн натыйжалуу жаза белгилөө;
- онлайн коопсуздук маселелери боюнча координаторду дайындоо;
- мектеп тармагынын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу;
- расмий Интернет провайдеринин кызматтарын колдонуу;
- чыпкалоо/мониторинг жүргүзүү үчүн программалык продуктуларды колдонуу;
- бардык балдарга жана жаштарга онлайн режиминде коопсуздук боюнча билим берүү уюмдары, мындай окутуу кайда, кантип жана качан өткөрүлө тургандыгын көрсөтүүнү уюштуруу;
- бардык кызматкерлерди (анын ичинде техникалык кызматкерлерди) даярдоонун жетиштүү деңгээлин камсыз кылуу, ошондой эле алардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу;
- мектепке атайын координаторду дайындоо жана көңүл бурууну талап кылган мектептеги проблемалар жана тенденциялар жөнүндө бирдиктүү көз карашты калыптандыруу максатында онлайн коопсуздукка байланыштуу инциденттерди эсепке алуу жана каттоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;
- административдик-башкаруу персоналынын жана жетекчилеринин мектептеги онлайн коопсуздук маселелери боюнча жетиштүү деңгээлде кабардар болушун камсыз кылуу чараларын көрүү;
- онлайн коопсуздук жаатындагы бардык чараларды үзгүлтүксүз текшерип туруу;
- Интернет жана он-лайн технологиялардын балдарды жана жаштарды окутууга жана алардын психикасына потенциалдуу таасир этээрин эске алуу;
- Акыркы жылдары, балдардын жана жаштардын интернет-технологияларды пайдалануусу кескин өсүп жатат, анын натыйжасында онлайн чөйрөдө коопсуздук маселелери боюнча тынчсыздануулар да өсүүдө. Тарыхта, коом байланыш технологиясынын потенциалдуу коркунучуна байланыштуу «моралдык дүрбөлөңдүн» толкуну мезгил – мезгили менен каптап, мындай өзгөчөлөнүү жаш аялдарга тиешелүү. Бирок, кээ бирөөлөр мындай коркунучту түздөн-түз изилдөө коркунучтун булагы көбүнчө технологиянын өзү эмес, бул технологияны балдар жана жаштар барган сайын көбүрөөк колдонуп, ата-эне көзөмөлдөөсүн жоготуп алуу менен коштолот деп тыянак чыгарышат. Мугалимдер интернет коопсуздук маданиятын калыптандырууда жана тарбиялоодо маанилүү ролду ойнойт деп ишенишет. Кыязы, дүйнө жүзү боюнча ата-энелер мектеп балдарын жана жаштарды технологияны коопсуз колдонууга үйрөтүүдө негизги ролду ойношу керек деп эсептешет, бирок изилдөөлөр көрсөткөндөй, онлайн режиминде балдар жана жаштар туш болгон проблемалар жөнүндө маалыматтын негизги булагына мектеп гана эмес, ата-энелер дагы киришет[65]. Тиешелүү окутууга киргизиле турган компетенциялар боюнча кошумча сунуштар .

Европа Кеңешинин санариптик жарандыкка арналган билим берүү долбоорунун алкагында сунушталган[66].

[65] Ofcom (2020), Children and Parents: Media Use and Attitudes Report 2019, https://www.ofcom.org.uk/__data/assets/pdf_file/0024/190518/children-media-use-attitudes-2019-chart-pack.pdf.

[66] Council of Europe (2018), Guidelines to Respect, Protect and Fulfil the Rights of the Child in the Digital Environment, Recommendation CM/Rec(2018)7 of the Committee of Ministers, Building a Europe for and with Children, https://rm.coe.int/guidelines-to-respect-protect-and-fulfil-the-rights-of-the-child-in-th/16808d881a.




**8-Сүрөт: Жаш курактары боюнча интернетти үйдө (2012) же үйдөн тышкары (2017, 2018 жана 2019) колдонгондордун арасынан интернетти коопсуз колдонуу боюнча кандайдыр бир маалымат же кеңеш алгандыгын билдирген балдардын саны**[67]

8-сүрөттө « үйдө (2012) же үйдөн тышкары (2017, 2018 жана 2019) интернетти колдонгондордун катарынан интернетти коопсуз колдонуу боюнча кандайдыр бир маалымат же кеңеш алганын билдирген балдар (8-11 жаш жана 12-15 жаш) «жаш курагы боюнча бөлүнгөн гистограммалардын сериясы берилген, жети булактын кайсынысы: мугалимдерден, ата-энелерден, достордон, башка үй-бүлө мүчөлөрүнөн, мектепке келген полиция кызматкерлеринен, веб-сайттардан же телекөрсөтүү же радио берүүлөрдөн. Көптөгөн булактар боюнча 2012, 2017, 2018 жана 2019-жылдары

- Башында, онлайн коопсуздугун камсыз кылуу ыкмалары негизинен чыпкалоо программалары сыяктуу технологияларды колдонууга негизделген, бирок акыркы жылдары маалыматтык технологиялардын мобилдүүлүгү өсүп жаткандыктан кадимки жумушчу компьютерлер Интернетке кирүүнүн жалгыз каражаты болбой калды. Уюлдук телефондордун, планшеттердин, жеке санариптик жардамчылардын жана оюн консолдорунун саны өсүүдө, балдар жана жаштар мектепте, үйдө, китепканада, интернет кафелерде, фаст-фуд ресторандарында, жаштар клубдарында, ал тургай мектепке бара жаткан коомдук транспортто интернетти колдоно алышат. Мектептер жабык тармактын ичинде же башка балдар менен жаштардын курчоосунда онлайн режиминде кызматташууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай тармакты натыйжалуу коргоону камсыз кылуу биринчи кезектеги чара болуп саналат. Муну менен, балдардын жана жаштардын армактык коргоо менен камтылбаган жеке түзмөктөрү болуусу менен окутуу, талкуулоо жана диалог негизги маселе болуп саналат.
- Онлайн коопсуздук саясаты кызыгуучу топтордун жана тараптардын кеңири чөйрөсүн камтый тургандай иштелип чыгышы жана ишке ашырылышы керек. Аларга төмөнкүлөр кирет:
    - мектеп директорлору;
    - жетекчилер;
    - улук административдик башкаруу кызматкерлери;
    - мугалимдер;
    - техникалык персонал;
    - ата-энелер же камкорчулар;
    - жергиликтүү бийлик органдарынын кызматкерлери;
    - мүмкүн болсо – интернет провайдерлери жана мектептерде интернетке туташууну жана кең тилкелүү кызматтарга жетүүнү камсыз кылгандар.

Бул топтордун бардыгы мектеп саясатын түзүүгө өзгөчө салым кошо алгандыктан, ар биринин өкүлдөрү менен кеңешүү маанилүү. Ошого карабастан, саясаттын болушу жетишсиз жана балдар жана жаштар менен баарлашкан ар бир адам кызматкерлерге коопсуз жүрүм-турум кандай болушу керектигин жана тиешелүү көндүмдөрдү кантип калыптандыруу керектигин аныктоого жардам берүү үчүн активдүү мамиле кылышы керек. Бул топтордун бардыгын баштапкы этапка тартуу ар бир адамга мындай саясаттын маанилүүлүгүн, ошондой эле аны ишке ашыруу үчүн жеке жоопкерчиликти түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

МКТны изилдөө үчүн коопсуз шарттарды түзүү бир катар маанилүү элементтердин болушун болжолдойт, анын ичинде:

- жалпыга маалымдуулукту камсыз кылуу механизми;
- жоопкерчилик, эрежелер жана процедуралар;
- технологиялык куралдардын натыйжалуу топтому;
- электрондук коопсуздук маселелери боюнча ар тараптуу билим берүү;
- окуу жайдын ичиндеги бардык адамдар үчүн окуу программалары;
- МКТ чөйрөсүндө окутуу шарттарынын натыйжалуулугуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуучу изилдөө процесси.

[67] Ofcom (2020), Children and Parents: Media Use and Attitudes Report 2019, https://www.ofcom.org.uk/__data/assets/pdf_file/0024/190518/children-media-use-attitudes-2019-chart-pack.pdf.

Бул элементтердин бардыгы мектептеги балдардын коопсуздугу боюнча саясатка интеграцияланып, МКТ адистеринин жоопкерчилигине гана тиешелүү деп эсептелбеши керек. Интернетте же мобилдик түзмөктөр аркылуу рэкетчилик чыныгы жашоодогу рэкетчиликтен такыр башкача деп ойлоо маанисиз. Ошого карабастан, технология бул көйгөйдү чечүүгө, айрыкча төмөнкү программаларды орнотуу аркылуу олуттуу салым кошо аларын унутпаш керек:

- антивирустук алдын алуу жана коргоо программалары;
- ким жана эмне жүктөп жатканын, качан жүктөлүп алынганын жана кайсы компьютерде экенин көзөмөлдөө үчүн мониторинг системалары;
- мектеп тармагы боюнча орунсуз контентти берүүнү азайтуу үчүн чыпкалоо жана көзөмөлдөө программалары.

Жаңы технологиядан келип чыккан кыйынчылыктарга бардык эле балдар жана жаштар туш боло бербейт; мындан тышкары, бул проблемалардын пайда болушу мындай технологияны колдонгон балдардын жана жаштардын жаш курагына жараша болот. 2008-жылдын аягында Американын Интернет коопсуздугу боюнча техникалык жумушчу тобу онлайн режиминдеги технологиянын контекстинде балдардын коопсуздугун жогорулатуу боюнча отчетун чыгарды, анда онлайн режиминдеги сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге, онлайн режиминдеги куугунтуктоолорго жана рэкетчиликке жана зыяндуу мазмунга дуушар болуу маселелери боюнча жарыяланган оригиналдуу изилдөөнүн негизин түзгөн адабий булактардын мазмундуу баяндамасы келтирилген[68]. Бул отчетто «бул коркунучтардын массалык маалымат каражаттары тарабынан апыртылып жатканы тынчсыздандырып, ал эми жаштардын реалдуу кооптуу маалыматтарга кабылышы анчалык деле коркунучтуу эмес»деп белгиленет. Он жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин деле, бул эскертүү дагы эле жарактуу: ата-энелерге жана тарбиячыларга ар тараптан жаадырылган эскертүүлөр төгүлүп, бул чоңдорду балдарды коопсуз пайдалануу маселелеринде окутууга жана колдоого үндөбөй, онлайн кызматтарына жетүүнү чектөөгө мажбурлайт.

Натыйжада, белгилүү болгон тобокелдиктерге көңүл бурулбай калуу коркунучу бар жанка коом аларга алып келүүчү факторлорду жоюу боюнча чараларды көрүү мүмкүнчүлүгүн азайтып, бул өз кезегинде байкоосуз зыянга алып келиши мүмкүн. Интернетте балдарга жана жаштарга жасалган кылмыштардын массалык маалымат каражаттары тарабынан чагылдырылышы, негизинен, ушул маселелер боюнча адистердин жана илимпоздордун чөйрөсүндө эки карама – каршы лагерге бөлүнүүнү чагылдырат, бир жагынан балдар жана жаштар дуушар болгон коркунучтун апыртмасынан корккондор, экинчи жагынан, бул коркунучту бааланбагандар.

Кандай болбосун, кээ бир балдар жана жаштар интернет технологияларын колдонууда алсыз болуп калышы мүмкүн деген кооптонуу бар, буга байланыштуу ата-энелер жана тарбиячылар сыяктуу эле педагогдорго да жоопкерчилик жүктөлөт. Онлайн режиминде балдарды жана жаштарды кырсыкка кабылдыруу төмөнкү формаларда болушу мүмкүн:

- балдарды сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге көндүрүү, же груминг;
- зыяндуу же мыйзамсыз материалдардын таасири;
- айрым жаштардын коркунучтуу жүрүм-турумун козгой турган чөйрөнүн таасири;
- киберкоркутуу.

Онлайн режиминде балдар дуушар болгон тобокелдиктердин классификациясы 7-сүрөттө келтирилген.

[68] ISTTF (2008), Enhancing Child Safety and Online Technologies: Final Report of the Internet Safety Technical Task Force to the Multi-State Working Group on Social Networking of State Attorneys General of the United States, https://cyber.harvard.edu/sites/cyber.law.harvard.edu/files/ISTTF_Final_Report.pdf.

## Формалдуу эмес билим берүү чөйрөсү

Балдар мектептен жана үйдөн тышкары, көбүнчө жаштар клубдарынан, же чиркөө топтору сыяктуу расмий эмес чөйрөдө Интернетти жана тиешелүү кызматтарды колдонушат. Онлайн чөйрөнүн жана балдар менен жаштардын реалдуу дүйнөсүнүн өз ара байланышынан улам, мындай уюмдарда алар менен иштеген чоңдор, алардын ишмердүүлүгү бул маселелерге түздөн-түз тиешеси жок болсо да, балдардын санариптик чөйрөгө жана онлайн коопсуздук көндүмдөрүнө болгон көз карашына таасир этиши ыктымал. Ошентип, формалдуу эмес чөйрөдө балдар менен иштеген ар бир адам онлайн кооптонуулар жана мүмкүнчүлүктөр жөнүндө бир аз түшүнүккө ээ болушу керек жана балдарга жардамды кайдан алуусуна, керектүү көндүмдөрдү кантип үйрөтүүсүнө колдоо көрсөтө алуусу зарыл.

Педагогдор үчүн көрсөтмөлөрдө камтылган негизги ойлор жана принциптер мындай формалдуу эмес кырдаалдар үчүн да актуалдуу, бирок контекстке жараша аларды тууралоо же кошумча ойлор талап кылынышы мүмкүн.

## Түзмөктү чыпкалоону жана байланышууну башкаруу

Бейформал чөйрөдө жардамчы персонал, ыктыярчылар жана балдар жеке шаймандардын жардамы менен кызматтарды көп колдонушу мүмкүн, же болбосо түзмөктү башкаруу жана контентти чыпкалоо тутумдары мектептерге караганда жеткиликтүү же ишенимдүү болушу мүмкүн. Ошентип, формалдуу эмес чөйрөдө, биринчи кезекте, практикалык кызматкерлер жана балдар өз түзмөктөрүн кантип коргоону жана башкарууну билиши үчүн кам көрүү керек. Ошондой эле, колдо болгон чыпкалоо мүмкүнчүлүктөрү жөнөкөй болушу мүмкүн экендигин эске алуу менен, мугалимдер жана балдар мындай коргоого көп ишенбеши керек.

Тиешелүү уюмдарда балдарды коргоо боюнча катуу жана жакшы иштелип чыккан саясат жана көрсөтмөлөр болушу керек, бирок тарбиячылар жана ыктыярчылар ар дайым жергиликтүү шаймандарга же кызматтык электрондук почтага кире алышпайт. Демек, тиешелүү саясатта жана аны ишке ашырууда жеке түзмөктөрдү колдонуу маселелерине, ошондой эле мындай колдонуунун коопсуздугун көзөмөлдөө жана мониторинг жүргүзүү ыкмаларына кошумча көңүл буруу керек.

Ошо сыяктуу эле, формалдуу эмес чөйрөдө билим берүү технологияларына, жабдууларга жана колдоого мүмкүнчүлүк болбогондо, социалдык медиа жана мессенджерлер мектептерге караганда көбүрөөк колдонулат. Ошентип, аларды колдонуу тартибин жана аларды коопсуз башкаруу ыкмаларын аныктоо үчүн уюштуруу саясатынын, практиканын жана окутуунун аспектилерин кошумча карап чыгуу зарыл болушу мүмкүн.

## Окутуу жана колдоо

Формалдуу окутууда иштеген педагогдор үчүн жеткиликтүү болгон колдоого салыштырмалуу формалдуу эмес чөйрөдө иштеген педагогдор жана волонтерлор окуу жана көндүмдөрдү өркүндөтүү үчүн азыраак мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу мүмкүн. Демек, мындай формалдуу эмес уюмдар бул жаатта окутууну жана колдоону кантип көрсөтө аларын карап чыгуусу керек.

Педагогдор эске алышы керек болгон кээ бир негизги ойлор 2-таблицада келтирилген.

## 10 Педагогдор үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр

Мугалимдер / Педагогдор төмөндөгү 2-таблицадагы айрым сунуштарды, атап айтканда бул фильтрацияга жана мониторингге тиешелүү, өз алдынча ишке ашыра албай тургандыгын эске алуу керек. Тиешелүү чаралар мектептин же башка билим берүү уюмунун деңгээлинде кабыл алынат деп болжолдонууда.

### 2-Таблица: Педагогдор эске алышы керек болгон негизги ойлор

| | # | Негизги ойлор | Баяндоо |
|---|---|---|---|
| **Аппараттардын коопсуздугу жана ишенимдүүлүгү** | 1 | Бардык түзмөктөрдүн ишенимдүү корголгондугун жана аларга кирүү үчүн сырсөз орнотулгандыгын текшериңиз. | Мугалимдер башкалар сыяктуу эле киберчабуулдардын, кесепеттүү программалардын, вирустардын жана хакерлердин алдында алсыз. Мугалимдер колдонгон бардык түзүлүштөр жетиштүү деңгээлде корголушу (күчтүү сырсөз менен) жана колдонулбаган учурларда кулпуланышы маанилүү (мисалы, мугалим класстан чыгышы керек болсо, анда ал колдонгон бардык түзмөктөрдү кулпулап же жумуш сессиясын токтотушу керек/аккаунттан чыгуу). |
| | 2 | Антивирус программасын жана брандмауэрди орнотуңуз. | Бардык түзүлүштөргө брандмауэр жана антивирус программасын орнотуп, алардын дайыма жаңыланып турушун камсыз кылыңыз. |
| **Саясат** | 3 | Бардык мектептерде мектептин чегинде окуу процессинин ар кандай катышуучулары технологияны кайда жана кандайча колдоно ала тургандыгын жөнгө салуучу, ошондой эле балдардын коопсуздугуна байланыштуу инциденттерге, анын ичинде онлайн режиминде жооп кайтаруу тартибин белгилеген саясат болушу керек. | Мугалимдер мобилдик технологияларды жана башка электрондук түзүлүштөрдү колдонууга байланыштуу саясатты сакташы керек. Аппараттарды колдонууда мугалимдер туура жүрүм-турумдун үлгүсүн көрсөтүшү маанилүү. Мектептерде мобилдик түзүлүштөрдү кайда жана качан колдонууга байланыштуу эрежелер белгилениши керек. |

| | # | Негизги ойлор | Баяндоо |
|---|---|---|---|
| | 4 | Окуучулардын сүрөттөрү. | Мектептерде окуучулардын сүрөтүн тартууга болобу же жокпу деген эрежелер белгилениши керек. Мектеп кызматкерлери окуучулардын сүрөтүн билим берүү максатында тарта алабы? Буга ата-энелерден/камкорчулардан/студенттердин өзүнөн уруксат алынганбы? Эрежелерде окуучулардын жана кызматкерлердин коопсуздугу үчүн жеке аппараттарды колдонууга тыюу салынат деп жазылганы жөндүү. |
| **Чыпкалоо жана мониторинг** | 5 | Мектептеги интернет байланышы аркылуу берилген маалыматтарды чыпкалоо жана көзөмөлдөө. | Окуучулар мектептеги ИТ тутумдары аркылуу зыяндуу же орунсуз контентге кирбеши керек. Эч кандай чыпкалоо системасы жүз пайыз коргоону камсыз кылбайт, ошондуктан технологиялык чечимдерди сапаттуу окутуу жана натыйжалуу көзөмөлдөө менен бекемдөө маанилүү. Чыпкалоо системалары, жок эле дегенде, мыйзамсыз контентке, ошондой эле контентке кирүүгө бөгөт коюшу керек. Тактап айтканда, зыяндуу мазмундун төмөнкү категориялары жөнүндө сөз болуп жатат:<br>* дискриминация<br>* агрессивдүү сөздөр<br>* наркотиктерди жана психактивдүү заттарды колдонуу<br>* экстремизм<br>* порнография<br>* каракчылык жана автордук укукту ыйгарып алуу<br>* өзүнө зыян келтирүү же суицидге байланыштуу материалдар<br>* ашкере ырайымсыздык |
| **Онлайн чөйрөдөгү кадыр-барк/ санариптик из** | 6 | Санариптик издин жана онлайн кадыр-баркынын маанисин билүү керек. | Мугалимдер интернеттеги сөздөрү жана иш-аракеттери алардын кадыр-баркына, ошондой эле мектептин/мекеменин кадыр-баркына таасир этиши мүмкүн экендигин түшүнүшү керек.<br>Мугалимдер өздөрүнүн кесиптик абалын эстен чыгарбай, ошого жараша онлайн чөйрөсүндө өздөрүн алып жүрүүлөрү керек. Ошондой эле онлайн кадыр-баркынын маанилүүлүгүн жана аны кантип туура калыптандыруу жөнүндө балдарга үйрөтүү керек. |

| | # | Негизги ойлор | Баяндоо |
|---|---|---|---|
| **Кесиптик байланыштын коопсуздугун кантип камсыз кылуу керек** | 7 | Студенттер, ата-энелер жана башка кызыгуучу тараптар менен кесиптик онлайн байланышуунун маанилүүлүгүн эске керек. | Мугалимдердин жеке жана кесиптик турмушунун ортосунда ар дайым так чек ара болушу керек, бул алардын онлайн чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнө байланыштуу.<br>Мектептин кызматкерлери менен окуучулардын же ата-энелердин ортосундагы байланыш үчүн ар дайым мектептин электрондук почтасын колдонуу керек. Мектептин байланыш саясаты же ишкердик этика кодекси бирден-бир байланышка жана билим берүү иш-аракеттерине байланышпаган байланыштарга же мектепке тиешеси жок платформалардагы байланыштарга тыюу салышы мүмкүн.<br>Студенттер же ата-энелер/камкорчулар менен баарлашуу үчүн жеке түзүлүштөрдү колдонбоо сунушталат.<br>Санариптик жекеме-жеке баарлашуудан алыс болуу керек.<br>Видео конференциялар же сабактар алыскы режимде өткөрүлүп жаткан учурда, мектептер кызматкерлерге да, студенттерге да так көрсөтмөлөрдү бериши керек (мисалы, алыскы сабак/байланыш сессиясы үчүн орун даярдаш керек, аны уктоочу бөлмөдө өткөрбөө керек жана негизинен жакын жердегилер жөнүндө ойлонуу керек – үйдө болобу же класста болобу). |
| **Студенттердин жүрүм-туруму, алардын онлайн чөйрөдөгү аялуулугу жана алардын үчүн тийгизген кесепеттери** | 8 | Интернеттин окуучулар үчүн коркунучтуу да жана пайдалуу да болушу мүмкүн экенин түшүнүү керек | Мугалимдер балдар менен жаштардын Интернетте убактысын кандай өткөрөрүн, бул процессте алар кандай кооптуу учурларга дуушар болорун жана интернеттин кандай пайда алып келерин билиши керек. |

# 11 Корутунду

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) азыркы замандагы адамдын жашоо образын өзгөрттү. Алар бизге реалдуу убакыт режиминде баарлашууга жана маалыматка жана инновациялык кызматтардын кеңири спектрине жетүүгө чексиз мүмкүнчүлүк берет. Ошол эле учурда, бул технологиялар эксплуатациялоого жана кыянат көрсөтүүчү кызматтар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Интернеттин эң активдүү колдонуучуларынын бири болгон балдар жана жаштар, тийиштүү коргоо чаралары көрүлбөсө, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге жана асылууга, ошондой эле зордук – зомбулукка жана башка каалабаган травматикалык материалдардын таасирине дуушар болушат.

Коопсуз кибер чөйрөнү түзүүчү тийиштүү механизмдер болбосо, балдар жана жаштар аялуу бойдон калышат. МКТны кооптуу пайдалануу менен байланышкан тобокелдиктер жөнүндө маалымдуулуктун өсүп жаткандыгына карабастан, бул жаатта дагы деле көп иштер жасалышы керек. Ошондуктан, ата-энелер жана тарбиячылар балдар жана жаштар менен бирге мындай технологияларды колдонууда алар үчүн алгылыктуу жана коопсуз экенин, ошондой эле МКТны колдонууда жоопкерчиликтүү жүрүм-турум эмне экенин талкуулап, чечиши өтө маанилүү.

Биргелешип иш алып баруу менен, ата-энелер, тарбиячылар, балдар жана жаштар МКТнын артыкчылыктарын пайдаланып, балдар жана жаштар үчүн мүмкүн болгон коркунучтарды минималдаштыра алышат.

# 12 Сөздүк

Төмөндөгү аныктамалар негизинен 1989-жылдагы балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын алкагында иштелип чыккан, ошондой эле балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зомбулуктан [69] коргоо жаатындагы терминология боюнча көрсөтмөлөрдүн (Люксембург колдонмолору, 2016), Европа Кеңешинин 2012-жылдагы [70] балдарды эксплуатациялоодон жана зордук-зомбулуктан коргоо боюнча Конвенциясынын, ошондой эле 2019-жылдагы[71] балдардын сексуалдык эксплуатациясы боюнча ведомстволор аралык жумушчу тобу тарабынан түзүлгөн терминологияга таянат.

***Өспүрүм***

Өспүрүмдөр 10 жаштан 19 жашка чейинки адамдар. Белгилей кетүүчү нерсе, эл аралык укукта милдеттүү термин жок өспүрүмдөр жана 18 жашка чейинкилер балдар катары каралат, ал эми

---

[69] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[70] Европа Кеңеши (2012), Балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана зомбулуктан коргоо: Европа Кеңешинин Конвенциясы, https://www.coe.int/t/dg3/children/1in5/Source/Lanzarote%20Convention_EN.pdf.

[71] Globalkidsonline.net (2019), Done Right, Internet Use Can Increase Learning and Skills, http://globalkidsonline.net/synthesis-report-2019/.

19 жаштагылар чоңдор деп эсептелет, эгерде улуттук мыйзамдарга ылайык жаштары эрте келбесе[72].

***Жасалма интеллект***

Кеңири мааниде алганда, бул термин таза илимий фантастика чөйрөсүнө кирген системаларды (өзүн-өзү билүү формасына ээ болгон «күчтүү» ЖИ деп аталат) жана мурунтан эле иштеп жаткан жана өтө татаал тапшырмаларды аткарууга жөндөмдүү системаларды (үндү же жүздү таануу, айдоо: бул системалар «алсыз» же «орто» ЖИ катары сүрөттөлөт) аныктайт[73].

***ЖИ системалары***

ЖИ системасы-бул белгилүү бир адам максаттарынын жыйындысынын чегинде реалдуу же виртуалдык чөйрөгө таасир этүүчү божомолдорду, сунуштарды же чечимдерди кабыл ала турган жана ар кандай деңгээлдеги автономия менен иштөөгө арналган машинага негизделген система[74].

***Alexa***

**Amazon Alexa**, жөн эле **Alexa** деп аталган ЖИ – виртуалдык Жардамчы системасы. Ал үн менен өз ара аракеттенүү, музыка ойноо, иштер тизмесин түзүү, ойготкучту орнотуу, подкасттарды жана аудиокитептерди ойнотуу, аба ырайын болжолдоо, жол абалы, спорттук иш-чаралар жана башка реалдуу убакыт маалыматтары сыяктуу функцияларды колдойт. Ошондой эле, бир нече «акылдуу» түзүлүштөрдү көзөмөлдөп, үйдү автоматташтыруу системасы катары иштей алат. Колдонуучулар бул түзүлүштүн функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейте (башка тарап тарабынан иштелип чыккан кошумча функциялык мүмкүнчүлүктөрү бар, алар башка учурларда Тиркемелер деп аталган, мисалы, аба ырайын көзөмөлдөө программалары жана аудио функциялары сыяктуу)[75] алышат.

***Баланын кызыкчылыгы***

Бир бала же балдар тобу үчүн белгилүү бир кырдаалда чечим кабыл алуу үчүн зарыл болгон бардык элементтерди сүрөттөйт[76].

***Кичинекей бала***

---

[72] ЮНИСЕФ жана ЭЭУ (2015), балдарды онлайн режиминде коргоо боюнча тармактык көрсөтмөлөр,https://www.itu.int/en/cop/Documents/bD_Broch_INDUSTRY_0909.pdf.

[73] Council of Europe (2020), What's AI?, https://www.coe.int/en/web/artificial-intelligence/what-is-ai.

[74] OECD (2019), Recommendation of the Council on Artificial Intelligence, https://webcache.googleusercontent.com/search?q=cache:hTtMv9k1ak8J:https://legalinstruments.oecd.org/api/print%3Fids%3D648%26lang%3Den+&cd=3&hl=en&ct=clnk&gl=ch&client=safari.

[75] Amazon (2019), Alexa Skills Kit Official Site: Build Skills for Voice, https://developer.amazon.com/en-US/alexa/alexa-skills-kit

[76] УВКПЧ (1990 г.), Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, https://www.ohchr.org/en/professionalinterest/pages/crc.aspx.

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 1-беренесине ылайык, эгерде улуттук мыйзамдарда башка жаш курагы көрсөтүлбөсө, 18 жашка чыга элек адам бала болуп саналат[77].

***Балдарга карата сексуалдык эксплуатациялоо жана сексуалдык зомбулук (CSEA)***

Бул түшүнүк сексуалдык эксплуатациялоонун жана сексуалдык кыянаттыктын бардык түрлөрүн сүрөттөйт (1989-ж.баланын укуктары жөнүндө Конвенция, 34-берене), мисалы: «а) баланы ар кандай мыйзамсыз сексуалдык иш-аракеттерге көндүрүү же мажбурлоо; б) балдарды сойкулукта же башка мыйзамсыз сексуалдык практикада пайдалануу; в) балдарды эксплуатациялоо максатында порнографияда жана порнографиялык материалдарда [78] пайдалануу», ошондой эле «эреже катары, анын макулдугусуз күч колдонуу менен жыныстык катнашта болуу». Балдарга карата сексуалдык эксплуатациялоону жана сексуалдык зомбулукту Интернетти колдонуу аркылуу же тигил же бул онлайн чөйрө менен байланыштуу болуп жатат[79].

***Балдарга карата сексуалдык эксплуатациялоого жана сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдар (CSAM)***

МКТнын тездик менен өнүгүшү онлайн режиминде балдарга карата сексуалдык эксплуатациялоонун жана сексуалдык зомбулуктун жаңы түрлөрүн пайда кылды, алар бала менен бетме-бет жолугушуу сөзсүз болбосо дагы, виртуалдык түрдө жасалышы мүмкүн [80]. Көптөгөн юридикалык системаларда балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу сүрөттөр жана видеолор дагы эле «балдар порнографиясы» же «балдардын уятсыз сүрөттөрү» катары каралса да, бул жетектөөчү көрсөтмөлөрдө аларды балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдар деп аташат (бул жерде жана CSAM)). Бул кеңири тилкелүү комиссиянын жетектөөчү көрсөтмөлөрүнө жана глобалдык Альянс WePROTECT [81] тарабынан иштелип чыккан улуттук деңгээлдеги жооп берүү моделине ылайык келет. Бул термин берилген мазмунду тагыраак сүрөттөйт. Порнография мыйзамдуу Коммерциялык өндүрүштү билдирет; Люксембургдун жетектөөчү көрсөтмөлөрүндө «балдар порнографиясы» терминин колдонууга төмөнкүдөй аныктама берилген: ал «балдарга карата сексуалдык зомбулуктун жана/же аларды сексуалдык эксплуатациялоонун оордугун жеңилдетүүгө, маанисин азайтууга же ал тургай мыйзамдаштырууга (ыктыярдуу же эрксиз) салым кошо алат

[77] ЮНИСЕФ жана ЭЭУ (2015), Балдарды онлайн режиминде коргоо боюнча тармактык көрсөтмөлөр, https://www.itu.int/en/cop/Documents/bD_Broch_INDUSTRY_0909.pdf.

[78] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[79] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[80] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf,

[81] WePROTECT Global Alliance (2016), Preventing and Tackling Child Sexual Exploitation and Abuse (CSEA): A Model National Response, https://static1.squarespace.com/static/5630f48de4b00a75476ecf0a/t/582ba50bc534a51764e8a4ec/1479255310190/WePROTECT+Global+Alliance+Model+National+Response+Guidance.pdf; Broadband Commission (2019), Child Online Safety: Minimizing the Risk of Violence, Abuse and Exploitation Online, https://broadbandcommission.org/Documents/working-groups/ChildOnlineSafety_Report.pdf.

[ ... ]. «Балдар порнографиясы» термини мындай иш-аракеттер баланын макулдугу менен жүргүзүлүп, сексуалдык мүнөздөгү мыйзамдуу материал болуп саналат» - дегендей коркунучту жаратат[82].

Термин CSAM балдарга карата сексуалдык зомбулук жана/же аларды сексуалдык эксплуатациялоону билдирген материалдарга тиешелүү. Бул бир эле маалды чоңдор тарабынан балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдарды жазууну; сүрөттөрдү -, ачык сексуалдык аракеттерге катышкан балдардын сүрөттөрү, балдардын жыныстык органдары, биринчи кезекте сексуалдык максаттар үчүн тартылган же колдонулган учурларды дагы камтыйт.

***Балдар жана жаштар***

18 жашка чейинки бардык адамдарды балдар жана жаштар деп билдирүү менен бул көрсөтмөлөрдө жаш балдар деп аталган балдарга 15 жашка чейинки бардык адамдар, ал эми 15 жаштан 18 жашка чейинки курактагылар жаштарга киришет.

***Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар оюнчуктар***

Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар оюнчуктар аны менен Wi-Fi жана Bluetooth сыяктуу технологиялар аркылуу байланышат жана адатта атайын тиркемелер менен биргеликте иштеп, балдарга интерактивдүү ойноо мүмкүнчүлүгүн түзөт. Juniper Research компаниясы жүргүзгөн изилдөөгө ылайык, 2015-жылы интернетке чыккан оюнчуктар рыногунун көлөмү 2,8 млрд АКШ долларына жеткен, болжолдоолорго ылайык, бул көрсөткүч 2020-жылы 11 млрд АКШ долларына чейин өсөт деп берилген. Бул оюнчуктар, балдардын аты – жөнү жөнүндө, геолокация маалыматтарын, даректерди, сүрөттөрдү, аудио жана видео жазууларды чогултат жана сактайт[83].

***Киберкордуктоо, ошондой эле онлайн чөйрөдө кордуктоо***

Өзүн коргоо кыйынга турган жабырлануучуга каршы адамдардын тобу же жеке адам тарабынан бир нече жолу атайылап санариптик технологиянын жардамы менен жасалган агрессивдүү аракетти кибертракт деп түшүнөбүз [84]. Ал, адатта, «кимдир бирөө жөнүндө сезимтал маалыматты жайгаштыруу үчүн санариптик технологияны жана интернетти колдонууну, жеке мүнөздөгү маалыматтарды, керексиз сүрөттөрдү же видеолорду атайылап жайылтууну, коркутуу же кемсинтүү менен билдирүүлөрдү жөнөтүүнү (электрондук почта аркылуу, тез кабарлашуу форматында, чат бөлмөлөрүндө жана тексттик билдирүүлөрдө), жабырлануучу жөнүндө ушактарды жана жалган маалыматтарды жайылтууну же аны онлайн баарлашуудан атайылап четтетүүнү» билдирет[85]. Ал жабыр тартуучуну кордоо максатында түздөн-түз (чат

---

[82] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[83] Jeremy Greenberg (2017), Dangerous Games: Connected Toys, COPPA, and Bad Security, https://georgetownlawtechreview.org/dangerous-games-connected-toys-coppa-and-bad-security/GLTR-12-2017/.

[84] Anna Costanza Baldry, Anna Sorrentino, and David P. Farrington (2019), Cyberbullying and Cybervictimization versus Parental Supervision, Monitoring and Control of Adolescents' Online Activities, https://doi.org/10.1016/j.childyouth.2018.11.0058.

[85] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf;"UNICEF and Global Kids Online (2019), Global Kids Online Comparative Report, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20LAYOUT%20MAIN%20REPORT.pdf.

бөлмөлөрүндө же тексттик билдирүүлөрдө), чектелген коомчулуктун ичинде (электрондук почта тизмеси аркылуу билдирүүлөрдү жана тажатма билдирүүлөрдү жөнөтүү) же коомдук жеткиликтүүлүктө (мисалы, атайын сайттарды түзүү) болушу мүмкүн.

***Кибер жек көрүү, дискриминация жана экстремизм зордук-зомбулугу***

«Кибер жек көрүү, дискриминация жана экстремизм зордук-зомбулугу жеке адамдарга эмес, жамааттык идентүүлүккө, кээ бир учурларда расага, сексуалдык ориентацияга, динге, улутка же иммиграция статусуна, жыныстык/гендердик жана саясий аспектиге каршы багытталган кибер кордуктоонун өзгөчө түрүн билдирет [...].[86]

***Санариптик жарандык***

Санариптик жарандык-бул технологияларды жоопкерчиликтүү пайдалануу жолу менен адам укуктарын жана адамдын кадыр-баркын урматтоого негизделген социалдык катышуунун формаларын жүзөгө ашыруу үчүн натыйжалуу коммуникация көндүмдөрүн жана чыгармачыл мамилени колдонуу менен санариптик чөйрөдө пайдалуу, жоопкерчиликтүү жана компетенттүү ишти жүзөгө ашырууну билдирет[87].

***Санариптик сабаттуулук***

Санариптик сабаттуулук-бул интернет платформалары, социалдык медиа жана мобилдик түзүлүштөр сыяктуу санариптик технологияларды колдонуу менен байланыш жана маалыматка жетүүнү камсыздоодогу коомдо жашоого, үйрөнүүгө жана иштөө үчүн зарыл болгон көндүмдөргө ээ болуу[88]. Ал өзүнө түздөн-түз коммуникация, техникалык көндүмдөр жана критикалык ой жүгүртүүнү камтыйт.

***Санариптик чөйрөнүн таасирине туруштук берүү***

Бул термин баланын онлайн режиминдеги зыяндуу факторлор менен эмоционалдык күрөшүү жөндөмүн сүрөттөйт. Санариптик чөйрөнүн таасирине туруштук берүү, баланын онлайн режиминде кооптуу окуяга туш болгонун түшүнүү, жардам суроону билүү, практикалык сабактарды алуу жана жаман окуялардан кийин зарыл болгон эмоционалдык ресурстарга ээ болууну билдирет[89].

***Мугалимдер***

Педагог-бул башка адамдын берилген сабак боюнча билимин өркүндөтүү боюнча системалуу иш жүргүзгөн адам. Педагогдун ролу мектепте иштөөнү да, формалдуу эмес педагогикалык иш-аракеттерди да камтыйт, мисалы, онлайн режиминде коопсуздук маалыматын берүү же балдардын жана жаштардын онлайн режиминде коопсуз болушу үчүн коомчулукка же мектепке негизделген окуу курстарын өткөрүү.

---

[86] UNICEF and Global Kids Online (2019), Global Kids Online Comparative Report, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/GKO%20LAYOUT%20MAIN%20REPORT.pdf.

[87] Council of Europe (date?), Digital Citizenship and Digital Citizenship Education, https://www.coe.int/en/web/digital-citizenship-education/home.

[88] Western Sydney University-Claire Urbach (date?), What Is Digital Literacy?, https://www.westernsydney.edu.au/studysmart/home/digital_literacy/what_is_digital_literacy.

[89] Dr. Andrew K. Przybylski, et al. (2014), A Shared Responsibility. Building Children's' Online Resilience Report, https://parentzone.org.uk/sites/default/files/Building%20Online%20Resilience%20Report.pdf.

Педагогдун иши анын ишмердүүлүгүнүн шарттарына жана анын күч-аракети тарбиялоого багытталган балдардын жана жаштардын (же чоңдордун) жаш курагына жараша ар кандай болушу мүмкүн.

***Жетекчилер***

Мектептин жетекчилигинде/башкаруу структураларында кызмат орундарын ээлеген бардык адамдарга тиешелүү.

***Груминг онлайн чөйрөдөгү груминг***

Люксембургдун көрсөтмөлөрүнө ылайык, онлайн режиминде груминг онлайн чөйрөдөгү груминг -

бул онлайн режиминде же чыныгы жашоодо сексуалдык байланышка жетүү максатында, бала менен жеке, же Интернет, же башка санариптик технологиялардын жардамы менен мамиле түзүү/куруу процессин билдирет [90]. Балдарды сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттерге же сүйлөшүүлөргө кызыктырууга багытталган процесс - алардын билүүсү менен да, билбестиги менен да кылмышкер менен баланын ортосундагы байланышты жана мамилелерди түзүүнү камтыган процесс. «Груминг» термини эл аралык укукта бекитилген эмес; айрым юридикалык тутумдарда, анын ичинде Канадада «кызыктыруу» термини колдонулат.

***Маалыматтык-коммуникациялык технологиялары (МКТ)***

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялары бардык маалыматтык технологияларды билдирет, анда негизги басым коммуникацияга туура келет. Аларга компьютерлер, ноутбуктар, планшеттер, смартфондор, оюн консолдору, телевизорлор [91] жана сааттар сыяктуу интернет байланышын колдонгон бардык кызматтар жана түзмөктөр кирет. Ал ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдү камтыйт, мисалы, радио, кең тилкелүү байланыш, тармактык жабдуулар жана спутник системалары.

***Онлайн оюндар***

«Онлайн оюн» термини Интернетке туташкан ар кандай түзүлүштөрдү, анын ичинде атайын консолдорду, стационардык компьютерлерди, ноутбуктарды, планшеттерди жана уюлдук телефондорду колдонуп, бир же көптөгөн ойноочулар катышкан ар кандай акы төлөнүүчү санариптик оюндарга катышууну билдирет.

«Онлайн оюн экосистемасы», анын аныктамасына ылайык, электрондук спорт платформаларын колдонуп, видео агымдарын же видео материалдарды бөлүшүү аркылуу башка адамдардын видео оюндарынын жүрүшүн көзөмөлдөөнү камтыйт, алар адатта көрүүчүлөргө комментарий калтыруу же оюнчулар жана башка аудитория мүчөлөрү менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат[92].

---

[90] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[91] ЮНИСЕФ жана ЭЭУ (2015), Балдарды онлайн режиминде коргоо боюнча тармактык көрсөтмөлөр, https://www.itu.int/en/cop/Documents/bD_Broch_INDUSTRY_0909.pdf.

[92] UNICEF (2019), Child Rights and Online Gaming: Opportunities & Challenges for Children and the Industry, https://www.unicef-irc.org/files/upload/documents/UNICEF_CRBDigitalWorldSeriesOnline_Gaming.pdf.

***Ата-энелик көзөмөл куралдары***

Мындай куралдар колдонуучуларга (адатта, ата-энелерге) интернет менен байланышта боло турган компьютердин же башка түзүлүштүн кээ бир же бардык функцияларын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген программалык камсыздоо. Адатта, мындай программалар сайттарга же онлайн кызматтардын айрым түрлөрүнө же категорияларына интернет мүмкүнчүлүгүн чектөөгө мүмкүндүк берет. Айрымдарында убакыт орнотуулары бар, башкача айтканда, түзүлүш белгилүү бир убакыт аралыгында гана интернетке туташып тургандай кылып конфигурацияланат. Жакшы версиялары аппараттын жардамы менен жөнөтүлгөн же алынган бардык тексттик билдирүүлөрдү жазууга мүмкүндүк берет. Эреже катары, мындай программалар сырсөздөр менен корголот[93].

***Ата-энелер жана камкорчулар***

Интернеттеги бир катар сайттарда ата-энелердин жалпыланган шилтемеси бар (мисалы, «ата-эне баракчасында» же «ата-эненин көзөмөлү»жөнүндө). Ошондуктан, балдардын жана жаштардын интернет-сайттарды коопсуз жана жоопкерчиликтүү пайдаланышын камсыз кылуу менен бирге, балдарга интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу пайдаланууга мүмкүнчүлүк бере турган, ошондой эле аларга конкреттүү интернет-сайттарга кирүүгө макулдугун бере турган адамдарды аныктоо максатка ылайыктуу болмок. Бул документте «ата-эне» термини бала үчүн юридикалык жактан жооптуу болгон ар кандай адамды (тарбиячыдан башка) билдирет. Ата-энелердин жоопкерчилик деңгээли, ошондой эле мыйзамдуу ата-энелик укуктар ар кайсы өлкөлөрдө ар башка.

***Жеке маалымат***

Бул термин онлайн режиминде чогултулган адам жөнүндө жекече аныкталган маалыматты билдирет. Ага толук аты-жөнү, үй дареги жана электрондук почта дареги, телефон номерлери, манжа издери же бетти таануу маалыматтары, камсыздандыруу номерлери, же физикалык, же виртуалдык байланышка кирүү, же адамдын жайгашкан жерин аныктоо үчүн башка маалыматтар кирет. Бул контекстте, жеке маалымат, ошондой эле интернет провайдерлери тарабынан онлайн режиминде чогултулган бала жана анын айлана-чөйрөсү жөнүндө ар кандай маалыматты, анын ичинде Интернет жана интернет буюмдары бар оюнчуктарды жана интернет байланышын колдонгон башка технологияларды билдирет.

***Купуялуулук***

Купуялуулукту онлайн режиминде жеке маалыматты жайылтуу, социалдык тармактарда ачык профилдин болушу, интернеттеги бейтааныш адамдар менен маалымат алмашуу, купуялуулук жөндөөлөрүн колдонуу, досторуңузга сырсөздөрдү берүү, купуялуулукту сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүү менен баалоо сейрек эмес[94].

***Секстинг***

Секстинг, адатта, сүрөттөрдү, билдирүүлөрдү же видеолорду камтыган өз колу менен түзүлгөн сексуалдык контентти жөнөтүү, алуу же уюлдук телефондор жана/же Интернет аркылуу

[93] ЮНИСЕФ жана ЭЭУ (2015), Балдарды онлайн режиминде коргоо боюнча тармактык көрсөтмөлөр, https://www.itu.int/en/cop/Documents/bD_Broch_INDUSTRY_0909.pdf.

[94] US Federal Trade Commission (1998), Children's Online Privacy Protection Act, https://www.ecfr.gov/cgi-bin/text-idx?SID=4939e77c77a1a1a08c1cbf905fc4b409&node=16%3A1.0.1.3.36&rgn=div5.

бөлүшүү катары аныкталат[95]. Көпчүлүк өлкөлөрдө балдардын сексуалдык сүрөттөрүн түзүү, жайылтуу жана сактоо мыйзамсыз. Балдардын сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрү тараган учурда, чоңдор аларды көрбөшү керек. Чоңдорго балага сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү көрсөтүү ар дайым кылмыштуу аракетти билдирет; мындай сүрөттөрдү балдар арасында жайылтуу зыяндуу болушу мүмкүн; мындай окуялар жөнүндө кабарлоо керек; мындай сүрөттөрдү жок кылууга жардам керек болушу мүмкүн.

***Сексуалдык опузалоо, же балдарга карата сексуалдык опузалоо***

Сексуалдык опузалоо – бул «сексуалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, акчаларды, же башка жыргалчылыктарды опузалап алуу максатында ошол адамдын өз колу менен түзүлгөн сүрөттөрүнүн жардамы менен шантаж кылуу (мисалы, сүрөттөрдү социалдык тармактарга жайгаштыруу аркылуу)» дегенди билдирет[96].

***Интернет буюмдары***

Интернет буюмдары коомду жана экономиканы санариптештирүүнүн кийинки кадамы болуп саналат, мында адамдар менен объектилердин өз ара байланышы байланыш тармактары аркылуу ишке ашат, ошондой эле алардын абалы жана айлана-чөйрө тууралуу маалымат берилет[97].

***URL***

URL - “uniform resource locator”, б.а. « ресурстун универсалдуу көрсөткүчү – интернеттеги баракчанын дареги[98].

***Виртуалдык реалдуулук***

Виртуалдык реалдуулук - бул компьютердик технологиянын жардамы менен объекттер мейкиндигинде үч өлчөмдүү дүйнөнүн эффектин реалдуу түзүү[99].

***WI-FI***

Wi-Fi («Wireless Fidelity») – «зымсыз берүүнүн жогорку тактыгы») – зымсыз тармактар боюнча маалыматтарды берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган техникалык стандарттардын жыйындысы.

---

[95] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[96] Terminology and Semantics (2016), Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[97] Ntantko (2013), The Internet of Things, Digital Single Market, https://ec.europa.eu/digital-single-market/en/internet-of-things.

[98] ЮНИСЕФ жана ЭЭУ (2015), Балдарды онлайн режиминде коргоо боюнча тармактык көрсөтмөлөр, https://www.itu.int/en/cop/Documents/bD_Broch_INDUSTRY_0909.pdf.

[99] NASA (date?), Virtual Reality, online under: https://www.nas.nasa.gov/Software/VWT/vr.html.